ИМАНАЛИЕВ С.С.

«МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ АДАМ БОЛМУШУ



Бишкек - 2014

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

ИМАНАЛИЕВ С.С.

«МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ АДАМ БОЛМУШУ

MAXPRINT

Бишкек - 2014

УДК 398
ББК 82.3 (2Ки)
И 50

И.Арабаев атындагы КМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими менен басмага сунушталды.

Жооптуу редактор:
философия илиминин доктору, профессор **Ж.Б.Бөкөшов**

Рецензенттер:
философия илиминин доктору, КР-нын илимине эмгек сиңирген ишмер, проф. **М.Жумагулов**
тарых илиминин доктору, проф. **Т.А.Абдырахманов**
философия.ил.канд. , доцент **С.Абдрасулов**
философия.ил. канд. , доцент **Н.К.Асанбеков**

Иманалиев С.С.
И 50 «Манас» эпосундагы адам болмушу. – Б.:. 2014. - 110 - б.

ISBN 978-9967-04-558-3

Китепте «Манас» эпосундагы адам болмушунун чагылдырылышы, болмуш кырдаалдарындагы адам типтеринин ишмердүүлүктөрү, адамдын дайындалышы жана адамдын жан дүйнөсүнүн имманенттик маңызы талдалат.

Китеп жогорку окуу жайларынын студенттерине, мугалимдерине, илимий кызматкерлерге, ошондой эле адам болмушунун сырларын түшүнүп, өз болмушун таап, болмушун ачууга кызыккан атуулдардын баарына арналат.

И 4604000000-14

ISBN 978-9967-04-558-3

УДК 398
ББК 82.3 (2Ки)
© Иманалиев С.С., 2014

АЛГЫ СӨЗ

Кыргызстандын эли эгемендүүлүктүн жылдарында социалдык-экономикалык, маданий, рухий-нравалык кескин өзгөрүүлөрдү башынан өткөрүп, жашоо болмушунун жаңы шарттарынан улам жаралып жаткан маселелерди өз алдынча чечкенге өттү. Ар бир калк, улут тарыхтын жаңы доорунда өзүнүн өткөн-кеткенин, бүгүнкү ал жайын, эртеңки максат-тилегин кылдат талдап, өйдө-ылдыйын баалап, туура жол, айкын багыт тандоодо басып өткөн болмушунан өрнөк, рухий таяныч издеп турган учур. Уюткулуу элдин акыл-эс, рух дүйнөсүнөн жаралган маданий мурасы «Манас» эпосунда адам болмушунун сырларын үйрөнүү, анын бүгүнкү заманга шайкеш келген орчундуу, баалуу жактарына философиялык анализ берүү зарылдыгы келип чыкты.

Азыркы учурда коомдун чиеленишкен абалында мурунку социалдык көз караштардын, адеп-ахлактык жүрүм-турум нормаларынын алмашуусу, кыргыздардагы муундар аралык маданий-тутумдук байланыштардын бузулушу адамдын нукура болмушу жөнүндө түрдүү логикалык конструкцияларды жаратып, инсан рухий дөөлөттөрдүн болмушу тууралуу ойлонот. Демек, субьектинин болмуш проблемасы өзгөчө маанилүү, ал адамдын дүйнөдө алган ордун, турмуш жолун аныктоонун зарылдыгын коюп жатат. Ушул өңүттө инсандан чыгармачыл интеллектуалдык өзгөчөлүгү дүйнөдөгү өз болмушун туура түшүнүүгө багытталып, өткөндүн маданий-руханий мурасын терең өздөштүрүү аркылуу болмуштун терең сырларын түшүнүп, аларды өзүнүн ички дүйнөсүнө айландыруу менен адамдык дүйнөсүн өзгөртө да, өнүктүрө да билүүсү маанилүү.

Цивилизациялык мейкиндиктеги жана социалдык убакыттагы адам болмушунун диалектикасын өздөштүрүү жагдайы кыргыз элинин байыртадан бери келаткан этно-философиялык, этикалык, эстетикалык мурастарынын, нарк насилдеринин изилдениши коомдун өткөөл мезгилине ылайык келүүдө. Мындай шартта энциклопедиялык «Манас»

эпосунда болмуштун түркүн урунтуу жактары камтылып, эпикалык аң-сезимде туюнтулуп, туулуп өскөн Ата-журт, Мекен, Эл, Жер үчүн элдин башынан өткөргөн кайгылуу окуялар, коомдук кыйын кырдаалдар, каармандардын турмушу, адам типтери аркылуу кеңири сүрөттөлөт.

Ар бир этнос, эл, улут көптүгүнө же аздыгына карабастан, басып өткөн катаал тарыхында мезгилдин оор, азап-тозоктуу сыноолоруна бетме-бет кездешет. Коомдо Чакырыкка болгон Жоопту адам болмушу уюштураары мыйзамдуу көрүнүш. Философ, социолог А.Тойнбинин пикири боюнча тарыхтын мүнөзүнүн башатын табияттык же коомдук Чакырык аныктайт. Дүйнөнүн тарыхында Чакырыктын сыноосуна туруштук бере албаган этностор, элдер жок болуп кетишкен. Ушул багытта коомдук Чакырыктар жараткан адамдык болмуштун маани-маңызын философиялык реконструкциялоо эгемен Кыргызстандын калктарынын маданий мурастарынын, каада-салттарынын, улуттар аралык мамилелеринин өнүгүшү, коомдук болмушунун түзүлүшүнүн иликтелиши менен байланышкан.

Кыргыз элинин турмушунун өнүгүшү дайыма эле алгалоо, бийикке көтөрүлүү менен мүнөздөлбөйт. Сандаган кылымдарды басып өткөн элдин турмуштук бай тажрыйбасынын алдыга карай өсүп өрчүшүнөн улам түзүлгөн руханий дөөлөттөр, баалуулуктар системасы болочоктогу эгемендүү элдин социомаданиятынын көрөңгөсүн түптөгөн. Ушундан улам «Манас» эпосундагы адам болмушу менен учурдагы адам болмушунун маселелерин тарыхый-салыштыруу аркылуу, кыргыздардын көчмөн турмушунун оор кырдаалдарындагы болмушун эс-акылдын элегинен кылдат өткөрүп, эпостун тексттеринде катылган маалыматтарды, рухтун архетивдик коддорун, философиялык рефлекциянын деңгээлинде иликтөө эң маанилүү болуп саналат.

I БӨЛҮМ. АДАМ БОЛМУШУН ФИЛОСОФИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

1.1. «Манас» эпосундагы адам болмушун философиялык чечмелөө

Адамзаттын тарыхында цивилизациялардын жаралуусу даңгыраган түз шыдыр жолдор менен эмес, өтө татаал кыйынчылыктар менен курчалып, азаптуу жана кубанычтуу аракеттер менен коштолуп, этностордун жана улуттардын мезгил сыноосуна туруштук берүүсүнүн күбөсү жана далили катарында узак жолду баскан. Цивилизациялардын пайда болуусу менен кошо жаралган элдик рухий маданияттын дөөлөттөрү, адам болмушунун дүйнөдөгү маани-маңызы, дүйнөнүн элеси, адамдын ички дүйнөсүнүн өзгөчөлүктөрү, адамдык баалуулуктардын ченемдерин түзүшөт. Цивилизациянын келип чыгышын изилдеген окумуштуулардын көз карашында, цивилизация бул же тигил элдин, улуттун эрки менен тандалып алынбайт. Ал тарыхтын катаал Сынак-чакырыгына Жооп болуп саналат.

«Манас» кыргыздардын руханий маданияттынын көөнөрбөс эстелиги. «Манас» эпосу океандай көлөмүнө байыркы цивилизациянын руханий жетишкендиктерин жана эпикалык терең мазмундагы адам болмушун чагылдырган ажайып, асыл көөнөргүс мурас. Кыргыз эли ошол маданий дүйнөнүн мураскору жана анын улуу рухий кенчинин ээси.

Болмуш проблемасы философтор тарабынан үзгүлтүксүз изилденип келе жатат. Дүйнөнү философиялык түшүнүү өз кезегинде мындай онтологиялык маселени коёт: Болмуш деген эмне? Дүйнө кантип ушундайча түзүлүп калган? Адам баласы ушул дүйнөдө кантип жашап жатат, кандай жашашы керек эле? Коом өзгөрүп жаңы жол тандаган мезгилде адам болмушу, анын жашоо турмушунун түпкү маани-маңызы тууралуу идея, ой-түшүнүктөр өзгөчө баага арзыйт.

Философия илиминин тарыхында болмуш маселеси ар кыл багытта, мүнөздө, мааниде талдалып, чечмеленип келе жатат. Онтология өзүнчө тармак катары болмуштун сырларын изилдейт. Антикалык грек жана рим философиясынын өнүгүшүндө, алгачкы онтологиялык идея-ойлор, окуулар пайда болуп калыптана баштаган. Парменидин «Есть», Платондун «Софист» аттуу философиялык эмгектеринде болмуш маселеси коюлуп, аны аныктап билүүгө аракеттер жасалат. Парменидде болмуш - бул ой, ой - бул болмуш. Демокриттин атом жөнүндөгү окуусу менен катар эле, антропологиялык философия да акырындап өрчүүгөн. Протагордо «адам бардык нерселердин ченеми»[1], айтылуу Сократ философия жаратылышты эмес, адам маселесин изилдөөсү керек деп эсептеген.

Платондун окуусунда болмуш «идея», Аристотельде болсо «энергия» болмуштун жалпы формаларынын маңызын билдирген. Платондо «идея» жекелик менен көптүктүн, бытие менен бытие эместин, кыймыл менен кыймылсыздыктын карама-каршы биримдиги болуп саналат жана ушул биримдик ар кандай өзгөрүүлөрдүн булагы. XIX-кылымдагы немец философу Г.Гегель Платондун «идеясын» андан ара өнүктүрүп, болмуш менен ойломдун биримдиги жөнүндөгү обьективдүү идеалисттик окууну түзөт.[2]

Орто кылымдарда онтологиялык маселелер Кудайдын болмушу тууралуу маселе катары түшүнүлөт. Жаңы мезгилдин онтологиясында болмуш Г.Лейбницте -«монада», классикалык немец философиясынын баштоочусу И.Канта «идея-принцип». Гегельде «абсолюттук идея», ал эми Ницшеде «бийликке эрк».

Марксисттик философияда онтологиянын ордун диалектика ээлейт. К.Маркстын тарыхый материализмде адамды тарыхтын жаратуучусу, түзүүчүсү катары эсептейт. Ал адамдын социалдык маңызын ырастоо менен адамды коомдук мамилелердин жыйындысы катары караган. К.Маркс «... адамдардын аң-сезими алардын бытиесин белгилебестен,

---

[1] Платон. Чыгармалар. 3-томдук. М.: Мысль. 1969. -Т. 2. - С, 238.

[2] Гегель Г.В.Ф. Энциклопедия философских наук. -Т. 1. Наука логики. М.: 1974.

тескерисинче, алардын коомдук бытиеси алардын аң-сезимин аныктайт»[1] деп баса белгилеген. Коом менен адамдын коррелятивдик мүнөзүн белгилеп, коом адамды адам катары өндүрүп чыгарса, өз кезегинде адамдар коомду «өндүрөт» жана курат.

XX кылымда онтология тармагы өзгөчө өөрчүп өнүктү. Болмуш Гартманда иликтене турган эң акыркы нерсе, М.Хайдеггерде болмуш Dasein - бул адам жашоосунун ыгы, жолу. М.Хайдеггер философиянын башкы милдети «болмушту улоо» (охота за бытием) болуп саналат деген. Ойчул болмуштун сырларын улоого чыгат. Ошондон улам философ бар менен жокту, жакшылык менен жамандыкты ж.б.у.с. улай болмуштун жашыруун табышмактарын изилдеп, аны аныктап таанып билүүгө умтулат.

Француз философу А.Камю адамдын болмуш проблемаларына экзистенциалдык мамиле жасап, адамды конкреттүү кырдаалда жашоо абалынан карайт да «..эмгектенип жашоо өмүр сүрүүгө татыйбы же татыбайбы деген пикирге тыянак чыгаруу философиянын негизги маселесине жооп берүү болуп саналат» дейт.[2] Адамдын жашоосуна маани-маңыз ыйгаруу философиянын негизги милдети, максаттуу жашаган дүйнө гана жеке адамдын жашоосун маңызга каныктыра алат.

Экзистенциалдык философиянын ыгынан караганда маңыз категориясын бар болуу категориясы сүрүп чыгарат же тескерисинче болушу мүмкүн. Адам бар болуудан кийин, адамдагы адамдыкка ээ болуу үчүн өзүнө кам көрүп, өзүн түзүүгө киришет, бирок бардык учурда эле андай эмес. Адам болмушунда бар болуу маңыздан алдыга озгон учурлар кездешет. Мезгилдин Сынак-Чакырыктарындагы кыйын кезеңдерде адамдык ырасталбайт, башкача айтканда адамдын болмушу жаңыдан курула баштайт. Мында адамдык маңыз, субьектидеги адамдык бул адам болмушунун курулушунун

---

[1] Маркс К. Энгельс Ф. Саясий экономияны сынга алууга карата. // Тандалган чыгармалары. 1-том. Фрунзе. 1983. 566-б.

[2] Камю А.Миф о Сизифе. // Бунтующий человек. М.: 1990. С.24.

аныктыгы болуп эсептелет. Бар болуу жана маңыз түшүнүгү, адам болмушу менен дүйнөнүн болмушун чагылдырат. Алардын мазмуну эки жактуу. Биринчиден маңыз, бар болуудан алдыда жүрөт. Маселен, эр адамдын буюмдар дүйнөсүнө төмөндөгүлөр кирет; жоокердик курал жабдыктары жана анын энчилүү аты, күшү, ити ж.б. Мындай буюм-тайымдарсыз киши, эр болуп эсептелбейт, маңыз бар болуудан ар дайым алдыда болуп турат. Экинчиден, болмушта адам баласы төрөлөт, эр жетет, карыйт. Демек, адамдык бара-бара маңызга ээ болгондо гана эр адам болуп жетилет.

Адам болмушун социалдык тарыхый өзгөчөлүктөрү марксисттик философиянын түшүнүгүнөн алганда, адам турмушунун маңызы жана тарыхы алардын бар болуусунан алдыга озуп кетпейт, элдердин белгилүү тарыхый маданий түзүүчүлүгүнүн кырдаалдарында гана калыптанат.

XX-кылымдагы орус философу Н.А.Бердяев философиялык окуулардагы адам болмушу жөнүндөгү маселеде, болмуш адам аркылуу жана адамда гана ачылат дейт.[1] Мындай корутунду адам болмушунун обьективдүүлүгүн жана андагы адамдын тарыхтын субьективдүү түзүүчү экендигин көрсөтөт. Адамдын ойлому болмуш койгон проблемаларды чечүүгө багытталат жана ага жооп издейт.

Швейцариялык окумуштуу Э.Агацци адамды философиялык таанып билүүнүн предмети катары карап: «биздин мезгилдеги философиянын тапшырмасы адам болмушун далилдөө болуп саналат» деп белгилейт[2].

Адам болмушунун проблемасы XX-кылымда экзистенциализм, феноменология, герменевтика, иррационализм жана башка философиялык багыттардын ири философтору тарабынан тереңдетилип изилденди. Орус окумуштуулары В.Вернадскийдин, Н.Федеровдун, В. Соловьевдун ж.б, ошондой эле советтик философтор И.Т. Фроловдун, Б.Григорьяндын, З.М.Какабадзенин,

---

[1] Бердяев Н.А. Адамдын дайындалышы жөнүндө. М.: 1998.С. 24-25.

[2] Адамдагы адамдык жөнүндө. И.Т.Фроловдун жалпы редакциясында. // Агацци Э. Адам философиялык таанып билүүнүн предмети катары. М.: 1991. - С. 79.

П.С.Гуревичтин, М.Субботиндин ж.б. эмгектери жарык көрүп, жаңы мазмун мүнөздөгү философиялык идеялар, көз караштар жаралат.

Философия илиминин тарыхында ойчулдар болмуш категориясын өздөрүнүн ойлом системасынын башаты катары колдонушкан. Грек тилинен которгондо «онтология» бытие, болмуш жөнүндөгү окуу дегенди туюнтат. Илимге термин катары XVII-кылымдын башында Р.Гоклениус тарабынан киргизилген. Адам жашоосунун өзгөчөлүгүн түзгөн болмуштун үч чени белгилүү: 1). Ал заттардын арасындагы сезимдүү «зат» (дене) 2). Табияттын өнүгүүсүнүн белгилүү баскычында пайда болгон Homo sapiense өкүлү 3). Адам социалдык тарыхый жандык. Адам болмушу табигый-биологиялык, руханий менен социалдыктын биримдигинен түзүлөт.

Онтологиялык теориялар ар башка түрдө болгону менен алардын өзөгүн түзгөн идея-проблемалар булар - дейт философ Ж.Бөкөшов: « бар менен жокту, чын менен жалганды, нагыз менен алдаманы (бытие и небытие, нечто и ничто, подлинное существование и неподлинное существование) кантип ажыратып, талдап түшүнүш туура?»[1]. Демек, онтологиянын тарыхы болмушка илик салуунун жана идея-концепциялардын түзүлүүсүнүн да тарыхы.

Кыргызстанда адам болмушун изилдөөдө төмөндөгү аталган эмгектер: Б.Аманалиевдин «Кыргыз элинин философиялык ойлорунун тарыхы», А.А.Алтмышбаевдин «Революцияга чейинки Кыргызстандын коомдук-саясый жана философиялык ойлорунун өнүгүшүнүн тарыхынын очерки», Е.Маловдун «Байыркы түрк жазма эстеликтери», В.В.Бартольддун «Кыргыздар», С.М.Абрамзондун «Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектери», Ө.Караев, К.Жусуповдун «Кыргыздар», В.В.Радловдун «Түндүк түрк урууларынын элдик адабияттарынын үлгүлөрү», Ч.Валихановдун «Тандалган чыгармалары», В.М.Жирмунский «Манасты» үйрөнүүгө киришүү», М.О. Аузовдун «Манас»

---

[1] Бокошов Ж. Неизбежность онтологии. Жалалабат. 2004. С. 42-43.

кыргыз элинин баатырдык поэмасы ж.б.у.с. эмгектер баштапкы булак катары кызмат өтөштү.

«Манас» эпосуна ар кыл илимдердин салаасынан изилдөө иштери жүргүзүлгөн жана улантылып да келатканын эч танууга болбойт. Манастаануучулар классикага айланган эпостун мазмун тексттериндеги байыркы кыргыздардын дүйнөтаанымына дүйнөгө көз карашына, анын мифтик катмарына, анын тарыхый катмарындагы элдүүлүк жана мамлекеттүүлүк ж.б.у.с. проблемаларынын изилденишине өзгөчө маани берип келишкен.

Кыргыз элинин миңдеген жылдар аралыгында коштоп келе жаткан синкреттүү дүйнөкөрүүм, түшүнүмдөрүндө болмуш жөнүндө айтылган идея, ой-түшүнүктөрдүн элдик аңсезимден орун алганы байкоого болот. Болмуштун көрүнүштөрү ойлорго сиңип, болмуш элдин рухий дөөлөтүн жараткан. Алардан элдик фольклордо уламыштар, кенже жана чоң эпостор жаралган. Алып көрсөк, «Бүгүн көргөн эртең жок», «Ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет», «Батар күндүн атаар таңы бар», «Жел желпинте соккон менен таң мезгилсиз ата койбос» ж.б.у.с. философиялык дүрмөттөгү ой-пикирлерде турмуш ойду, ой турмушту болжойт.

Кыргыз элинин коомдук философиясында болмуш проблемасын изилдөө багытындагы иштер жакынкы мезгилдерден бери колго алынып, улуттук философияда болмушту проблемалык аспектиде изилдөөдө А.Аманалиевдин. А.Салиевдин. Ж.Бөкөшовдун, Ш.Б.Акмолдоеванын, А.Абдрасуловдун, Н.Асанбековдун ж.б. эмгектери жана илимий макалалары жарыкка чыккан. Аталган окумуштуулар болмуш категориясына көбүрөөк көңүл бурушкан. Алсак профессор Ж.Бөкөшов: «бытиени «барлык» деп котордук, ошондой эле «болмуш», «болум» деген сөздү урунуп жүрөбүз. Негизи «бытиеге» түпкү маанисин орнотуп, тазалап колдонсок «турмуш» туура келмек. «Өт-мүш»(прошлое) «жаз-мыш»(судьба) ушул катарда «тур-муш» болуп жаткан, турган бар нерсени туюнтат»[1] деп баса белгилеп өтөт.

---

[1] Бокошов Ж. Неизбежность онтологии. Жалалабат. 2004. С.-54.

Биз болмуштун исламда жана Теңирчиликте кандай бааланып, талдалып келгенине назарыбызды салалы. Исламда болмуштун башталышы жана анын акыр аягы болот. Дүйнөнүн ээси жараткан Алла, ал түбөлүктүү, боорукер, кайрымдуу жана бардыгын билүүчү кудай. Алла бир жагынан күчтүү жана коркунучтуу моюн сунбагандарды жазалайт, экинчи жагынан кечиримдүү жана мээримдүү динге моюн сунгандарды ар дайым колдоп, эки дүйнөдө тең сый-урматка бөлөйт.

Жаш окумуштуу, философ Н.К.Асанбеков Орхон-энесай жазма эстеликтеринин материалдарынын негизинде киши болмушунун проблемасын алгачкы жолу философиялык жактан илимий чечмеледи.[1] Болмуш категориясы Н.Асанбековдун изилдөөсүндө Теңирчилик таанымда эки ыкмада: «ээ болуу» (иметь) жана «болуу» (быть) ыгында аныкталат. Мындай корутунду түрк жана кыргыз этносторунун Теңрчиликти эки башка түшүнгөндөрүнөн жана Теңрге жетүүнүн эки башка жолу тандалып алынгандыктан улам келип чыккан. Ошондой эле Н.К.Асанбеков «Манас» эпосундагы айрым кубулуштардын себебин, өзгөчө жан менен дененин өз ара мамилелерин Теңирчилик таанымы аркылуу түшүндүрүүнү рационалдуу деп табат.

Белгилүү манастаануучу жана маданият таануучу, философ Ш.Б.Акмолдоева философиялык башат ирээтинде, байыркы кыргыздардын аалам тууралуу дүйнөкарашын, дүйнөтүшүнүмүн, адамдын генезисин жана өнүгүшүн, адамдын руханий дүйнөсүн изилдеген.[2] Ошондой болсо дагы жогоруда аталган окумуштуулардын эмгектеринде «Манас» эпосундагы адам болмушунун көптөгөн урунттуу жактарына, адам типтерине, адамдын ички дүйнөсүнө (рухий болмушу), жашоонун маңызына ж.б. маселелерге атайын философиялык анализдөө иштери жүргүзүлгөн эмес.

«Манас» энциклопедиясынын негизинде болмуш маселесине концептуалдуу анализ жүргүзүү аркылуу адам

---

[1] Асанбеков Н.К. Орхон-Энесай жазма эстеликтеринин философиясы. Жалалабат. 2002.

[2] Акмолдоева Ш.Б. «Манас» ааламы. Бишкек. «Илим» 2003. 160-б.

болмушунун проблемасын кыргыз илимий мейкиндигиндеги чечилишин өткөн дооpлордун дүйнөкөрүүмүндөгү болмуштун өзгөчөлүктөрүнө байланыштырып аныктоо, аны тарыхый философиялык иликтөөнүн предметине айландыруу учур талабына ылайык келет.

Манастаануу илиминде «Манастын» качан жана кайсы доордо, кандай шарттарда пайда болгон деген суроого али чечкиндүү жооп бериле элек. Алардын айланасында кызуу талаш-тартыштар, илимий божомолдор, кызыктуу далилдөөлөр бүгүнкү күнгө чейин кызуу уланылып келет. Ошентсе да, «Манас» эпосунун изилдениши «тарыхый» жана «логикалык» багыттарда болгонун эске алсак. Биринчисинде ал реалдуу адам, ал жашап өткөн доор жана коомдук түзүлүшү далилденүүгө тийиш болсо, экинчисинде адам жашоосунун маңызына тиешелүү маданий коддор, ой-түшүнүктөр жана идеялардын калыптанышы жана өнүгүшү изилденет. Аталган багыттар боюнча изилдөө иштери окумуштуу манастаануучулардын мүмкүнчүлүгүнө, кесибине жана даярдыгына жараша изилденилип келе жатат.

Кыргыздар дүйнөнүн эң байыркы элдеринин катарына киришет. Алар азыркы Борбордук жана Орто Азиядагы элдер менен тыгыз алака түзүү менен б.э.ч. 201-жылы туулгандыгы тууралуу «күбөлүк» алышканы тарыхый факты болуп саналат.[1] Учурда өткөндөгү тарыхый тажрыйбаны, элдик маданий мурастардагы болмуштун сырлары казып изилдөө өткөөл замандын талабына ылайык келет.

«Манасты» дүйнөнүн башка элдеринин эпосторунан бөтөнчө айырмаланган өзгөчөчөлүктөрү анын байыркы дүйнөнүн миң жылдап созулган узун тарыхы менен өтө тыгыз учташып тургандыгы жана ушундай тарыхый өңүттөн карай келип, акыркы кезде «Манас» эпосунун мазмунун, маңызын түзгөн эпикалык окуяларды окумуштуулар жети катмар, жети мезгилге бөлүп жүрүшөт:

1. Хунн жана гунн доору (б.э.ч. XVII, биздин эранын V-кылымдары)

---

[1] Бартольд В.В. Кыргыздар. Тарыхый очерк. // Чыг. Т. - 4. М.: 1963. - 475- б.

2. Байыркы түрк жана кыргыз доору (V-IX кылымдар)
3. Кара-кытай жана караханид доору (X-XII кылымдар)
4. Монгол доору (XIII к)
5. Алтын Ордо жана башка хандыктар мезгилиндеги окуялар (XIV-XVI кылымдар)
6. Жунгар жана ойрот-калмак доору (XV-XVIII кылымдар)
7. Соңку кошулган кошумчалар (XIX-XX кылымдын башы)[1]

Аталган биринчи мезгил гипотезалык мүнөздө, экинчи мезгилден биздин күндөргө чейин аралыкта эпос ишенимдүү материалдар, салмактуу аргументтер менен негизделген учурлар кездешет. Буд жерде тактык болуш үчүн X-кылымдан баштап дастан кыргыздардын тарыхын түздөн-түз чагылдыра баштаган деп ишенимдүү айтууга болот. Кыргыз элинин тарыхында тукум курут болуп жок болуп кетүү коркунуч кырдаалдары уламдан улам кайталанган, болуп да келген. Маселен ага кийинки эле, соңку тарыхта болгон 1916-жылдагы Үркүн окуясы сыяктуу кыргыздар чабылып, чачылган каар заман элдин эс тутумуна өлбөс өчпөс из калтырган.[2] Үркүн кыргыз элинин тарыхый кырдаалдар менен бетме-бет кезиккен адам болмушунун мазмунун чагылтып көрсөткөн тарыхтын кандуу баракгарын түзөт.

«Манас» эпосунун элдүүлүк проблемасын талкуулаган Бүткүл союздук илимий конференциянын (1952-жыл. 6-10 июнь. Фрунзе шаары) материалдарына негизденсек, анда кыргыздарга каршы кыйраткыч жортуулдар тарыхта бир эле жолу эмес, бир нече жолу болуп өткөнүн аларга VII-VIII кылымдарда түрктөрдүн, IX-X кылымдарда кара кытайлардын, XI-XII кылымдарда Чынгыз хандын, XV-XVII кылымда жунгарлардын ж.б. баскынчыл жортуулдары көрсөтүлөт.[3] Ошентип жогорудагы жети катмар, бирок да толук изилденбеген окуялар камтылып, «Манас» тарыхты

---

[1] Молдобаев И. «Манас» кыргыздардын тарыхый-маданий эстелиги. Б.: Кыргызстан. 1995. -62-б.

[2] Үркүн.1916. Тарыхый даректүү очерктер. Б.:Усенбаев К.У. Восстание 1916 года в Киргизии. Ф.: 1967.

[3] Манас энциклопедиясы. 1-китеп. Б.: 1995. -305-320-б.

чагылдырган руханий болмуш, рух күзгүсүнө айланган өткөндөгү элдин үнү, элдик чыгарма.

Биздин илимий талкуубуз кыргыз элинин маданий мурастарындагы адам болмушунун маселелерине арналгандыктан, академик А.А.Алтмышбаевдин «фольклордон көптөгөн муундардын үнүн «угууга» жана «көрүүгө» боло тургандыгын кыраакылык менен белгилегендигин»[1] эске алсак, анда болмуш категориясынын жарыгында басып өткөн тарыхтагы кыргыздардын татаал турмушун, адам болумунун өзгөчөлүктөрүн чечмелөөгө болот.

Сынчы жана окумуштуу А.Медетбеков «Манастын» келип чыгышын болгологон тарыхчы, филологдордон айырмаланып «эпостун башталмасы болгон баатырдык жомок-мифтердин өзүнчө пайда болушу, VI-VIII-кылымдарга барабар. Мүмкүн ал, эпикалык чыгарма катары калыптанбаса да, келечекте эпос өнүгүп чыкчу түйүлдүк ушул учурдан башталган чыгаар» деп белгилейт. А.Медетбеков көптөгөн божомол, илимий байкоолор, тарыхый фактыларга ылайык келгендей «Манас» эпосунун чыгыш мезгили деп IX-X кылымды эсептеген.[2]

Болмуш философиянын илик салган орчундуу проблемасы катары адам баласына болмуш толук ачылбаган табышмактуу дүйнө. Аны мына таптым деп, көрсөтүш текебердикке тете. Адамдар тиричиликке аралашуу менен кээде өзү таңданган, кээде өзү кооптонгон болмушту таанып билүүгө кызыгат. Болмушту адам ой толгоолор, жан дүйнөсү аркылуу чагылдырып өздөштүрүүгө умтулат.

«Манастын» муундан муунга, кылымдан кылымга айтылып келишинин сыры, ар бир тарыхый доордогу элдин турмушу чапкын, үркүн, жортуулдарга туш келип, адамдын өмүрү жана өлүмү менен коштолуп, кошок жана керээз жанрынан башталып, элдик трагедияны, оор жоготууну чагылдырып, элдик эс тутумду ар дайым ойготуп, жаңылап,

---

[1] Алтмышбаев А.А.Революцияга чейинки Кыргызстандын коомдук-саясый жана философиялык ойлорунун өнүгүшүнүн тарыхынын очерки. Фрунзе. «Илим». 1985. 84-б.

[2] Медетбеков А. Художник жана көркөм чындык. Фрунзе. 1989. // «Манас» эпосунун жаралышынын маселесине карата. 152-153-бб.

таланттуу ырчылардын өнөрү аркылуу толукталып, баатырдык эпопея жаралган. М.О.Ауэзов «Манас» эпосунун алгачкы негизин керээз, кошок жанры түзөт[1] деген ойду баса көрсөткөн. Эпостун негизин дүйнө-адам мамилесиндеги адам болумунда «архивделген» кошоктордун баатырдык жанры түзөт.

«Манас» эпосунда Борбордук жана Орто Азия элдеринин тарыхы жана маданияттарынын өз ара куюлушу, өтмө катар байланыштары, бири-бирине өтүүлөрү көрүнөт. Эпостун материалдарында архаикалык, мифопоэтикалык. мифтик диалектикалык, философиялык рефлекциялар, философемалар эпикалык дүйнөдөгү адам болмушунун маани-маңызын чагылдырышат.

«Манас» эпосун изилдөөчүлөр К. Матиев, Т. Карымшаков эпостун тексттин философиялык феномен дешип, бийик баа беришкен.[2] Текст - адам болмушунун жалпы жана жеке элементтеринин курамынан турган реалдуулук, айтуучуга (манасчыга) жана окурманга багышталган кабар, катылган маалымат. Мында манасчы менен угармандын мурунку муундар менен кийинки муундардын ортосундагы биринен-бирине өтүп келген руханий-тексттик ачкычты тапмайынча эпосту толук түшүнүү мүмкүн эмес. Эпостун тексттерине тереңдеп кирүү үчүн кылдат даярдык талап кылынат. Кийинки доордун изилдөөчүсү тексттеги маани-маңызды терең түшүнүү үчүн контексттеги, подтексттеги адам болмушунун ыгын жана өзгөчөлүктөрүн «туюусу» зарыл.

Изилдөөчү өзүнүн таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүгүндө тексттен маалымат эле албастан, аны түшүнүүгө да аракеттенет. Түшүнүү табияты боюнча эки жактуу, бир жагынан таанып-билүүчү субьекттин белгилүү коомдук абалын, билим деңгээлин жана кызыгууларынын багыттарын билдирсе, экинчи жагынан изилденүүчү обьекттин табияты жана түзүлүшү, анын өзгөчөлөнгөн спецификалык мүнөзү менен шартталат. Түшүнүүнү үйрөнүү герменевтика илиминин

---

[1] Ауэзов М. «Манас» кыргыз элинин баатырдык поэмасы. М.: 1961. 61-б.

[2] «Манас» энциклопедиясы. 2-Том.Б.:1995. 257-б.

предмети болуу менен негизги милдети өткөн дооpлордогу адамдардын рухий дүйнөсүн изилдөө жана классикалык тексттерди түшүнүүнүн методун калыптандыруу болуп саналат. Изилдөөчүлөрдүн туура жыйынтыкка келүүсүндөгү түшүнүүнүн терең маанисин философ жана психолог А.А. Брудный « түшүнүү ой жүгүртүүнүн баштапкы феномени» болорун баса белгилейт.[2] Окумуштуу тексттердин маанисин философиялык талдоодо, түшүнүүнүн үч деңгээлин: 1). тарыхый 2). символикалык 3). илимийлигин көрсөтөт. А.А. Брудныйдын текстти талдоо ыкмасын мында ары эпостун тексттеринин маанисин түшүндүрүү иштерине колдонобуз.

«Манас» үчилтигинде Баабедин (Бахауддин) аттуу легендага айланган адам аты кездешет.

1). Тарыхый. Баабедин (Бахауддин) Бухаранын жанындагы кыштакта 1313 жылы туулуп, 1380 жылы өлгөн. Ал дыйкан болгон.[1]

2) Символикалуу. Ал Орто Азия элдеринде касиеттүү адам катары сүрөттөлүп адамдар ага түрлүү кырсыктан, жамандыктан кутулуу үчүн тилек тилеп, Баабединге атап курмандык чалышкан. Манастын Аккуланы буудайга алмашып алышында, Баабедин дыйканчылыктын пири катары көрсөтүлүп, тексттик материалдарда кездешет:

Баабедин ата көзүмүн,
Бар жандарды тойгузган
Баабединдин өзүмүн.[2]

деп баатырга мол түшүм алуусуна жардамдашат. 3). илимий. «Баабедин» жалпысынан алганда адамдардын ойломундагы жашаган мифтик түшүнүк, атап айтканда ойломдун предметинин кызматын аткарат. Ушундай эле салыштырууну «Манас» деген улуу түшүнүктүн дал өзүнө колдонсок туура болот.

Биз тарыхый логикалык талдоону андан ары улантуу менен Манасты түшүнүүнүн үч деңгээлине да токтололу;

---

[2] Брудный А.А Наука понимать. Б.1996.23–б.

[1] Хусеин Карасай уулу. Камус наамадан жороп. Б.: 1992.15-б.

[2] Манас.Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. 2-китеп. 174-б.

1). Тарыхый. Белгилүү тарыхчы Ө. Караев Сейф-ад-Диндин XVI-кылымдын башында жазылган «Маджму-ат-таборих» (Тарыхтардын жыйнагы) аттуу китебинин тексттеринин мазмунуна таянсак, Манасты тарыхый инсан катары эсептейт.[1] Ошондой эле орус тарыхчысы С.Кляшторный кыргыздардын улуу мамлекеттүүлүк мезгилиндеги кол башчы Тапу Алп Солду Манас деп атайт.

2). Символикалуу. Манас бул Азия, Европа, Америка материктерине байыртадан эле кеңири тараган ысым, термин, түшүнүк, ыйык сөз, топонимдер сыйып турган символдуу феномен. Кыргыз Республикасынын жогорку сыйлыктары, эл аралык аэропорт, ат майданы, облус, ЖОЖдор жана башкаларга Манастын аты символикалык мазмунда ыйгарылган. Кенже эпостор анчалык символикага ээ эмес. «Манас» эпосу адам болмушунун архетиби, символу.

3). Илимий. Байыркы Индия философиясында Манас «акыл, эс» санкрит тилиндеги негизги түшүнүктөрдүн бири: кабылдоонун жана таанып билүүнүн ички органы, анын жардамы менен ой жүгүртүү келип чыгуучу жөндөмдүүлүк. «Манас» коомдун рухий болмушунун пайдубалы жана маданияттагы феномен.

«Манас» энциклопедиясында кыргыз этносунун болмуштун баатырдык жолун тандап алгандыгы, акылмандуулук менен кулаалыны таптап куш кылып, курама жыйып журт кылгандыгы эпостун бардык эпизоддорунда чагылдырылат.

Биз бул эмгекте «Манас» эпосунун материалдарын философиялык талдоо аркылуу кыргыз элинин дүйнө таанымында, маданиятында адам болмушу кандай бааланып, илик салынып келгенин талдоого алабыз. Эпосто берилгендей, /Ок жетпеген ат камда/, /Ок өтпөгөн тон камда/ делип, байыркы кыргыздар киши дүйнөсүнүн камын көрүшүп, аны жакшыртып курууну ойлошот. Адам болмушунда

---

[1] Караев Ө. Ранние сообщения о Манасе. //Эпос «Манас» и эпическое наследие народов мира. Б.:1995. С. 32-33.

камкордуктардын жасалышы адам мүмкүндүктөрүнүн ачылышын шарттайт.

Ар бир изилдөөчү «Манас» эпосунун келип чыгуусунун терең себептерине кайрылуу аракети мыйзамдуу зарыл көрүнүш. Албетте «Манастын» жаралышына тарыхый кырдаал жана кыйын кезеңдер себеп болгонун танууга болбойт. Англиялык тарыхчы, философ Арнольд Тойнбинин (1889-1975) тарыхтын келип чыгышын түшүндүргөн окуусунда тарыхтын кыймылынын булагы деп, табигый же коомдук Чакырыктарды атаган. «Чакырыктарсыз» тарыхтын болушу мүмкүн эмес. «Чакырыкка» «Жооп» беришкен этностор мейкиндиги аныкталган чакан маданияты, цивилизацияны түзүшөт. Коомдук Чакырыктардын жок болушу, өз кезегинде өсүп өнүгүүнүн стимулдарынын жок болушун билдирет. А.Тойнби өнүгүүнүн стимулдарын эки түргө: табият чөйрөсүнүн стимулуна жана адам чөйрөсүндөгүлөрдүн стимулуна бөлөт.[1]

Маданият жана цивилизация түшүнүктөрү айрым изилдөөчүлөр тарабынан бирдей эле мааниде колдонулат. Цивилизациянын пайда болушун изилдеген окумуштуулардын көз карашында, цивилизация бул же тигил элдин же улуттун эркн менен тандалып алынбайт. Цивилизация тарыхтын катаал Чакырыгына Жооп (Вызов и Ответ) берүү болуп саналат. А.Тойнби колдонгон тарыхтын философиясында ар бир цивилизация өзүнүн өнүгүшүндө бирдей стадияларды басып өтүшөт: туулуш, өсүш, бузулуу, кыйроо, өлүш. «Манас» эпосундагы окуялар мындай стадияларда болуп өтөт: туулуш - Манастын төрөлүшү, эр жетүүсү, Каныкейге үйлөнүшү; өсүш - Көкөтөйдүн ашы, Манас элдик баатыр; кыйроо, бузулуш - аштан чыккан ички жана тышкы конфликттер, жети кандын чатагы; өлүш - Чоң казат, Манастын жана анын чоро, черүүлөрүнүн өлүмү.

Жашоо ар бир адамдын, этностун тарыхтагы басып өткөн жолу. Адам болмушунун түмөн түйшүктүү татаал жолунда адамдын тарыхый жалпылыктары; урук, уруу, этнос, эл жана

---

[1] Тойнби А. Постижение истории. Сборник. М.: 1996. С. -100.

улут түрдүү сыноолордон өтөт. Тарыхтын сыноосу өткөн турмуштун менен эле токтогон жок, ал бүгүнкү адамдын жалпы эле улуттун коомдук болмушу аркылуу улантылып жатканын тааануу дегеле мүмкүн эмес. Тигил же бул элдин Чакырыкка кайтарган Жообу, алардын өз эркиндигин, азаттыгын тандоо жолу. Чакырыктын мүнөзүнө, талабына Жооптун шайкештиги болмуш ыгынын жолун, багытын аныктайт. Жыйынтыгында Чакырыкка кайтарылган Жооптун мүнөзү, алардан жаралган адам типтери, алар туткан жашоо баалуулуктарын да аныктай алат.

Биз бул монографияда өзгөчө белгилеп кете турган «Чакырык» категориясы толук түшүнүктүү болсун үчүн, аны түзмө-түз которбой маанисине карап, Сынак-чакырык категориясы деп колдонсок туура келет. Адамзаттын тарыхында Сынак-чакырыктын сыноосуна туруштук бере албаган этностор да болушкан. «Манас» эпосунда мындай абалдарды « тоо бузулуп сай болуп, сай козголуп тоо болуп», катаал мезгилдерде аты калып өзү жок, сайда саны кумда изи калбай эчендеген уруулар, этностор жоголууга дуушар болушкан. Мындай катаал кезеңдерде бабалар өмүрдү өтөөнүн кыйын тар тайгак жолун, кызыл бороон кыйкырык чууга толгон, эрдин жолун тандоого туура келген. Адам болмушунда Сынак-чакырыктын сыноосуна туруштук берген элдер эпосто «элүү жылда эл жаңы, жүз жылда болуп жер жаңы, бабаңардан уруктап, биз экенбиз бер жагы» делип сүрөттөлөт. Демек алардын соңунда уруучулдук жана бир туугандык, жалпы жана жеке максаттар, багыттар, адамдын болмуш ыкмасын өзгөрүүгө жана жаңылануу дуушар кылган.

Баатырдык эпостун материалдарында Сынак-чакырыкка катышкан кырдаалдарга негизинен согуштук эпизоддорго көбүрөөк орун берилет жана Ата Мекенге байланышкан окуялар кирет:

1). Алоокенин кыргыздарды чабышы. Кыргыздардын Ала-Тоодон сүрүлүшү.

2). Жаш Манастын Кочкуну, Чоң Дөөдүрдү. Жолойду, Каман алпты жеңгени.

3). Кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого келиши.

4). Көкөтөйдүн ашы. Мааникер.

5). Чоң Казат.

Этноско ташталган Сынак-чакырык - Жооп болгон процессте адам табигый жана адам чөйрөсүндөгүлөрдүн катаал таасирине тез-тез кабылып туруулардан улам, кишилер ар кандай Сынак-чакырыкка зарыл Жоопту берүүгө турмуштук аракеттерди жасайт, коомдогу адам болмушун аман алып калууга, алдыга дагы бир баскычка көтөрүлүүгө жана өсүп-өнүгүүгө бүтүндөй жанын күч-кубатын жумшайт. Сынак-чакырык элдин болмушта өзүн аныктоого умтулган тарыхый кыймылы, кыйналуусу. Ар бир маданият адамдын болмуш ыгынан жаралат жана адамдын тарыхтагы дайындалышын чагылдырат. Коомдук түрткүлөрдүн да түрлөрү кездешет.

Кыргыздардын атагы алыска кеткен ханы Каракандын көзү өткөндө кытайлардын Молто, Алооке аттуу кандары көп кол менен келип, кыргыздарды чаап алат да, кыргыздардын чогуу турганы биз үчүн кооптуу деп, ар тарапка бөлүп жиберишет.

Олжо кылып оңбогур,
Беш көкүлдүү кыз алды.
Талдын баары сулатты,
Тамдын баарын кулатты
Такыр чаап алды эми.[1]

Ыр саптарында душмандардын чабуулу кыргыздардын башына түшкөн эң оор, эң кыйын мезгилди тастыктайт. Калың эл чабылып, чачылып тарыхта жок болуп кетүү коркунучу каптап турат. Мындагы «тал», «там» салыштырмалуу адамдын туруктуу мейкиндигинин ажырагыс, ыйык кичинекей бөлүгү кыйрайт, адамга «акыр-такыр» заман келип, жеке киши эле эмес, журт башына балээ, оор мүшкүл түшөт. Адамдын микрокосмосу кыйрайт. /Бирөөнү айда Каңгайга/, /Бирөөнү айда кара калмак Алтайга/ делип, кыргыздар айдалып, сүрүлүп куугунтук жейт. Кыргыздардын ордосу бүлүндүргүч чабуулдардан улам кыйрайт. Адамдын рух дүйнөсүнө бүлүк, тополоңдун түшүшү менен адам бүлүк-талоондун эпицентрине

[1] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. 1-китеп. -27-б.

айланат.[1] Адам рухунун бүлүнүүлөрү анын жүрүм-турумунда, сезимдеринде жана бүткүл жан дүйнөсүндө орун алат. Тарыхый мезгилдин кыйын кезеңдеринде кара жанды сактоо үчүн, кишиде өзүн-өзү сактоо инстинктери ойгонот. Душмандары кайраттууларын кармап өлтүрүп, калган элге киши чыдагыс кордукту жана төлөй алгысыз салыкты салышат.

Өкүрүп турат кайран журт,
Өз жанын өзү кыя албай.[2]

Мында адам өлүм менен жок болуп кетүүнүн чеңгээлинде турат. Күтүлбөгөн Сынак-чакырык кыргыздарды ыңгайсыз абалга таштайт, адам болуунун башкача ыгын тандоону талап кылат. Ордо таланган кыйроо мезгилинде жеке керт башты ала качуу, баш калкалап кетүү эрдикке жаткан эмес. Элдин сүрүлүшү азапка батып жан багуу менен коштолгон жашоо ыгы кишинин өзүн да өзгөрүүгө дуушар кылган.

Баатырдык эпостун алгачкы окуяларында кыргыздар сырткы баскынчыл күчтүү душмандар тарабынан чет жактарга тентип сүрүлсө, Чоң Казатта чоролорун, кандарды жана аскерин жоготуунун трагедиялуу тарыхы баяндалат. Кишинин болмуш менен бетме-бет учурларын, өмүр менен өлүмдүн тынымсыз күрөшүн чагылдырган ыр саптары арбын.

Өлүп калсак кокустан
Бир чуңкурга тололук.
Тирүү болсок баарыбыз,
Бир дөбөдө бололук.[3]

Мында киши өлүмү кокустук, адамга айтып келбейт, ал эми тирүүлүк адамдын өсүшүнүн зарыл шарттары катары болмуштун чендерин көрсөтөт. Эпикалык мааниде чуңкур түшүнүгү, төмөнкү караңгы дүйнөнү, дөбө жогорку дүйнөнү, жарыкчылыкты туюнтат. Бир түшүнүгү, баш кошууну жана жамааттык биримдикти сактоону билдирет. Болмушта

---

[1] Тойнби А. Постижение истории. Сборник. М.: 1996. С. 294.
[2] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. 1-китеп. -31-б.
[3] Манас. Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант. -1-китеп.-70-б.

атуулдар ар дайым биримдүүлүк, камкордукту жогору баалап барташканы байкалат.

Эпосто бир тарабынан Сынак-чакырыктар кара-кытайлардын чапкыны, элдин кыйналышы, экинчи жагынан болмушта өмүр менен өлүмдүн кезектешүүсү, кошмок мүнөздөгү кырдаал түзүлөт. Катаал жана кыйын учурда эмне кылуу керек? деген суроо коюлуп, кишилер аларга жооп да, жол да, амал да издейт. Жашоо үчүн коштолгон күрөш менен катар эле, адам рухунун өсүүсү, жаңылануусу башталат. Жол азабы, душмандын кордуктары жандан өтөт. Сынак-чакырык процессинде кишинин таанымы мурункудай эле абалда калбастан, салыштырмалуу алдыга карай жаңы баскычка көтөрүлөт. Сынак-чакырыктарга Жооп кыймылында башка мейкиндиктеги адам турмушунун жүрүшүндө, адам аралык жаңы мамилелер жаралат.

Кара кытай, манжуудан
Баш батаар жайын тапты эми,
Эчкинин тоңгон майын жеп,
Минтип жанын бакты эми
Чалдыр-булдур сүйлөшүп,
Үйүр алышып калды эле.[1]

Жергиликтүү жашоочулардын тилин, салттын, көз карашын билбестик, ошондой эле сүрүлүп келгендерге каршы касташкандык, аргасыз келген кыргыздарды бүткүл күч-кубатын жумшап айланасындагы элдердин арасында коомдогу болмушун аныктоого, бекемдөөгө мажбурлайт. Ата конушунан ажырагандарга басынтуу стимулунун таасири алардын өнүгүүсүнө түрткү берген. Кыргыздардын бардык таяныч-дөөлөттөрүнөн ажырашы, душмандардын басынтуу, кемсинтүүсү алардын башын бириктирип, эркиндикке жетүүсүнө түрткү берет. Тарыхта бир элди, экинчи элдин басып алуусу жана эзүүсү адам болмушундагы эң оор шарт, тынымсыз ич ара күрөшүүдөн көз каранды эместикке жетүүдө стимулдоочу фактор болуп саналат.

Кечүүгө тиккен бак да жок,

---

[1] Манас. Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант. 1- китеп. 15-б.

Керсейип жатаар чак да жок.
Сегиз тогуз жыл болсун,
Жан аябай турушуп
Аябай жанды багалык.[1]

Мында башка табигый чөйрө, калмактар жана өздөрү менен өздөрү «маңдай-тескей» дисгармонияларда болуп, адам руху кастык карама-каршылыктардан бүлүнөт. Рух болмушундагы бүлүүнүн кесепетинен улам атуулдар Сынак-чакырыктан чыгуунун аракеттерин жана өз алдынча өсүүнүн жолун издешет. Адамдык болмуштун тез өзгөрүлүп кетүүсү, адамды көнүмүш адаттарынан жатыркоосуна түрткү берет. Адамдын жашоосу кайгылуу жана убайымдуу күндөр менен чиеленет. Жооп этностун аң-сезиминин өөрчүшүндөгү ачыктык, тиричилик сыноосунун элегинен өтүп, адам рухунун жаңылануусу жаңы жалпы жамааттык биримдиктин, ынтымактын, биримдүү максаттарын иштелип чыгышын шарттайт. Жамааттык кыйроодо мурунку болмуш ыгынын бузулушу, дүйнөнү жана адамдык болмушту таанып билүүдөгү мурдагы көз караштар иргелип, талдалып этносто жаңы дүйнөкөрүүм, дүйнө түшүнүм акырындап калыптанып, аларды руханий алып жүргөн жаңы типтеги субьект жаралат.

Алла таала кудурет,
Жан жараткан ар кандай.
Эркин экен талаасы.
Бөрсө деген бир жан бар,
Курсагынан бөрсөңдөп,
Чыгып турат баласы.
Киши кийик, тоо кийик,
Адырында көп экен.[2]

Эпостогу этнос тиричиликтеги табият чөйрөлөрүнүн айырмалуу типтерин салыштыруу менен алардын ар түрдүү стимулдоочу импульсту алып жүрөрүн жана чөйрөнүн жашоо үчүн ыңгайлуулугуна эмпирикалык баамдоо аракеттери байкалат. Байыркы кыргыздар сүрүлүп барган аймакта түрдүү

---

[1] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. 1-китеп. -37-б.
[2] Манас. Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант. 1-китеп. -15-б.

жан-жаныбарлар кезигет. "Бөрсө"- азыркыча-"кеңгуру" дегенди билдирет. Менимче "бөрсө" жаныбардын байыркы аталышын, "кеңгуру" кийинки аталышын берет, маниси бала салына турган табигый баштыгы курсак тушунда жайгашкандыктан, алыстан көргөндөргө бөрсөйүп, кеңейип (кең-курсак) көрүнгөнүнөн улам аталса керек. Биз мындан байыркы кыргыздар жашоо кечирген табият чөйрөсүндө кеңгуру сыяктуу жаныбарлардын бар болгонунан маалымат алабыз.

Адам болумундагы чарбалык жана күнүмдүк керектөөлөрү, аларды табиятты да тереңден таанып билүүгө жана өздөштүрүүгө түрткөн.

Кырсыкты чечсе Жараткан,
Дардайышып жатасың.
Алып койгон эмгектин
Табагын тайга сатасың
Эмгек кыл, балдар эмгек кыл,
Акыңды эмгек кайтарат
Арыганың семирет,
Ачкан курсак тоюнат![1]

Аталган текстте ата конушунан ажыраган кыргыздар Акбалтанын акылы менен Алтайда аштык айдап эмгектенишип, капанын көбүн жоюшуп, кара курсактары тоюнат. Адам болмушунда кырсыкты чечүүчү башкы күч болгон эмгектин ролу жогорку деңгээлде берилген. Баатырдык эпосто эмгек темасы кеңири сүрөттөлөт. Эмгек жана эмгектенүү процесси адам болмушунун негизин түзгөн фактор. Адам болмушундагы мал-жан багуу, там-тарак салуу, үй-бүлө күтүү жана башка керектөөлөрүн канааттандырууда негизги каражат эмгек менен өнөр болгон.

Калмак, кытай, манжуу журт
Каарын салып уз алды...
Акыр-такыр заманды
Журт башына салды эми. [2]

---

[1] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. 1-китеп. -15-б.
[2] Ошондо. 27-б.

Мындай басым стимулдары багынган этносторго салынган сыноо, оор кыйноо болгон. Эпосто субъектинин экзистенциясы аркылуу ошол тарыхый дооpлордогу адамдын алаң, кайгы тартуулары тексте таасын сүрөттөлөт. Чет жердиктердин баскынчылыгы адам болмушундагы эң башкы баалуулук этносту эркиндиктеринен ажыратат. Тексттерде адамды кордоонун, баш ийдирүүнүн жана жок кылуунун күч алгандыгы терең баяндалган. Байыркы кыргыздар башка этностордой эле өз ара кандаш, туугандык байланыштарды тутунат. Өз бир туушкандарынын зордук зомбулук менен ажырап кетишин, зор жамааттык кыйроо катарында кабылдашканы көрүнөт. Жоонун чапкыны кыргыздарга Сынак-чакырык таштайт. Таланып туш тарапка чачыраган кыргыздар кырылып жок болуп кетүү кырдаалдарында тарыхый Жооп кайтаруу аркылуу этностук өмүрүн өжөрлүк менен улантууга алга карай умтулушат.

Соккулардын стимулу да адамдын чөйрөсүнүн стимулуна кирет. "Сокку канчалык оор болсо, стимул да ошончолук күчтүү" формуласы чыныгы тарыхый мыйзам.

Күздүн күнү болгондо,
Түтүнгө асый салганы,
«Түгөтөмүн азыр!»- деп
Түк койбой жыйып алганы.[1]

Эпостун тексттерин талдасак, душмандардын кордугу жылдын төрт мезгилинин ичинде жүргүзүлгөнү баяндалат. Этноско өткөн турмушундагы эгемен эркиндиги элестеп, көргөн кордуктары адилетсиздик катары таанылат.

Жазга маал болгондо,
Жалдуу байтал мингизбейт...
Кыштын күнү болгондо,
Кыздан алым баштады.
"Кызды кантип бердик" – деп
Көзүнө кан аралаш жаш толуп,
Ата-эне ыйлап жатканы. [2]

---

[1] Манас. Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант. 1-китеп. 10 - б.
[2] Ошондо. 10-11-б.

Кишинин жан башынан алым алуу эң оор, өтө кейиштүү болуп, кишинин жан дүйнөсүн куруткан. Душмандын зордугу, ичтен чыккан кызды алымга тирүүлөй берүү, адамды адамдык намыстан ажыратып, акыры кулга, күңгө айлантмак.

Кыргыз маданиятында бала менен кыздын орду баалуулуктар дүйнөсүнөн кеңири орун алып, алар туурасында руханий дөөлөттөр иштелип чыккан. «Кыздын кырк чачы улуу», «тамакты таттуу кылган туз, алысты жакын кылган кыз» дагы ж.б.у.с., кыздын табигый аруулугуна, асылдыгына, балага караганда алсыздыгын, эне катары улуулугун, жар катары өмүрлүк жолдоштугун б.а., адам болмушунун бардык баскычындагы орду, милдети, өз ара мамилелери көрсөтүлгөн. Көчмөн дүйнөдөгү үй-бүлөнүн бүтүндүгү, биримдиги ата-бала, эне-кыз, бир туугандык мамилелер ыйыктыкка айланган. Адам жамааттык жан катары болмушта этностун өз өкүлүн «өндүрүүгө» багытталгандыгы жашыруун сыр катары подтексте айтылат.

Адам турмушунда Сынак-чакырык жана стимул мыйзамынын өз ара мамилеси компенсация мыйзамы менен байланышат да, биринин аракетин экинчиси чектейт.

Азып келдик алыстан,
Ушу турган калың журт
Бир ырысы бар экен.[1]

Мында «ырыскы» түшүнүгү элди ичер суусу, көрөөр күнү, насиби, бак-таалайы бар экендигин ырастайт. Алтайда бөтөн этностордун арасына барып күн кечирген кыргыздар, душмандарынын кордугунун күчтүү болгонуна карабастан, жаңы жерлердин табияты алардын байып, күтүрөгөн мал, мүлктөрдү күтүшүнө ылайыктуу келет.

Жер кыдырып Ат-Башыга келаткан Манастын Ысык-Көл тууралуу айтып турганы:

Жердеген адам бай болчу,
Көлүндө ырыс бар экен.
Эгем берер ырыскы.[2]

---

[1] Манас. Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант. 1-китеп. 37-б.
[2] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. 1-китеп. -63-б.

Башкы каармандын сөзүнүн сынында «көл» ырыскы топтолгон сакралдуу аймак, жердеген адамдар бай жана бардарчылыкта болушат. Ырыскыны Эгем (Теңир) тартуулайт, ырыскы адамдын күч-кубаты жана дөөлөтү. Текстте ырыскы адегенде табият көрүнүштөрүнө ыйгарылып, алар аркылуу адамдарга берилет. Адам баласы табиятты ээрчип жашайт, ошондуктан табият көрүнүштөрү жер, суу, тоо, таш, көл ыйык саналган.

Табият жана социалдык чөйрө башталышынан Сынак-чакырык шекилдүү эки жактуу, этностор аталган чөйрөлөрдүн кайсынысына таштalбасын же ыңгайсыз болбосун, адамдар баары бир башка чөйрө тарабынан компенсацияланат.[1] Сынак-чакырыктар көп кырдуу болгондуктан, этностордун өсүп өнүгүүсүнүн жолдору да буйткалуу жана ары татаал. Айрым учурлардагы таштalган чакан Сынак-чакырык адам өмүрүн, анын ар намысын талап кылып, алсыратат. Эпосто сырткы Сынак-чакырыктардын кыйраткыч күчү Алоокенин басып алуусу трагедия менен коштолуп, кыргыз этносунун сүрүлүшүнө, кыйналуусуна алып келсе, кийин Манас төрөлүп, эр жетип, анын үй-бүлө күтүшү менен аяктайт. Сынак-чакырык жеке эле Манасты жаратпастан, жоону сайды эр сайды, аты калды Манаска делгендей жанында жанын кыяр кырк чоросу, акылдашар Кошой, Бакайдай акылмандарын жаратты. Эл жараткан баатыр кыйын кырдаалдарда бышып жетилип, эл журтунун башында турат.

Көкөтөйдүн ашында Сынак-чакырыктын күчү элдик баатырды жетилтет. Салттуу коомдо ашты өткөрүү жооптуу да кооптуу да жөрөлгө болгон. Кара калмак, манжуу журту нөкөрлөргө кордук көрсөтүшүп, от кемегесиндеги эттi каалашынча талап жейт, кордук көрсөтөт, калың эл дагы бир жолу азап-кайгыны тартышат.

Көкөтөйдун ашы экен
Башы жок бурут эл эмес.
Көк жал Манас башы экен.[2].

---

[1] Тойнби А. Постижение истории. Сборник. М.: 1996. С. 141-142.
[2] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. 2-китеп. -37-б.

Манас кайраттуу күчү менен дөөгүрсүгөн душмандарын тартипке чакырып, баш ийдирет. Манастын табиятында ашты белгилүү тартипте өткөрүү, Мааникерди душман колуна тарттырып жибербөө, балбан күрөш, эр сайыш, жамбы атыш, ат чабыш ж.б. оюн зооктордо, күч сынашууда кыргыздар башка этностордун ичинде өздөрүн аныктоого жасаган иштеринде, эрдик жорук-жосундарында көрүнөт. Көкөтөйдүн ашынын жүрүшүндө ата уулдарынын эрдиги жана шердиги, коркоктугу жана чоркоктугу, балбандыгы жана чогоолдугу, топуктуулугу жана соргоктугу ж.б. жеке жана жалпы адамдык жүрүм-турумдагы касиеттердин социомаданий нормаларын чагылдырат.

Демек «Сынак-чакырык» мезгилдин өзгөрүүсүнө байланыштуу, табигый же социалдык кооптуу тышкы жана ички курч кырдаалдардын пайда болушун, анын мазмун, белгилүү багыт боюнча өсүшүн туюндурган түшүнүк. «Жоон» адам инстинктеринин, рухунун ойгонушу, жашоо үчүн күрөшүүдө эрдик аркылуу, элдин эркин тандоосунун көрүнүшү, өзүн-өзү аныктоого умтулган кубаттуу каршылык кыймылын билдирген түшүнүк. Жоон элдердин Сынак-чакырыкка кайтарган рухий болмушунун реакциясын мүнөздөп турат.

Сынак-чакырыктардын таасиринен жаралган адам рухундагы бүлүнүүлөр активдүү чыгармачыл жоопту берет. Жан дүйнөсү бүлүк түшкөн бийик адам руху Сынак-чакырыктан чыгуунун жана өз алдынча өсүп-өнүгүүнүн Жообун да, жолун да издейт. Чыныгы Жоон чыгармачыл мүнөздө болуп, ал адамдарда рухий күч катары аракеттенет. Адамдык болмуштун ыгын Сынак-чакырык менен Жоон түзөт, адамдын болмушу жана жан дүйнөсү бүлүнгөндө, адамдык рух өзүн өзү колго алат. Сынак-чакырыкка адамдар тарабынан кайтарылган Жоопто, тарыхтын жана маданияттын мүнөзү, элдин табияты жана адам типтери аныкталат. Адам болмушундагы Сынак-чакырык жана Жоопто адам феномени жаралат.

Ар бир этнос, улуттар басып өткөн болмушунда мезгилдин Сынак-чакырыктарына бетме-бет кездешет. Сынак-чакырыкка

Жооптун кайтарылышында бүтүндөй адам болмушунун уюштурулушу менен катар эле салттык баалуулуктары түзүлөт. Акыл-ой байлыктарын түзүүдөгү элдин ролу жөнүндө М.Горький: « Эл материалдык мүлктөрдү түзүүчү күч гана эмес, ал руханий байлыктардын жападан жалгыз жана түгөнгүс булагы, чыгармачылыктын көркөмдүгү менен гениалдуулугу, доору боюнча бардык улуу поэмаларды, жердин бардык трагедиясын жана алардын ичинен эң улуу бүткүл дүйнөлүк маданияттын тарыхын түзгөн биринчи философ жана акын»[1] деп таамай белгилеген.

Маданият таануучулар «Манас» эпосун элдик оозеки чыгармачылыкка киргизет. Манас изилдөөчү М.Борбугуловдун «Манас» бир доорго эмес, көп доорго таандык чыгарма, ал бири-бирин алмаштырып турган көптөгөн муундун чыгармачылыгынын негизи»[2] деген оюу абдан таамай айтылгандыгын көрсөтүүгө болот.

Дүйнөлүк эпикалык чыгармаларда реалдуу тарыхый адам менен мифтик каармандардын образынын биригиши типтүү салттык көрүнүш. Манастын адепки мифологиялык образынын реалдуу тарыхый адамга өтүп, анын трансформацияланышы жүрөт. Манастын трансформацияланган жаңы образы өзүнө « эрдик кайратты менен кара күчү аскердик демократия мезгилинин идеалына дал келген кебелбес баатырдын белгилерин жана тарыхый жактан андан бир кыйла кийинки, алгачкы феодалдык доордун эпикалык өкүмдарынын белгилерин бириктирген образ».[3] Анын эволюциялык мындай өнүгүшүн Р.З.Кыдырбаева кыскача төмөндөгүдөй схемада көрсөткөн: « эпосто эпикалык баатырдын алгачкы образы асман кудайлары менен байланышкан...Мезгилдин өтүшү менен кудайдын баласы өзүнүн алгачкы эпитети «алпка» ээ болот. Образдын эволюциясынын кийинки уламасында «алп», «баатырга» орун бошотот. Өз кезегинде «баатыр» эпитети феодалдык өз ара

---

[1] Горький М. Адабият жөнүндө. М.: 1953. 48-б.

[2] Борбугулов М. «Манас» эпосу: башаттар, эволюциясы. Б.: 2004. 188-б.

[3] Жирмунский В.М. Тюркский героический эпос. Л.: 1976. С.-54.

мамилелер калыптанып жана өнүгүп жаткан доордогу, кийинки эпикалык формасы - жаңы эпитет - «канга» трансформацияланат[1]. Биз «Манас» эпосунун башаттарына, эволюциясына кандай гана шарттарда кайрылбайлы, жыйынтыгында адам феномени чагылдырылат.

Тарыхчылардын арасында Манастын прототибин табуу аракеттери токтой элек. А.Н. Бернштам Орхон-енисей тексттериндеги Яглакар канды Манастын прототиби катары көрсөткөн. Бирок, ал белгилүү тюрколог С.Е.Маловдун илимий конференциясынан кийин, Суджи жазмасын которууда туура эмес түшүнүк бергендиги аныкталган.[2]

Кыргыз элинин кылым баскан узак татаал турмушу, табияттык жана коомдук Сынак-чакырыктардын сыноо талаасына туруштук берген адам феноменинин калыптануусуна түрткү болгон. Феномен маданиятта калыптанган адамдык идеал. Теңирчилик идеологиясын терең изилдеген адис Ч.Өмүралиев «Алмамбетиң да Манас, Чубагың да Манас, Бакайың да Манас, баары Манас. А тургай Коңурбай, Агыш, Түкүбайың да Манас»[3] деп, өткөн доордун маданияттындагы адам феноменинин калыптанган учурун белгилеп өтөт.

Манас феноменинде айкөлдүк, эрдик, ар намыстуулук, калыстык, сабырдуулук, антка бектик, мекенге жанын курмандыкка чалган туруктуулук, адамгерчилик, акылмандуулук ж.б. адамдыктын эң мыкты сапаттары ширелген.

Коомдук маданиятта ар бир доорго таандык, калыптанган адамдын типтери, түрлөрү кеңири кездешет. Совет доорунда коомдук түзүлүштү түп тамырынан бери өзгөртүүнүн натыйжасында адамдын жаңы тиби түзүлгөн. Мисалы; совет адамы, советтик жазуучу, социализмдин куруучусу, комсомол, ветеран ж.б.у.с. Кыргыз маданият таануусунда да алдыңкы интеллигенциясынын өкүлдөрү тарабынан адам түрлөрү: улуу

---

[1] Кыдырбаева Р.З. Генезис эпоса «Манас». Фрунзе. С. 94-95.

[2] Манас энциклопедия. 2-китеп. Б.: 380-б.

[3] Чоюн Өмүраалы уулу. Теңирчилик. Б.: 1994. 66-67-бб.

жазуучу Ч.Айтматовдо «маңкурт»,[1] философ А.Исмаиловдо «держиморда»[2] ж.б. А.Исмаиловдун пикири боюнча СССРди күм-жам кылган душман да, кризис да эмес, мамлекеттик чиновниктердин дал өздөрү болушкан.

Азыркы коомдун өткөөл мезгилинде адам менен коомдун, инсан менен мамлекеттин тагдыры чечилип жаткан жооптуу учурларда бийликте турган адам тибинен коомдун болмуштун кай тарапка багыт алаары, кандай болоору толук көз карандылыкта тургандыгы талашты туудурбайт. Маданияттын философиясы адамдын дүйнөкөрүүмүн, болмуш маселелерин чечкенге киришет. Манас феномени болмуштун Сынак-чакырыктарына Жооп берген каармандын жана адамдын, адамдык болмушту ачууга умтулган адам тибинин долбоорун элестетет. «Манас» эпосу адам болмушундагы мезгилдин (тарыхтын) «Сынак-чакырыкка» болгон «Жооптун» ажырагыс байланышы аркылуу болмуш сырлары таанылып билинет.

«Манас» эпосунун тексттеринде жашырылган «маалыматтарды» түшүнүү менен биз, муундар арасындагы үзүлгөн мамилелерди калыбына келтирүүдө маданий белгилердин баалуулуктарына өзгөчө маани ыйгарабыз. Алар аркылуу кийинки муундардын да адамдык болмушун куруусуна көмөк берүү зарыл. Учурдун адамы коомдогу өз болмушун, ордун тапканга умтулууда.

«Манас» эпосу элди тукум курут болуп жок болуп кетүү коркунучун, ар дайым элдин аң-сезимине салып эскерткен жана элдин тарыхый дүйнөтаанымын чагылдырган чыгарма. «Манас» кыргыз элинин болмушунун уюштурулушун адам феномендери аркылуу сүрөттөгөн улуу эпос.

Адам болмушунун өтмүштөгү, учурдагы, келечектеги орун ала турган ордунун актуалдуулугу улуттук эле эмес, планетардык ой жүгүртүүнүн чабытын талап кылып жатат. Адамдын өз болмушун табуусу, коомдук иш аракеттердин таасирдүү натыйжалары улуттун алга жылышына салым

---

[1] Айтматов Ч. Чыгармалар.3-том. Фрунзе. 1983. 115-б.

[2] Исмаилов А.И. Философия духа кыргызского народа. Б.: 1994. С. 178-181.

кошуу болуп эсептелет. Учурдун субьектиси тажрыйбага ээ болгондуктан анын максаты адамдык болмушту таанып билүүгө, аны курууга багытталат.

Манастын образы элдик маданиятта жетик адамдын иштетилген, калыптанган жана жаңыланып түзүлгөн идеалы. Кыргыздардын тарыхый маданий ойлому адам болмушундагы адам феноменин Манастын образы аркылуу чагылдырат. Киши болуш үчүн ар дайым адамдыкты ырастап, кам көрүлүшү керек. Жөн койсоң аракет жумшалбаса адамдык өзүнөн өзү урайт, кулайт. Жеткилең киши болмуштагы «чыныгы эмес» бар болууну токтотуп, чыныгы жашоого кам көрөт, жетик адам коомдук болмушту уюштурууга киришет. Коомдук Сынак-чакырыкка жанын курман кылуу менен күрөшүү Манастын жеке баалуу сапаттарын ачып, аны жетик адам кылып жаратты.

Жакыптын өзүнүн аялы Бакдөөлөт, Чыйырды болсо анын агасынын аялы. Бай Жакып каада-салтты бекем карманып жеңесине баш байлайт, Чыйырды болочоктогу баатырды төрөйт. Элдик каада салттар дүйнөкөрүүмдүн, руханий дөөлөттөрдүн аз да болсо баалуулуктарын алып жүрүшөт. Эпостун көркөм дүйнөсү адамдык сапаттарды алып жүрүшпөгөн, ата уулдугу жагынан жетилбеген, түркөй каармандарды сындайт, акыр аягы эл тарабынан жазаланышат. Кыргыз элинин рухий болмушу Манастын феноменин негизинде түзүлгөн. Себеби өткөн доорлордогу тарыхый кырдаалдарда субьекттин ички рухунун бүлүнүүсүнөн улам жаралган. Эл өзүнүн бийик атуулдук феномендерге ээ оң каармандарын өлүмгө эч кыйышпайт.

Эпостун терең мазмунунда туулган жерди чет элдик баскынчылардан коргоо, аны көздүн карегиндей сактоо, кыргыз урууларынын башын бириктирүү идеясы башкы орунда турат. Подтексте адам болмушунун уюштурулушу, адамдын тарыхый жалпылыгындагы урууларды элге биригиши, бирдиктүү мамлекетти түзүү, көчмөндүктүн шарттарында калыптанган элдин өзүн өзү тануусу менен тыгыз байланышкан жамааттык аң-сезимдин жетилүүсү менен коштолгон. Элдик улуу биримдиктин рухий негизин

атуулдардын бийик мекенчил аң-сезиминин өсүп, калыптануусу түзөт. Башкы каармандын адамдык болмушу курулат а.а., үй-бүлө, жоокердик буюм-тайымдар дүйнөсү, байырлаган мекени, кырк чоросу жана акылмандары жандап, курчап турушат. Адам болмушунун кыйын кырдаалдарындагы Сынак-чакырыктар гана тарыхта жана маданията жаңы адам феноменин жаратат! Кыргыз турмушу кыргыз баатырын жаратты! Кыргыз элинин кылымдарды карыткан тарыхы тарабынан жаратылган маданияттындагы Манас феномени аркылуу адам болумуна чыйыр жол салып, адамдагы адамдыкты өстүрүп келе жатат. «Манас» тарыхый Сынак-чакырыктарды атуулдардын эсине салган, адам болмушун уюштурган улуу даанышмандыктын мектеби.

1.2. Эпостогу «дүйнө элеси» жана адам болмушу

Коом дайыма алдыга карай өзгөрүп, өнүгүп, тынымсыз социалдык кыймыл менен коштолуп турат. Ар кайсы мезгилдерде жашаган, ар түрдүү маданияты бар элдер, өздөрүнүн жашоо шарттарына байланыштуу дүйнөнү жеке таасирлерине жана эмпирикалык билимдерине таянуу аркылуу аны өз алдынча аңдап, өздөштүрүү менен тарыхый шартталып турган «дүйнө элесин» түзүшөт.

Биз өткөн доорду «ал кандай болсо» аны дал өзүндөй таанып билүү үчүн ага үстүртөн мамиле жазабастан,бардык жагын толук үйрөнүп изилдеп, алардын өзүнө таандык ички түзүлүшүн ачып, аларды азыркы мезгилдеги баа менен баалоодон этият болуубуз керек. Бирок, жүздөгөн жана миңдеген жылдар өткөн соң байыркылардын аң-сезиминдеги ойлорунун жашыруун сырларын билүүгө мүмкүнбү? Ошондой болсо да, маданияттын изилдөөчүсү бир гана элестетүү менен чектелбей анын интуициясы илимий методикага таянып, маданияттын негизги универсалдуу категорияларынын жардамы аркылуу таанып билүүгө мүмкүнчүлүгү бар экени белгилүү. Биздин ой-пикирибизде, болмушту өздөштүрүүнүн түшүнүгү жана түрлөрү: мезгил, мейкиндик, адам болмушу, адам тиричилиги, жашоо маңызы, өзгөрүү, себептүүлүк, өмүр,

өлүм, тагдыр, ынтымак, милдет, биримдик, парз ж.б. өз ара байланыштары жөнүндө сөз болуп жатат.

Бул универсалдуу түшүнүктөр ар бир маданиятта өз ара катнашып, өз алдынча «дүйнө моделин» же «координат торчосун» түзүшөт, алардын жардамы аркылуу адамдардын аң-сезиминдеги орун алган дүйнө элесин жаратышат, адам болмушту өздөштүрөт. Мындан ары: «дүйнө модели», «дүйнө элеси», «дүйнө образы», «дүйнө түшүнүгү» сыяктуу аталыштар бир мааниде колдонулат.[1] Жогоруда аталган негизги категориялар коомдун ар түрдүү мүчөлөрүнүн дүйнөгө болгон көз караштарын чагылдырат жана алардын негизинде жалпы универсалдуулукту табууга болот. Коом үчүн милдеттүү түшүнүктөр менен элестөөлөрсүз бир дагы идеяны, түшүнүктү, этика, эстетикалык баалуулуктарды, концепцияларды түзүүгө мүмкүн эмес.

Ар бир цивилизация, социалдык система дүйнөнү өз алдынча өздөштүрүүчү ыкмалар менен сүрөттөлөт. Өткөн коомдун мурасы маданияттын негизги концептуалдык элеси жана түшүнүгү адамдардын практикалык иш аракеттеринде ошондой эле каада салт, үрп-адаттарда калыптанат.

Маданият көп кырлуу, татаал кубулуш. Философия илими маданияттын ондогон аныктамаларын ичинен анын адам болмушун чагылдырган мазмунун тандап алат. Философия маданияттын маңызын адам болмушунан айрып карабайт.[2] Маданият адам турмушунун жолу - ыгы адамдын өсүп өркүндөшүнүн формасы жана мазмуну, коомдук карым катнаштын ирээти жана тартиби.

Өндүрүштүн өнүгүүсүнүн белгилүү баскычы, коомдук мамилелер, адамдарды курчап турган чөйрөдөн бөлүнүшү дүйнөнү аңдап өздөштүрүүсүнүн ыкмасы менен дал келет. Мындай алганда алар коомдук практиканы чагылдырышат. Алар коомдук практикага таасир тийгизип «дүйнө моделинин» түрлөрүн түзүүгө таасир этишет. «Дүйнө модели» адамдардын башынан өткөргөн болмушту узакка созулган мезгилдин

---

[1] Гуревич А.Я. Категории средневековой культуры. М.;1980.С. 30.

[2] Бөкөшов Ж. Философия. Энциклопедиялык окуу куралы. Б.: 2004. 80-б. 4

ичинде өздөштүрүүсүн аныктоочу туруктуу түзүм. Белгилүү адабият сынчысы Г.Д.Гачев улуттардын дүйнө элеси жөнүндөгү изилдөөсүндө: «жалпы элдин баары ачык асмандын, күн менен айдын астында жашап, ар кайсы жерде көчүп конуп, отурукташып, тарыхы менен тиричилиги ар түрдүүчө болгон, бүтүндөй бир дүйнөлүк тарыхый процесске биригишкен т.а., алар ар түрдүү маданий катмарлардан пайда болушкан. А мунун баалуулугу жалпы эл үчүн кандай гана байланыштарда болбосун туура келип турганында. Ушул өзгөчө түзүлүштөр жалпы эле баардык эл үчүн дүйнөнүн улуттук моделин, улуттук образынын элементтерин түзүшөт»[1] деп жазат. Элдин жүзүн аныктоочу: бул табият чөйрөсү жана адамдар, ал чөйрөдө жашоо менен биргеликте өздөрүнүн тарыхын жаратышат. Жердин кыртыштары токой, тоолор, түбөлүк жаткан мөңгү, чөлдөр, ыңгайлуу климат, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү эмгектин кийинки түрлөрүн (аңчылык, көчмөн мал чарбачылык, жер иштетүү, соода жүргүзүү ж.б.у.с.) жана дүйнө моделин алдын ала аныктай алат.

Улуу эпосто байыркы кыргыздардын мифологиялык дүйнө таануусу башкы каарман Манастын образы аркылуу чагылдырылат. Ошентсе да, эпос мезгилдин катаал сыноосунан өтүп өзгөрүүлөргө, толуктоолорго да дуушар болуп, тарыхый бир нече катмарлардан турат. Дүйнө таануунун мындай варианттуулугуна карабастан «дүйнө модели» туурасында профессор Ж.Бөкөшов: «Манас» эпосундагы «дүйнө моделин» концептуалдык реконструкциялоо биринчиден, моделди түзгөн элементтердин көп түрдүүлүгүн көрсөтөт, ал тургай «Манастагы» «дүйнө моделдери» деп мезгил менен мейкиндик, тагдыр, өмүр, адам менен табияттын өз ара мамилелери тууралуу түшүнүктөрдүн мазмун жана тек бүтүндүгүн, биримдигин көрсөтөт»[2] деп өзүнүн илимий пикирин баса

---

[1] Гачев Г.Д. О национальных картинах мира.//Народы Азии и Африки. М.,1967.№.С. -79.

[2] Бөкөшов Ж.Б. «Манас» эпосунун философиясын окутуунун методологиялык маселелери.// «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына карата Республикалык конференциянын док. жана тезистери.Б.1994.14-15 бб.

белгилейт. Дүйнө моделинин түзүлүшүн аңдап билүү, адамдардын дүйнө таануусунда зор роль ойнойт.

«Манас» дастанында айрым кубулуштарга, окуяларга мифтик көз караштар таандык. Ошентсе да, «Маната» окуялардын бир бөлүгү кыргыз элинин жана анын курамына бириккен уруулардын, алардын ичинде алда канча байыркы уруулардын тарыхы жана алардын жашоо турмушунун көркөм чагылышы бар. «Манас» эпосу кыргыздардын тигил же бул даражада фольклордун калган бардык башка жанрларын уламыштарын да, жомокторун да, ырларын да, макал-лакаптарын да, өзүнө камтып турат.[1]

Тарыхый философиялык адабияттарда кыргыздардын мифтик аң-сезиминин өзгөчөлүктөрү ар түрдүү көз караштардын алкагында каралууда. Ушул жагдай туурасында философ Ы.С.Мукасов: « кыргыздардын мифологиялык аң-сезими, учкул ойломдору анын позитивдүү жана рационалдуу багыттары атайын философиялык изилдөөлөрдүн предметине толук айлана элек»[2] деп ачык белгилейт.

Адамдардын тарыхый маданий дүйнө караштарынын булактары мифтик жана диний аң-сезимде чагылдырылып, андан ары дүйнө элдеринин философиялык көз караштарын келип чыгуусуна жана өнүгүүсүнө роль ойногон.

Мифтер жалпы адамзаттын тарыхында дүйнө көрүүмдүн эң алгачкы түрү болгон жана дүйнө таанымдын өнүгүшүнө да таасирин тийгизген. Мифтердеги диалектиканы изилдеген орус философу А.Ф.Лосев мифтик аң-сезимдин маанилүү жактарын төмөндөгү тартипте берет: 1). Инсан. 2). Тарых 3). Керемет. 4). Сөз.[3] Маселен, «Манас» эпосунда Эр Чубак Манастын касиеттерине: атына, затына, өзүнө, сөзүнө терең сын сыпаттарды ыйгарат. Биз төмөнкү сапта ой толгоонун берилишин салыштырып көрөлү.

---

[1] Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер.Б.:1999.

[2] Мукасов С.М. Традиции и социально- философской мысли в духовной культуре кыргызского народа. Б.:1999.

[3] Лосев А.Ф. Философия. Мифология. Культура. М.: 1991. С. -190.

Эпосто:	А.Ф.Лосевдо:	Биздин талкуубузда:
1. Аты да Манас турбайбы?	1).Инсан	1). Манас.
2. Заты да Манас турбайбы?	2).Тарых	2). Эр адам.
3. Өзү да Манас турбайбы?	3).Керемет	3). Феномен. Айкөл.
4. Сөзү да Манас турбайбы?[1]	4).Сөз	4). Сөз.

Бул Чоң Казаттагы кадимки жетик Манас. Бул салыштырууда мифтеги диалектика туюнтулат. Мында мифтеги инсанды, экинчи момент тарыхка бириктирүү менен кайра түзүлгөн жаңы маани алынат, миф - бул магиялык ысымдын ачылып көрүнүшү. Манас мифоними аркылуу, болмуш менен аң-сезимдин мамилесин ачууга, таанып билүүгө да болот. Жогорудагы текстте Манастын кудайлык күчү азайтылып, ал адамдык келбет, турпат менен сүрөттөлөт.

Мифтердин философиясын изилдеген окумуштуу А.Косарев: «Адам өзүнүн табияты боюнча символикалуу. Ал символ катары эки реалдуулукту сырткы жана ички, эмпирикалык жана эмпирикалыктан тышкаркы, физикалык жана метафизикалыкты өзүнө батырып, бириктирип турат»[2] деп белгилейт. Мифтер дүйнөгө карата көз караш, анда жашоо образы эки реалдуулукту: сезимдик реалдуулукту (физикалык) жана сезим жеткисиздикти (сверх естественный) өзүнө аралаштырат. Алар өз ара бир-бирине өтүшүп, бир бүтүндүктү түзүшкөндүктөн аларды ажыратуу өтө кыйынчылыктарга турат, алар бир бүтүн мифтик реалдуулукту түзөт. Маселен, эпостогу өлгөн адамдын арбагы менен жолугушуулар, сүйлөшүүлөр, колдоо сурап кайрылуулар ж.б. реалдуулуктардын биригиши жана эпостон өз чагылышынын тапкан ойлом ишмердүүлүгүнүн аракетин билдирет.

Этнограф жана тарыхчы С.Абрамзон «кыргыз эпосунун өзгөчөлүгү анын реалисттик мазмундагы эпизоддор жана кырдаалдар менен каныкканы болуп саналат, анын каармандары биздин көз алдыбызда бардык жакшы сапаттары жана кемчиликтери бар жандуу адамдар катары көрүнөт» деп

---

[1] Манас. Эпос. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. 4-китеп. 309-б.

[2] Косарев А. Философия мифа. М.: 2000. С.-150.

таасын белгилеп өткөн. Мифтик аң-сезим адамдык маңызды чагылтууга кызмат кылат.

Кыргыздардын дүйнө, аалам тууралуу түшүнүктөрү жөнүндө сөз болгондо, алардын байыртадан бери эле өздөрүн курчап турган дүйнөнүн сырларын билүүгө аракет жасашкандыктарын көрүүгө болот. «Манас» трилогиясында мифтик жана диний көз караштарды, түшүнүмдөрдү, дүйнө таанымды бирде бириктирип, бирде ажырымдаган эпизоддор, каармандардын диалогдору көп сандап кездешет.

Чубакты көрүп алган соң,
Намазды бузуп барбактап,
Тура калды эр Манас,
Сүйүнгөндөн дардактап.
Ай-ай Кожо! Ай, Кожо!
Керээленип каласың,
Кечке окуп саласың!..

Созолонуп окуйсуң,
Адамдын денин талытып,
Солдойгон сен бир кокуйсуң!
Сообуңду өзүң ал,
Сырттаным Чубак келатат!
Намазыңды өзүң ал,
Артыгым Чубак келатат.[1]

Бул тексте мифтик аң-сезим, диний аң-сезимге караганда ал байыркы мүнөзгө ээ т.а. анын үстөмдүгү, биринчилиги байкалат. А.Ф.Лосевдин пикири боюнча миф жана дин инсанды бекемдөө үчүн кызмат көрсөтүшөт. Инсан мифтен өзүн көрсөткүсү, өзү жөнүндө айткысы жана өз тарыхына ээ болгусу келет. Инсан динден өзүн тынчсыздандыруу, күнөөлөрүн кечирүүнү, тазаланууну жана өзүн куткарууну издейт. Ар түрдүү мифтер, диний адат-салттарсыз эле жашашат. Диндин мифологиясыз жашоосунун болушу өзү күмөндүү. Мифтик көз караштa Манастын образы аркылуу өзүнүн баатырдык (инсандык) энергиясынын күчтүү жактарын өзүнүн «реалдуу жашап» тургандыгын көрсөткүсү келип, окурмандын жан дүйнөсүнө баш багат.

«Манас» эпосу байыркы мифтердин да энциклопедиясы. Мифтер идеалдуу, сыйкырлуу кудайлар, демондор, дөөлөр, укмуштар тууралуу маалымат беришет. Бардыгы абсолюттуу, кудайлар, жандуу менен жансыздар, баатырлардын баары биригип кетет. Дал ошондой! А.Ф. Лосев мифтерди үйрөнүүнүн

[1] Манас.Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант. 2-китеп. 227-б.

эң маанилүү ыгын сунуштайт.[1] Ал өзүнүн идеясын жандуу субстанция катары кабыл алууга, түшүнүүгө чакырат. Маселен, байыркы гректердин мифологиясында Посейдон деңиздин Кудайы. Бир эле учурда ал деңиз: бирок ал, абыдан ойлонулган, түшүнүктүү, реалдуу элестетилген деңиз. Бирок, ал байыркы гректер үчүн фантастика эмес, чыныгы жашап турган аныктыкты түшүндүргөн. Антик аң сезиминдеги диалектика жөнөкөй болбостон жыйынтыгында ал ой жүгүртүүнүн мындай түрү менен аяктайт, атап айтканда мифологиялык-диалектикалык же диалектикалык-мифологиялык. Мындай абалда деңиздин идеясы, деңиздин өзү, бирок ал маанисиз жана түшүнүксүз. Байыркы гректер Посейдонду деңиз кудайы деп элестетет жана кабыл алат, анткени коомдук өнүгүүнүн алгачкы баскычтарында дүйнөнү мифтик - диалектикалык баамдоо зор роль ойногон.

Кыргыздардын баштапкы мифтик жана диндик түшүнүгүндө ааламдагы ар кандай заттардын, жан жаныбарлардын ээси, колдоочусу, сактоочусу болот деген ишенимдери өсүп өөрчүп келген. Маселен: Көкө Теңир - асмандын, Кырк чилтен - жоокерликтин, Адам Ата - адамзаттын пири, Байтерек - даректын пири, Камбар Ата - жылкынын пири, Ойсул Ата - төөнүн пири, Чолпон Ата - койдун пири, Алп кара куш - куштардын пири, ж.б.у.с. Мисалга алсак, Камбар Ата - бул жылкынын пиринин идеясы, бизге жылкынын болмушун түшүнүүгө жардам кылат жана адамда идея катары жашайт. Байтерек - аалам дарагынын идеясы, бизге теректин болмушун түшүнүүгө жана байыркы доордогу адамдын аны менен болгон мамилесин, адамдардын дүйнөнү таанып билүүсүндө эвристикалык роль ойногондугу жана ошол доордогу маданий катмарлардын түзүлүү жана калыптануу процесстерин чагылдырган идея катары бизге кызмат өтөшөт. Демек, мындан биз кыргыз элинин мифтеринде жана "Манас" эпосунда да мифологиялык-диалектикалык ойломдун элементтери орун алып, колдонулуп келгендигин ачык айта алабыз.

---

[1] Лосев А.Ф. Философия. Мифология. Культура. М.: 1991. С. -466.

«Манас» эпосунда табият көрүнүштөрү кеңири сүрөттөлөт. Көкөтөйдүн ашын өткөрүүгө ылайыктуу жерлер каралат.

Баарыңарга эп болсо,
Бабаңар айткан кеп болсо.
Күн батыш жагы Ысык-Көл,
Ар тарабы бирдей тең
Иледен ылдый айдаса
Ат чабуучу жери кең.
Ашка ылайык ушу бар,
Ар тараптан сандалып,
Аккан булак суусу бар.
Кең - Каркыра атагы
Сиркедей шакел чыкпаган,
Кайнатып алма тузу бар.
Карагай, кайың тезеги,
Канчалык жагып атсаң да
Отунга тийер кереги.[1]

Ошентип, калк атасы кан Кошойдун акыл элеги аркылуу ашка ылайыктуу жер тандалып алынат. Контексте буларга өзгөчө көңүл бурулат; ат чабуучу «жери», аккан «суусу» жана «аба», «отуну» болгон карагай, кайың тереги. Биринчиден ашты өткөрүүдө Каркыра ары сакралдуу жер, экинчиден сакралдуу чөйрөдө аштын жүрүшүндө болгон ат чабыш, эр сайыш, балбан күрөш, жамбы атуу ж.б. оюндарда Манастын эли, зор мөрөйгө жана жеңишке ээ болушат. Ата Мекен, анын кооз аймактары кыргыздарда сакралдуу каралып, алар элдин баатырдык жана руханий жетишкендиктеринин күбөсү катары муундан муунга өткөрүлүп турган.

Дүйнө элдеринин мифтеринде, көркөм чыгармаларында аалам дарагы жөнүндөгү миф кеңири белгилүү. Манастын өзү да аалам дарагы катары эсептелет. Эпостун материалдарында Манас бай терек, чынар терек деп көрсөтүлөт.[2] Аалам дарагынын классикалык үлгүлөрүндө анын башын (асман) алп кара куш ээлесе, ажыдаар анын түбүн жер жер астындагы дүйнөнү ээлеп турат. Манасты алп кара куш менен ажыдаар ушул аалам дарагындай бири башына айланып, бири аягына сойлоп дайым колдоого алганы сүрөттөлөт. Ал даректын тамыры жер астындагы дүйнөдө, сөңгөгү жер үстүндөгү кадимки адамдар дүйнөсүндө жайгашып, бүткүл ааламды өзүнө туташтырып турат деген ишенимди чагылдырышат.

---

[1] Манас. Эпос. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. 3-китеп. 77-б.
[2] Манас энциклопедия. 1-китеп. 127-128 бб

Баатырдык эпостогу аалам дарагы жөнүндө мифке кайрылган, окумуштуу этнограф И.Молдобаев «Манастагы» аалам дарагын Алтай жана Хакас эпосторундагы бай терекке байланыштырып, эпосто берилгендей «бай-терек» дебестен, аны «ыйык - терек» - деп кароону сунуштайт.[1] Манастаануучу Ш.Б. Акмолдоева Манас аалам дарагы катары дүйнөнүн түркүгү жана борбору болгонун[2] белгилейт. Маһастаануучу жана адабиятчы К. Жумалиев: «Мекен» деген түшүнүктүн калыптанышында даракка (чынарга, же терекке) сыйынуу да бир кыйла роль ойногон»[3] - деп баса белгилеп өтөт. Биз дагы аалам дарагы тууралуу түшүнүктөрдүн, эпосто ар түрдүү абалдарда колдонулушун төмөндөгү тексте талдоого алабыз.

Асман менен Жериндин
Тирөөсүнөн бүткөндөй (СО.2.148)

Манас Жогорку дүйнө менен Жер дүйнөсүн байланыштырган, ортоңку дүйнөнүн эң алгачкы өкүлү биринчи адам. Манас киши дүйнөсүнүн алгачкы адамы.

«Аяш мен терек көрсөм, конормун
Тербелбестен көтөрсө,
Ошого жолдош болоормун» (КБв.1.222)

Аалам дарагы мекен, үй, жолдош маанисинде;

Өзөнгө бүтөр Байтерек
Өлгөнгө да мал керек (СО.3.8)

Аалам дарагы тирүүлүктүн, байлыктын башаты маанисинде айтылат.

Түбүнөн чыккан чырпыгы,
Чынарга чалыш болуптур,
Артында калаар бала бар. (КБв. 2.166)

Аалам дарагы төлгө салуунун, божомолдоонун обьектиси.

Узун бойлуу чынары,
Кыбыла көздөй сулаптыр.

---

[1] Молдобаев И. «Манас» историко-культурный памятник кыргызов. Б.:1995.С. -210.

[2] Акмолдоева Ш. Б. Духовный мир древних кыргызов. Б. 1998.С. 85-111.

[3] Жумалиев К. «Манас» эпосундагы жалпы адамзаттык идеялар.Б.:1999.

Кымбатым Сыргак өлгөн бейм. (КБв.2.277)

Аалам дарагы тирүүлүктүн символу бирок, Каныкейдин түшүндө чынардын жыгылганы казатта баатырлардын өлүмүн алдын ала билдирген касиетке ээ.

Касиеттүү жер экен,
Как мазардын өзү экен. (СК.1.49)

Ааламдарагы, касиеттүү мазардын маанисинде;

Айлынан мүшкүл иш көргөн
Мен өңдөнгөн иш көргөн,
Карып эле жатчу жер экен. (СК.1.49)

Аалам дарагы жакыр, карыпты колдогон касиеттүү жер маанисинде;

Биз өңдөнүп ашып-ташып, качканга
Караан гана болчу жер экен. (СК.1.49)

Аалам дарагы адамга караан, колдоочу мазар маанисинде;

Ушу турган Байтерек,
Ата болчу жер экен.
Байтерек ата койо берди сүйлөнүп,
Адамча айткан тили жок,
Күкүк болуп күүлөнөт. (СК.1.49)

Аалам дарагы, образдаштырылган адам, ата маанисинде;

Кутпа жаккы бетинен,
Бир бутактын четинен,
Ошондо, булактай агып сүт кетти.
Ачка болгон карыптар,
Жан аякты сунушуп,
Жайнап чыккан аппак сүт,
Тосуп ичип турушуп,
Баягы сүттү ичкенде,
Ооруган жерлер басылып. (СК.1.49)

Адам дарагы өмүр берүүчү жана дарылык касиети бар дарак маанисинде сүрөттөлөт.

Мен туулган чынарым,
Бүткүл чирип тамыры,
Такыр куурап калыптыр. (КБв.2.166)

Мында, аалам дарагы жамандыктын белгисин чагылтат. Аалам дарагы жөнүндөгү миф, «Семетей» эпосунда улантылып, өнүктүрүлөт. Абыке, Көбөштөн качып баратып, Каныкей кыз кезинде сейилдеп олтуруучу чынары соолуп калганын көрүп катуу кайгырганда кайын энеси Чыйырды: «Чынарың соолуп калганы, тайган иттей желгениң. Букарга тентип келгениң» деп жоруйт. Алар булактын көзүн ачып чынарды сугарганда, ал кадимкисиндей гүлдөйт. Мындан өткөндөгүдөй бактылуу күн кайрылып келерин Семетей душмандан өч алып, атасы Манастын ордун басарын боолголоп билишет. А. Косаревдин изилдөөсүндө «аалам дарагынын образы психологиялык жана мистикалык мааниге ээ» деп берилет.[1] Аалам дарагы жер дүйнөсүн, жер алды дүйнөсүн жана Көк дүйнөсүн эле байланыштырбастан, мезгилдерди да байланыштырат.

Аалам дарагы мейкиндик менен убакыт түшүнүктөрүнүн байланыштарын чагылдырат. Анда мейкиндин борбору сөңгөк, жер (ортоңку) дүйнө, мейкиндик боюнча тамыры (төмөнкү) жана бутактары (жогору) жайылат жана бөлүнүп кетет, ортоңку дүйнөнү туурасынан караган көз карашта ал сөңгөктү же тирөөчтү көрсөтөт.

Убакыт түшүнүгүндө аалам дарагы: учурду (сөңгөк), өткөндү (тамырлар) жана келечекти (бутактар) символдоштурушат. Манаска аалам дарагынын дүйнөсүнөн көз чаптырып, талдоо жүргүзсөк анын көрүнүштөрү жаңы мазмунда түшүнүлө баштайт. Ортоңку дүйнөдөн Манаска көз салсак /Айың менен Күнүңдүн/, /Бир өзүнөн бүткөндөй/ анда келечегибиз учур сыяктанат, учур менен келечегибиз бир туташтуулукка биригишет б.а. келечек үчүн жан үрөп иштөө, ага салым кошуу зарыл, учурда сөңгөктөн башка эч нерсе жок болуп чыгат.

«Дүйнө элеси» өткөндүн (төмөнкү) жана келечектен (жогорку) ташталган көз караш бириктирилгенде, өткөн жана келечек бир туташ учурга куюлушуп, Манастын табигый келбети аларды символикалуу өзүнө жутуу жана аралаштыруу

---

[1] Косарев А. Философия мифа, мифология ее эвристическая значимость. М.2000.С. -221.

менен байыркы кыргыздардын дүйнө элесин чагылтат. «Адам феномени» китебинин автору, окумуштуу П.Т.Шардендин сөзү менен айтканда «...адам эволюциянын огу жана анын туу чокусу»[1] катары көрсөтүлөт. Демек, тышкы дүйнөнүн элеси адам элестөөлөрүнүн ички «Менинде» белгилүү тартипте жайгаштырылып, дүйнө адам алакаларын туюнтат.

Ошентип, байыркы кыргыздардын көз карашындагы аалам дарагы таанып билүүчүлүк кызмат менен бирге эле, болмушту өзгөрүүдө жана өнүгүүдө карооого түрткү берген мифопоэтикалык ойдун чабытын, дүйнө элесин түзгөн. «Дүйнө элеси» Сынак-чакырыктардын жүрүшүндө адамдын дүйнөнү кабыл алуусу, өздөштүрүүсү аркылуу иштелип чыккан. Ал табият болмушу менен адам болмушунун бүтүндүгү, адамдын дүйнөдөн алган ордун сүрөттөгөн сезим туюмдардын, элестөөлөрдүн жыйындысы.

Ала Тоо байыртадан кыргыздар отурукташкан, ажайып кооз жер, өтмүштө душмандардын баскынчылыгына дуушар болгон. Анын табиятынын көп түрдүүлүгү, сулуулугу, кыйын кырдаалдарда адамга берген деми, бийик жана асыл ойлор менен даңазаланып келет.

Чыңырып эне тууган жер,
Киндик канын бууган жер.[2]

Ыр сабындагы «эне», «киндик», «жер» түшүнүктөрүндө эпикалык адам мейкиндикти өзүнүн денеси, аруу сезимдери аркылуу кабыл алып, таанып билет. Киндик бала менен энени байланыштыран сакралдуу гендик түйүн. Мекен адамдык акыл-эсте эч унутулбайт, Мекендин адам болмушунда ээлеген ыйык орду, баалуулугу адамдагы адамдыктын бийиктигин билдирет. Жер, мекен тууралуу чакан дүйнө элеси түзүлүп, адам туулган жерин жана өзүн баалап, баамдайт. Көчмөн мал чарбачылыкта турак жайдын өзүнө ылайык түрү боз үй болуп, боз үй аалам жана адам болмушунун ынак мамилесин билдирген.

---

[1] Пьер Тейяр де Шарден. Феномен человека. М.: «Наука». 1987. С. -40.
[2] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. 1-китеп. -167-б.

Адамдар бар болумун, чарбалык иштерин, адам өмүрүнүн кайгы - кубанычын, жакшылык - жамандыктарын ж.б. асман менжиген бийик тоолордун жана талаа мейкиндигинин арасында өткөрүп келишкен. Табият адамдардын жана коомдун жашап турушунун табигый зарыл шартты болуп саналат. Тоолордун адамдардын дүйнөкөрүүмүнө, менталитетине, жашоо турмушу менен психологиясына тийгизген таасири күчтүү экендиги талашсыз. Тарыхчылар тастыктагандай кыргыздар тарыхтын эң узак жолунда Чыгыш менен Батыш элдеринин саясый, диний жана маданий, соода мамилелеринин таасири астында болууга туура келген. Кыргыздарга зороастризмден тартып буддизм, христианчылык, ислам, марксизм, социал-демократиялык окуулардын таасири тийген. Академик А.Ч.Какеевдин айкын белгилөөсү боюнча кыргыздардын рухий турмушу андай таасирлердин астында басылып калбастан, азыркы учурда өз алдынчалыгын, оригиналдуулугун жогото элек.[1] Биздин пикирибизче, тоолуктарды башка окууларга кошулуп кетүүдөн сактаган улуу күч, бул кыргыздардын кылымдар бою жаратып келген руханий болмушу, өзгөчө дүйнөкөрүүм жана дүйнө таанымындагы «Манастагы» адам феномени, манасчылык өнөрдүн бийик салтанаты болгон.

Адамдарды курчаган табияттын татаалдыгы, көп кырдуулугу белгилүү жашоо мейкиндигин түзүп, алар тууралуу алгачкы билимдер иштетилет. Байыркы кыргыздардын көчмөн турмушунун өзгөчөлүгү табият болмуштары асман, жер, суу, тоо, токойлор, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү менен тыгыз алакада жашоо кечирип, алардын адам турмушунда ордун терең баамдап келишкен. Кыргыздардын табият күчтөрүнө табынуусу, Теңирге болгон ишеним менен биримдикте каралат. Борбор Азия менен Түштүк Сибирде жашаган элдердин түшүнүгү боюнча 99 Теңир бар, алардын бардыгы Көкө Теңирге баш ийет.

---

[1] Какеев А.А. О философии гор. // Философский журнал. Логос. № 1. Б.: 1998. С. 21-25.

Бербесе Теңир чарам жок.[1]
Көкө Теңир колдо деп.[2]
Кийгени тону көк темир
Сыйынганы бир Теңир.[3]

Теңир адамдарга ырыскы, өмүр, бала, бакыт, ийгилик ж.б. тартуулоочу жогорку күчкө ээ кудай. Кыргыздардын каада-салттарында Теңир эркин тааныган адам гана анын колдоосуна арзый алат.

Табият менен адамдын өз ара жандуу байланышында, жан-жаныбарлардын тиричилиги, алардын үйрөтүүлүсү жана багылуусу адам болмушунун кызыкчылыктарына, талаптарына ылайык колдонулган.

Эркегинин баарысын,
Нээти казат жараткан.
Ургаачысын ар качан
Ак түлөөгө жараткан. [4]

Мында Камбар боздун үйүрүндөгү жылкылардын тек жайы, кызматы сүрөттөлөт: «эркеги» жоого, казатка дайындалып, «ургаачысы» ак түлөөгө карата бата жасалганда керектелет. Үйүрдүн башчысы бычылбаган айгырлар. Алар үйүрүн, бөлөк үйүрдөн жана ит - куштардан коргогон. Согуштук жортуулдарда айгырлар чыдамдуу, күчтүү болгондуктан ар дайым минилип, эр эңиш менен эр сайышта баатырдын жана эл намысын кайтарат.

Эркек козу туулуптур,
Не жумушка туруптур?
Эр азамат туулуптур,
Не жумушка туулуптур.[5]

Бул тексте «эркек», «ургаачы» карама каршы башталыштардын да милдеттери сүрөттөлөт. Теңирчилик дүйнөкөрүүмү боюнча бардык жаралгандар маани-маңызга ээ, ар кандай зат, нерсе, жандыктар ж.б. белгилүү милдет, иши бар.

---

[1] Манас. Эпос. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. 1-китеп. 16-б.
[2] Ошондо. 3-китеп. 181-б.
[3] Ошондо. 3-китеп. 138-б.
[4] Манас. Эпос. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. 2-китеп. 19-б.
[5] Ошондо. 2-китеп. 19-б.

Эр намыс үчүн төрөлөт, эр азаматтын милдети намыс иштерин аткарат делген тааным таасын айтылат.

Баатырдык эпостун ири окуяларында балбан күрөш, ат үстүндөгү эр сайыш ошондой эле жайчылык менен аярлык өнөрдү билгендер магиялык жай ташты колдонуп душмандарына карата күндү жайлап, алаамат салганы кеңири сүрөттөлөт. Түрк монгол элдеринде жай таштын магиялык таасири тууралуу маалыматтар кездешет.[1] Жай таш монголдордо «жада», «яда», казактарда «жайтас», якуттарда «сата» ж.б. аталышка ээ. Ал эми байыркы кыргыздардын ишениминде жай таш көбүнчө койдун же уйдун карынынан табылат.[2]

«Манас» эпосунун калың катмарында жаткан жайчылык өнөр менен жай таш жөнүндөгү маалыматтарга кайрылалы.

Өткөрө жайчы Көзкаман
Салып турат шамалды.[3]

Түштүк Сибирдеги түрктөрдүн салттуу дүйнөкарашын изилдөөчүлөрдүн пикиринде, күчтүү шаман жайчылар гана шамалды башкарып, аба ырайын өзгөртүү, кубултуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушкан.[4] Эпосто ажайыптан дуба окуган өткөрө жайчы Көзкаман амал кылып турганда акылман Бакай чоролорго кайрылат:

Жадачы кара калмакка
Айланы кимиң кыласың.[5]

Келтирилген текстке талдоо жүргүзсөк, аскер кошуундарында атайын даярдыктан өткөн жайчылар өз кызматтарын өтөшкөн. Жайчылар аба ырайын кескин өзгөртүп, душмандарын аргасыз абалга матап, кыян-сел жүргүзүп, акыр аягында жеңишти камсыз кылган нөөкөрлөр.

---

[1] Малов С.Е. Шаманский камень «Яде у тюрков западного Китая». С.Э. 1974. №1.

[2] Манас энциклопедия. 1-китеп. Б.: 1995. 195-б.

[3] Манас.Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант. 1-китеп.288-б.

[4] Традиционное мировоззрение тюрков Южной Сибири. Пространства и время.Вещний мир. //Львова Е., Октябрьская И.В., Сагалаев А.М., Усманова М.С. Новосибирск. Наука. Сиб.отд.: 1988. С. -37.

[5] Манас.Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант. 1-китеп.289-б.

Көзкамандын амалына каршы жайчы Алмамбет чыгат. Эпосто даярдыктан өткөн жайчылар Карыкан, Көзкаман, Алмамбет, Карагул ж.б. болгондугу кеңири маалымдалат. Согуштук жүрүштө жайчынын орду жана даражасы, ролунун көрсөтүлүшү, ал өнөрдүн болгондугун кабарлайт.

Арыстан Алмаң көй кашка
Кайыптан алган жай таштыы
Дубалап сууга малды эле,
Жылаандан алган жай таштыы
Бир жан аяк кара суу
Тийер тийбес кылды эле...
Мунун атын чакырып,
Күндү жайлап турду эле.
Ээрдин кашын каккылап,
Үзөнгүнү чапкылап.
Асманга карап Алакең
Үч жолу мөңкүп алды эле.[1]

Жайчы ритуалын аткарууда жай таштыы сууга малып, дуба айтуунун өзүнчө эрежеси аткарылып, соңунда мүмкүндүктөр аныктыкка айланат. «Кайып» дүйнөсү мифте жашыруун, көзгө көрүнбөгөн дүйнө, ал эми ажыдаардан делгени кийин «жылаандан» делип тилдик эрежеге ылайык айтылып калса керек. Эпостогу Аберген көлүндө суунун жана жаан-чачындын ээси 60 баштуу ажыдаардан Коңурбай менен Кожожаш, Алмамбет аярлык менен жайчылык өнөрдү үйрөнүшөт. Чоң Казатта Алмамбеттин алдын ала айтуусу боюнча баатыр чоролордун көбү Кожожаштын колунан өлүшөт. Алмамбет Манастын кырк чоросунун ичинен эң эле көрүнүктүү кол башчы катары, кудай менен адамдардын ортосундагы «элчинин» ролун аткарып, «башка» (кайып) дүйнө менен байланышуу аркылуу, аба ырайын каалагандай өзгөртө алган күчтүү баатыр. Мында кооптуу кырдаалдан жайчылык өнөрдү колдонуу аркылуу, калың аскерлерди «жасалма алаамат абалынан» чыгарып кетүү, аскердик артык өнөр катары жогору бааланат.

Айрым изилдөөчүлөр жайчылыкты шаман дини менен тыгыз байланыштырат. Шаман өзгөчө билгичтиктерди алып жүргөндүктөн, аба ырайын өзгөрүшүн жана болоор натыйжасын баамдай билгендиктен, аны сыйкырчылыгынын

[1] Ошондо. 1-китеп. -291-б.

аракети катары далилдейт.[1] Түштүк Сибирдеги түрктөрдүн салттык көз карашын изилдеген окумуштуулардын пикири боюнча жай ташка ээ болгон киши, жашоодо кембагалдык менен күн кечирип, бала - бакырасыз өткөн.[2]

Асманда булут сабалап,
Жерди булут камалап.
Асмандап булут биринделп,
Жер бетин көздөй зирилдеп,
Бөксөөнүн бары мөндүрлөп
Жаканын бары жамгырлап,
Караса көзгө илинбей,
Дүнүйө жүзү жөө туман
Кокту колот жер менен
Үйөөр агып сел каптап,
Жайдын күн муздап кыш болуп,
Кийими жука Көкчөкөз
Кылтылдаган муз болуп,
Кабылаң Алмаң күн жайлап.[3]

Табияттагы аба ырайынын тез арада өзгөрүүсү менен жайдын күнү кыш мезгилиндей кар жаап, үйөр - үйөр сел каптайт. «Күндү жайлоо» согуштук тирешүүдө душмандарды тез жеңүү үчүн колдонулган башкы айла амал жана каражат. Жаай таш. Жайчы жаан жаадырат. «Жаайчы» кыскартылып жайчы болуп калган. Табияттын бир абалын башка мезгилге которуу, өзгөчө өнөр аркылуу табият күчтөрүн бир ымалага келтирип, күндү жана аба-ырайын жайлашат. Ошондуктан шаман башкаларда жок, сыйкырлык касиеттерге ээлик кылат. Манастаануучу, философ Ш.Б.Акмолдоева каармандардын өздөрү үчүн өздөштүрүшкөн мейкиндиктин ачык жана жабыктыгын жана «бөтөн» дүйнөгө кирүүнүн өзгөчөлүктөрү тууралуу белгилейт. Анда бир туташ мейкиндикте жайгашкан аскерлердин жайчы турган тарабына аба ырайынын өзгөрүүлүсү анчалык деле таасир тийгизбейт, тиги тарапта жайгашкан душмандарды ааламат каптайт.

Кыргыз элинин «Эр Табылды» кенже эпосунда жайчылык тууралуу кеңири маалыматтар кездешет. Эпостун чыгышы болжол менен XVI-XVII кылымга таандык. Анда Табылдынын досу Элдияр кара ташты дубалап, күндү күчөтө жайлап,

---

[1] Молдобаев И.Б. «Манас» историко-культурный памятник кыргызов. Б.: 1995. С. -243-244.

[2] Традиционное мировоззрение тюрков Южной Сибири. Пространства и время. Вещний мир. //Львова Е., Октябрьская И.В., Сагалаев А.М., Усманова М.С. Новосибирск. Наука. Сиб.отд.: 1988. С. -13.

[3] Манас. Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант. 2-китеп.227-б.

жылкылардын изин жаадырган кар менен бастырып, калмактардын турган жерине ат жүрө алгыс оор калыңдыктагы карды жаадырат.[1] Жайчылыкты колдонуп, аз гана кол менен жүздөгөн душмандарды жеңишет. Жайчы баатырдын оң колу, жакын кеңешчиси, анын өнөрү согуштук өнөрлөрдүн эң эле алдыңкысы болгон.

Кытайлык манастаануучу Адил Максут байыркы кыргыздардын ишениминде шаман дини адам баласы алгач сыйынган динден болгондугу жана анын элементтеринин «Манас» эпосунда кеңири кездешерин көрсөтөт.

Аккан чалкар көл экен,
Боюнда жүрүп мен жердеп,
Ар качан колдо дээр элем.
Кенендигиң, кеңдигиң,
Толкуганда бууланган
Көргөндүн көөнү кубанган
Чубакка түрүң берерсиң,
Киргенде кыян, сел каптап
Келе албай пенде зарыккан.
Кебетеңди эл көргөн
Сен Сыргакка бересиң.
Бээден тандап тогузду
Жолуңа сенин берейин.[2]

Байыркы кыргыздар жалпы эле түрк элдери сыяктуу күнгө, сууга, дарыяга, көлгө ж.б. табият күчтөрүнө сыйынып келишкен. Мында суунун сүрдүү көрүнүштөрү адам күчүнүн, анын айбат, кайратынын башаты шекилдүү андан өтүнгөн учурлар жолугат.

Ичинен кайнап суу чыкса
Бизге кудай бергени.
Ичинде суусу жок болсо
Оо, Каныкей кулунум
Азаптын анык келгени.[3]

Мында суунун түрдүү «абалдары» төлгө катары кызмат өтөп, келечектеги болоор жаңылыктардын, адам турмушундагы жакшылык - жамандыктын кабарын билдирет.

Айтылуу Каныкейдин жомогунда Семетей Таластын суусун кечээрде аны атасы Манас, чоролору менен колдоору сүрөттөлөт.

---

[1] Кедейкан. Эр Табылды. Эпостор. Фрунзе. 1970. 216-222-бб. -435-437-бб.
[2] «Манас» эпосу жөнүндө. «Шам» басмасы. Б.: 1994. 140-б.
[3] Семетей. Манас эпосунун бөлүмү. Эпос. 3-китеп. 31-б.

Ошол белги жок болсо
Ары жакка барбай кайтып кел!
Белги көрбөй калдым деп,
'Мен шордууга айтып кел![1]

Чоролор болочоктогу баатырды суунун ичинде гана колдой алышат. Мында Семетей менен «арбактардын» ортосундагы баарлашуунун жүрүшүндө суу руханий «тилмечтин» кызматын аткарат. Соңунда арбактар жардамга келет. Каармандардын дүйнө элесинде жана ишениминде суу кандайдыр касиеттүү күч.

Атасын тарткан эр Семең,
Ак тулпарын чуратып,
Жардын башын уратып,
Жайнаган сууга кирди эле.
Колдогону кырк чилтен
Колтугунан алыптыр.
Кара чаар кабылан
Капталында чамынып.
Жандай салып камынып,
Кошо колдоп алыптыр.
Оң жагына караса,
Какандан өлгөн Алмамбет,
Манастан калган жетимди,
«Ой бала. Мындай тарткын» деп,
Сол жагына караса
Кыраандардын сарасы,
«Мындай тарт» деп кыйкырып,
Чубакем колдоп алыптыр.[2]

Суу муундарды байланыштырган башталма катары. Суу болмуштун алгачкы элементи жана кирпичи. Байыркы грек философу Фалестин окуусунда дүйнө суудан пайда болгон жана баардыгы сууга айланат. Суу табияттын стихиясы. Эл өзүнүн чарбалык жана турмуш тиричилик керектөөлөрүн ишке ашырууда далай-далай агын сууларды кечип өтүшкөн. Таластын суусун кечкенде Семетейдин чоролор менен «жандуу» мамилешүүсү жүрүп, алардын келбети (образы) сууда тунук, ачык сүрөттөлөт. Арбактар Семетейди суудан оң-сол тарабынан жөлөйт. Манас жана анын чоролорунун жардамы аркасында ташкындаган суудан болочоктогу баатыр аман чыгат.

Кыргыздар жаан жааса жакшылыктын жышааны деп билишет. Жаан жаратылышты жаңыртат, жаңы өмүр тартуулайт, алар «жаан менен жер, бата менен эр көгөрөт» делген дүйнөтаанымды карманышкан. Адам тиричилигинде

---

[1] Ошондо. 87- б..
[2] Семетей. Манас эпосунун бөлүмү. Эпос. 3-китеп. 106-б.

жаандын жаап турушун тилеген, жааңды күткөн ырым ырлары да ырдалган. Жыл мезгили оошкондо биринчи жамгырды кубаныч менен тосуп алышып, жаан жааганда тилек ырларын айтышкан:

Күн жаа, Күн жаа
Күндөн күнгө көп жаа,
Карагай башын айра жаа,
Арча шагын айра жаа,
Чекенде башын черте жаа,
Чийдин башын ийип жаа
Төө куйрукка уюп жаа,
Жер жааңга сыйып жаа,
Төгүп, төгүп куюп жаа,
Ашкана толгон ак болсун,
Малга жыргал бак болсун!
Береке нуру чачылсын
Бейли элдин ачылсын!
Малдын, жандын ырысы
Көксөп жүргөн элдердин
Жамгыр болот ырысы.[1]

Жаан табият кубулушу катары өсүмдүктөр дүйнөсүнө, жан жаныбарларга азык, суусундуктун микроэлементтерин камсыз кылышат. Көчмөн элдин тиричилигинде төрт түлүк малдын көбөйүшүнө тоюттун арбын, мол болушу негизги роль ойногон. Ал жаан-чачын менен тыгыз байланышкан. Демек, жаандын, кардын көп жаашы, топтолушу чарбага пайда келтирген. Элдик мурастарда жаан жаадыруучу касиеттүү ырлардын топтомдору жаралган. Ырым ырлары да төмөнкүдөй айтылган:

Кара канын, Султаны аккуу
Кадуу менен туман абыраган ашкан.
Карантык боз булутту,
Теңирим сенден тиледим
Аккан булут, бери кел, тез кел!
Булутум жетип кел!
Аа, аа аракетин арайын,
Сиздин макини кыйнабайын,
Каннып журтум,
Нийсаран, мисаран, тарамун.
Тараншып, жолылен, шаман мосом,
Якут, алдо акбар![2]

Адамдар аталган ырларды аткарып жаан жаадырышкан учурлары элдик ишенимдери сакталып калган. Элдик ырлардын дагы көптөгөн түрлөрү болгон.

Кыргыздардын арасында жайчылык өнөрдү аркалап Совет дооруна чейин жашап, өз өнөрүн сынап, колдонгон адамдар болгон. Мисалы, Нарын облусундагы Ат-Башы районунун Талды Суу айлындагы жашап өтүшкөн Көбөн жана анын уулу Күчүктүн жайчылык өнөрлөрү аңызга айланып, эл оозунда

[1] Кыргыздар. Санжыра. Тарых. Мурас. Б.: 1996. 510-511-бб.
[2] Кыргыздар. Санжыра. Тарых. Мурас. Б.: 1996. 510-511-бб.

сакталып келе жатат.[1] Көбөн жаанды жай таш менен жаадырып, өз элин кургакчылыктан сактаган, жерин басып келген душмандардан аман алып калат. Көбөн өзүнүн жайчылык өнөрүн сынап Каман Сууда да күн жаадырган. Жайчы өзүнө гана таандык болгон жай таштын колдонуунун өзгөчө ыкмасына ээ болгон. Жайчылык адамдын өзүнүн ички мүмкүнчүлүктөрүнө таандык жеке өнөр. Көбөн жайчы кийин тоталитардык заман орногондо бакшылар сыяктуу эле куугунтукталган. Көбөндүн небересери азыркы учурда Талды Сууда турушат.

Тоолордогу адам болмушунун татаал шарттары ысык-суугу, алыс-жакындыгы, табигый жана коомдук кырдаалдар, жайчылык өнөрдүн жаралышына жана аны колдонууга түрткү берген. Табият адам болмушунун баалуу башаты жана анын өзөгүн түзөт. Табият адамдын керектөөсүн канааттандырган алгачкы баалуу башталма. Адам курчаган дүйнөнү кабылдап, анын кубулуштарына табынып, сыйынуунун элементтерин да жаратып келген. Элдин санжырада «кыргыздын атасы тоо, энеси суу» деп айтылып, табият эчендеген жоодон элди сактап, жылуу койнуна батырып, коргон чепке айланган.

Адам болмушундагы Сынак-чакырыктардын жүрүшүндө адам баласы табияттын жана этностор аралык мамилелерге тез-тез кабылып тургандыктан, алардын «дүйнө элеси» тууралуу түшүнүктөрү калыптанган. «Дүйнө элеси» дүйнө менен адамдын мамилеси Сынак-чакырыктар аркылуу таанылган, элестетилген эпикалык табият болмушу жана адам болмушунун өз ара алакасын чагылдырган, адамдын дүйнөдөн ээлеген ордун сүрөттөгөн сезим-туюмдарды, элестөөлөрдү билдирген түшүнүк. Жашоонун көчмөн образы, салттуу болмуш ыгы, кыргыздарда өзгөчө эпикалык маанайдагы «экологиялык аң-сезимдин» калыптанышын шарттайт.

---

[1] Иманалиев С.С. Тоолордун адам болмушундагы орду жана ролу. // Материалы 3-й научно-практической конференции «Проблемы образования и науки». Б.: 2004. 27-31-бб.

2.1. Адамдын дайындалышы

Адамдын жашоо турмушу, жазмыш тагдыры, жашоонун маңызы тууралуу ой-түшүнүктөр, анын дүйнөдө жана коомдогу ордун аныктоодо колдонулат. Философия илиминин негизги маселелеринин бири адам маселеси болуп эсептелет. Адамдын болмушу адам аркылуу гана ачылат. Адам - бул микрокосмос жана микротеос. Ал кудайга окшоштурулуп анын образы боюнча жаратылган, ошол эле мезгилде адам табигый жактан чектелген жандык. Адамдын табияты эки жактуу: ал өзүндө жогорку жана төмөнкү дүйнөнү чагылдырып, адам ошол эки дүйнөнүн кесилишинде орун алган. Адамдын кудайга окшоштурулган образы болгондуктан, адам инсан болуп саналат.[1]

"Манас" эпосунун материалдары жогорку /көк/, төмөнкү /жер/ дүйнөсүнүн жана ортоңку /киши/ дүйнөсүнүн өз ара татаал мамилелерин чагылдырылат. "Манас" эпосунун уюткусун негизги бирдик болгон "адам" түзөт. Биз, улуу эпосту изилдөөдө адам өмүрүнүн маңызын түшүнүүгө аракеттенебиз. Адам бул Манас, Бакай, Кошой, Сыргак, Чубак, Алмамбет, Каныкей, Семетей, Айчүрөк, Сейтек ж.б., ошондой эле терс каармандар Алооке, Коңурбай, Көз Каман, Абыке, Көбөш, Канчоро, Чачыкей жана башкалар. Адам аркылуу эл достугун, элдин эркиндигин, көз каранды эместигин, эл үчүн, мекен үчүн курмандыкка даяр турууну, адилеттүүлүктү, жакшылыкты, жамандыкты, табият менен таттуу алакада жашоону улантуу ж.б.у.с. жалпы адамзаттык идеялар эпостун терең мазмунун камтыйт.

Дүйнө элдеринин эпосторунда да негизги бирдикти адам түзүп турат. Кылым карыткан көчмөн жашоо ыңгайында кыргыздардын турмушунда эң башкы орун, эл-журтка анын

[1] Бердяев Н.А. Мое философское миросозерцание.//Философские науки.М. "Высшая школа". 1990.№6.С.- 86.

ичинде эркектерге таандык болуп келген. Кыргыздардын маданий болмушунда үй-бүлөдө эркек баланын жоктугу бактысыздык катары саналат. Бай Жакып баласы жоктугуна арман кылат.

Мойнуна куржун салынып,
Мазарды көрсө Жакып бай,
Буркурап ыйлап, жалынып,
Бербесе Теңир чарам жок.
Беш түлүктөн мал жыйдым.[1]

Кыргыздардын ишениминде Теңир жогорку кудай болгондуктан, ал адамдарга өмүр, бала, бакыт, байлык, тагдыр ж.б. тартуулайт. Биз, мындан бардык адамдардын жашоосу Теңир эркине каршы болбостон, адамдын Теңирдин эркин тутуп, өз ара алака куруу аркылуу өмүрүн улантканды-гына күбө болобуз.

Чыйырдынын кош бойлуу болгонуна үч ай толот:

Бал, шекерге карабайт,
Башка тамак жарабайт.
Жесем деп жолборс жүрөгүн,
Мындан башка самабайт.[2]

Көчмөн жоокерчил жааматтар үчүн эркек бала патриархалдык коомдун башкы баалуулугу болгондуктан, аялдын талгагын канааттандыруу үчүн ар кандай салттык жөрөлгөлөр иштелип чыккан. Каңгайдын кара мергени жолборс атып алганын угуп, Бадалбай аттуу жылкычыга акысына кара кулак чоң жамбы берип, жолборстун жүрөгүн алып кел деп жиберет. Жолборстун жүрөгүн жеп байбиченин талгагы канат. Ал эми залкар манасчы Саякбай Каралаевдин вариантында шердин эти табылбай акыры Кочку аттуу калмак аткан шерди 90 төөнүн буудайына сатып келет. Чыйырдынын шердин этине талгак болгонун эч кимге билгизбегиле деп Жакып туугандарынан суранат. Эпосто жолборстун жүрөгүнүн баалуулугу эмнеде эле? Элдик ишенимде аялдын талгагы канбай калса, анда бала кем, баралына жетпей төрөлөт. Эненин

---

[1] Манас. Эпос. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. 1-китеп. 16-б.
[2] Ошондо. 1-китеп. 51-б.

талгак болушу, баланын "сыйкырлуу" төрөлүүсү, элдик баатырдын туулушун алдын ала кабарлайт. Талгак организмдеги биохимиялык керектөөнүн өсүүсү, ал адамдардын табияттын сырларын терең өздөштүрүүсүн, инсанды калыптандыруунун элдик жөрөлгө аракеттерин камтыйт. Эпосто табият менен адамдын тыгыз байланышы, баатырды баатыр кыла турган жаныбарлар дүйнөсүнүн баалуулуктарын сактай, коргой билүү башкы орунга чыгат.

Эпостор элдин өткөн турмушун чагылдырат. Түрк элдеринин эпикалык искусствосунун көптөгөн үлгүлөрүндөгү кездешкен идеологиялык прасхемалар Өгүз хан баянында жана "Манаста" алардын этногенетикалык жана идеологиялык жалпылыктар менен шартталат.[1] Улуу мамлекетти башкаруу үчүн адеп-ахлактык укукту алууда, Огуз эпосунда жана "Манас" эпосунда түрк кагандары өздөрүн Өгүз хандын тукумубуз деп эсептешкен. Буларды биз, эпостун көптөгөн варианттарында Манастын түпкү теги, бабаларынын ата-тектеринин түрдүү берилишинен улам баамдайбыз.

Көк түрктөрдүн идеологиясында дүйнөнү башкаруу укугу кагандарга Көкө Теңирден берилет. Теңирдин белеги "кутту" алган адам гана дүйнөнү башкарат. Түрк эпосторунда "кут", көктүн (асман) уулдарына гана ыйгарылат. "Манас" эпосунда да Теңирлик башкаруу укугунун идеясы да орун алган.

Оң колуна кара кан,
Кармап түштү кан Манас.[2]

-деп айтылат, мында Теңирдин белеги "кут", эпосто "кара кан" түшүнүгүндө берилет. Манас төрөлгөндө эле Теңиринен "кутту" алганы сүрөттөлөт. Манас Теңир уулу. Теңирлүү Манас. Улуу эпосто Манастын жетекчилигинде кыргыздардын улуу мамлекеттүүлүгүн түзүү идеясы чагылдырылат.

"Манас" эпосунда жаңы төрөлгөн балага ат коюу элдик традициялык мотивдерден. Манаска ат коюуда эл чогулуп, ал

---

[1] Гезалев. Ф. Проблемы идеологической прасхемы "Манас". //Эпос "Манас" и эпическое наследие народов мира. Тезисы международного научного симпозиума посвященного 1000 летию эпоса "Манас" Б.: С. -58–59.

[2] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. 1-китеп. 54-б.

баланын сөөлөтүнө, келбетине тете ысым таба албай кыйналышат. Жакып чогулган элге кайрылат.

Ат асмандан дечү эле,
Жакшы ат коёр бекен?[1]

Биз мындан Теңирчиликтин дүйнөкөрүүм кызматын так туюп сезебиз, ат коюуда адамдардын алсыздыгын, Теңир гана болочок журт башчысынын атын өзү гана атаары жана аныктаары, Жакыптын жогорку күчтөрдөн колдоо күтүүсү да жөн жеринен сүрөттөлбөйт. Балага ат берүү жөнүндө индиялыктардын байыркы китебинде: "Ат - адамдардын байланыш жасоосундагы эң биринчи каражат. Ат адамга сыймык алып келет, анын тагдырын аныктайт. Адам аты менен даңкка жетет, ошондуктан ат коюу салтанаты эң жогорку даражада мактоого татыктуу"[2] - деп жазылат. Жаңы төрөлгөн балага ат коюуда ата-эненин жана туугандарынын ой-тилеги, максаты, мүдөөсү, учкул фантазиясы да чагылат.

Кыргыздар адамдын келечектеги тагдыры, анын тагдыр жолу, анын аты менен байланыштуу болот деп аңдашкан. Жакып баласына ат койдурууда кандайдыр кереметти күтүшү байыркы сакталып келаткан ишенимдин эпосто көркөм чагылышы. Балага ат коюу ырасмысы да Көк Теңирдин дүйнөсү менен байланышат. Чогулган көпчүлүк ылайыктуу ат таба албай турушканда, бир ак күбөлүү дубана асасы колдо шылдырап, жок жерден пайда болот да, балага ысым берет.

"Манас" изилдөөчү К Жумалиев "..Биринчиден, уруучулук коомдо адамдын аты бирден-бир күчтүү курал, жашыруун сыр катары эсептелгендиктен, аны эл алдында айтууга тыюу салынган. Экинчиден, Манастын кабары душмандарга "бичигине" жазылып калгандыктан, ата энеси өзүнүн аты менен атабай жашырып, эрезеге жеткенче "Чоң жинди" деп чакырышат. Манастын өз аты менен атабай "Чоң жинди" сыяктуу "жалган" ат берүүнүн өзү тотемдик ишенимдердин

---

[1] Манас. Эпос. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. 1-китеп. 86-б.
[2] Пандей Р.Б. Древне индийские домашние обряды. М.:1982. С. 37.

бири"[1]-деп жыйынтык чыгарат. Балага чыныгы атын коюлушу байыртадан келе жаткан эпикалык салттарга кирет.

Аттын магиялык мааниси, мында Жакыптын карыганча баласыз жүргөндүгү жана баланын оору-сыркоодон алыс болуусун туюндурат. Манастын атынын өзү мифоним.[2]

Баш жагына "мем" келсин,
Байгамдардын сөөлөтү.
Ортосуна "нун" келсин,
Олуянын поруму.
Аягына «син» келсин,
Арстандын келбети.
Окуп билди Манас деп,
Алла таала сактасын
Аты болду Манас деп,
Ар балаадан калас деп.[3]

Мында көрүнүп тургандай Манас мифониминин пайда болушу тууралуу эпостун Сагынбай Орозбаковдун вариантында жогорудагыдай маалымат берилет. Миф - бул ат[4], ал укмуш, тагыраак айтканда «мифке» атты «миф» берет. Эпостун каармандары ат коюу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылган. Мифтик аң-сезимде ат мифтеги инсан менен байланышкан. Ал укмуштуу ысым, ал сүйлөөчү ысым, көптөгөн укмуштарга күбө болуучу жана алардын ажырагыс, укмуштарды жаратуучу ат да боло алат. Ысым ар дайым магиялык мааниге ээ. Колдогу маалыматтар "Манас" мифонимин этимологиясын талдоодогу эң эле көп айтымдардын бири, эпостун тексттинин өзүндө даана айтылган факт экендигинде. Мында «мем» тамгасынын арапча жазылуу графикасын да эсепке алуу керек. «Мем» Мухаммед пайгамбардын атынын алгачкы тамгасынан алганынан. Ал эми «нун» деле Нук, Ной пайгамбардын атынын баш тамгасы. «Син» болсо жазылышы жагынан арстандын куйругу сыйактанып, текстте да ошого байланыштырылып айтылып турат. «Нук» арабдардын байыркы келаткан

---

[1] Жумалиев К. "Манас" эпосундагы жалпы адамзаттык идеялар. Б.:1999.25-б
[2] Манас энциклопедиясы. 2-китеп Б.:1995. 107-108-бб.
[3] Сагымбай Орозбаков. Кол жазмалар фонду. 572 инв.
[4] Лосев А.Ф. Философия. Мифология. Культура. М.:1991. С.-17.

мифологиясында жер каймактай электеги суу хаосун түшүндүргөн пайгамбар катары белгилүү. «Син» болсо Месопотамиядагы Йеменге чейин тараган ай кудайы, аккад элинин мифологиясындай кудайынын ысымын тергөөдөн улам келип чыккан ат.

Манастаануу илиминде «Манастын» атынын келип чыгышын тегерегинде ар кыл ой-пикирлер, эмгектер, макалалар жаралды. Изилдөөчүлөрдүн көбү «Манастын» аты дүйнөнүн элдерине кудай теңири болуп айтылгандыктан, «Манас» мифтен жаралган эпос (миф) деген корутундуга келишет.

«Манас» эпосу кыргыз элинин рухий дүйнөсүнүн ажырагыс бөлүгүн түзөт. «Манасты» тарыхый - маданий жана философиялык аспектиден үйрөнө келгенде формасы жана мазмуну тереңдиги жалпы адамзаттык маселелерди өз турпатына камтыгандыгы менен «Манастын» изилдөө обьектисин уламдан улам кеңейтет.

Улуу эпосто адамдын тынчтык турмушуна кол салган жоолордон коргонуу, башынан эчен өткөргөн азап-тозоктору, оор трагедиясы, кеңири сүрөттөлгөн.

Атасы Ороз өлгөндө,
Кайра келбес чын жайды,
Кайран киши көргөндө.
Калың жаткан кыргыздын.
Кереге уугун кыйратып,
Келин кызын ыйлатып,
Алооке деген кан чыгып,
Акыр, такыр заманды
Журт башына салды эми.
«Ой, Орозду өлбө!» деп,
Бул өңдөнгөн кордукту
Бендесине бербе! -деп.[1]

Алоокенин чабуулу кыргыздардын жаккан отун өчүрүп, өз мекенинен көчүрүп, чоң алаамат кыргын сүргүндү алып келет. Болмуш адамдар гана аркылуу ачылат. Биз философиялык категория адам болмушу аркылуу адам жашоосунун өткөнүн, ал эпикалыкбы? же ал тарыхыйбы? аларды толук таанып билүүгө жана өздөштүрүүгө умтулабыз. Болмуш ал реалдуу болгон, ал сөзсүз болуучу адамдык турмуш, адам андан алыстап кете албайт. Киши болмуштун түрдүү абалдарына кириптер болгондуктан, эпостун сюжеттери да көп мазмундуу.

---

[1] Манас. Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант. 1-китеп.7-б.

Бүгүн көргөн эртең жок,
О, чиркин ушундай экен дүйнө бок!
Атаганат жаш балдар
Айланы кандай кылабыз! [1]

Мында киши өз керт башына жана жааматка коркунуч түшкөндө, адам өз өмүрүнүн "убактылуулугун" аңдап билет. Кишинин болмуштун курч кырдаалдарында эч нерсеге арзыбастыгы, душмандарга катуу каршылык көрсөтүү чарасынын жоктугу баамдалат. Контексте сүрөттөлгөндөй адам бул дүйнөдө кароосуз калган жандай. Киши жааматтык абалын туюнуу менен дүйнөнү бүт турпатында таануурга далбас урат. Ал абал жеке керт баштын абалын түшүнүүдөн мурда жамааттын жашоосун түшүнүүгө алдыдагы боло турган мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө ойлонууга түртөт. Киши болмуштун кыйын абалдарында, эркиндикке жана көз карандысыздыкка жетүүгө умтулуп, өз болмушун курат.

Адам маселесин изилдөөдө анын болмушу орчундуу маселе катары каралат. Философия илиминде киши бир жагынан обьективдүү реалдуулуктун өкүлү, экинчиден ал субьективдүү реалдуулукту жаратуучу, адам эки реалдуулуктун кесилишинде турат, болмуш кырдаалдары менен бетме-бет беттешип, кел-кели келип турат, кээде кет-кетти келет. Демек, киши болумдун дал ортосунда турат.

Болмуштун дал ортосунда турган адамдын ой жүгүртүүсүндө дүйнө кыргын-согуш, азап чегүү, жамандыктар үчүн эле жаратылганбы? Жамандыкты жакшылык менен канткенде жеңүүгө болот? деген адам болмушундагы түбөлүктүү маселелерге жооп издөө, жооп табуу аракеттерин жасайт. Адамдын болуму гана эмес, анын жан дүйнөсү да бүлгүнгө учурайт.

Ороздунун Ордонун
Түркүгүн сууруп алды эми.[2]

Эпосто метонимикалык ыкмалар көп колдонулат. Мында «түркүк» түшүнүгү реалдуулуктан башка да рухий «түркүк»

---

[1] Манас. Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант. 1-китеп.7-б.
[2] Ошондо. 10-б.

жөнүндө ойго бизди алып барат. Биринчиден Ороздунун доорунда элдин калыптанган күчтүү рух, рухий таянычтын (эпос, дин, идеология, мыйзам) түзүлбөгөндүгү, тышкы душмандарга каршы тура алган элдик рухтун, ураандын жоктугу сүрөттөлөт. Экинчиден «түркүк», «түрк» этимологиясына да байланышы бардай сезилет, булар түпкүлүгү бир этноско таандык болушу мүмкүн. "Манас" эпосу пайда болгондон баштап, ал этноско руханий «түркүк», таяныч, кыргыз идеологиясынын миссиясын жана кызматын өтөп келет.

Тарыхтан далай суулар агып, далайлаган элдер, эрлер өткөн. Коомдук Сынак-чакырыкка Жооп кайтарган руханий күчтүн таасиринде кыргыз маданиятында Манас феномени жаралгандап баштап, ал кыргыздардын аң-сезиминде коомдук идеологиянын кызматын аткарууда.

Эпосто эмгек темасы башкы орунда турат. Эмгекке жана сабырдуулукка үндөө менен эле, эмгек жумуштарын жасоо адамды эркиндикке чыгаруучу, кишинин капасын жоючу каражат катарында бааланган.

Акбалта тилин алалы,
Агызып терди маңдайдан
Аштыкты кенен салалы...
Кара жерди биз быйыл,
Кетмендеп жатып оёлу.
Эми мээнет кайтты деп,
Малга тунуп калышып.
Санаасы менен болуптур,
Сандыгынын баарысы
Сары алтынга толуптур.[1]

Ыр сабындагы жумшалган мээнет менен өз эмгегинин үзүрүн көрүүгө жумшалган маңдай тер менен колдун күчү, кишини тың оокатка жеткирип, каалоосун ишке ашары сүрөттөлөт. Эмгек адам болмушунун маңызын ачууга түрткү берет. Кишинин ар намыстуулугу анын чогултулган эмгек байлыктарынын аракети катары көрүнөт. Акбалта акылман билгич карыя. Акбалтанын демилгеси аркылуу кара курсактын камы гана жасалбастан, туулган жерине жетүүнүн да аракеттерин кылышат. Биримдик жана эмгек, адамдын жамааттык максаттарына айкалышып, элдин ынтымагы жана

[1] Манас. Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант. 1-китеп.15-б.

ырашкерлиги артат. Эми Жакыпта төрт түлүк мал да, эсепсиз байлык да бар, алар аны кызыктырбайт.

Кара жаак айбалта
Муну кайкалатпай ким аштайт?
Камоодо жүргөн калың журт,
Муну капа кылбай ким баштайт.[1]

Калың журтту Ким баштайт? -деген тексттеги суроонун берилиши мыйзамдуу, жамааттын алдына жаңы милдетти коёт. КИМ? Мында адам болмушунун уюштурулушу, элдин эркиндиги, мамлекеттүүлүккө ээ болуу башкы планда турат. Адам болмушунун Сынак-чакырыктарында эл журтту үчүн кашык канын, чымындай жанын аябаган, элдик идеалдуу баатырдын элеси, образы кыргыздарда кылымдар бою, көз алдына тартылган. Ал болгондо да, баатыр Манас болгон. Элдик ой толгоодо эл-журтту жетик адам баштары, артынан ээрчитери айтылат. Начар адам журтту ээрчите албайт, ээрчитсе да ара жолдо калтырат. Тарыхта андай начарлар өз болмушун таппай, түшүнө алышпай, түшүнүктөрү жетпегендиктен, аягы коомдун болмушун талкалап, кара жандын айласы кылып эл-жеринен качып жиксиз жоголот. Ким - дегендик өзү болмуш, адамдык болмушту ачканга ташталган ар намыс чакырыгы.

Ошол Кимди ким кылган касиет белгилери бар беле? Алар Манас туула электеги Чыйырдынын жолборстун жүрөгүнө талгак болушу, туулганда оң колуна Теңирдин «кутун» кармап түшүүсү, кереметтүү түштөр аркылуу аян болгон сырттандык, айкөлдүк белгилери, кытай бичигине «Манас» ысмынын жазылышы жана Нескаранын көп кол менен туула элек, жаш бала Манасты издеп чыгышы ж.б. Демек, калың журтту бир гана Теңир дүйнөсүнүн өкүлү, Теңир тандаган баатыр, Теңири Манас жол баштайт.

Адам өз жашоосуна камкордук көрүп, жоопкерчиликти мойнуна алат. Адам өмүрү болмуштун өтөө ыгын тандап алууга өбөлгө түзөт.

---

[1] Манас. Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант. 1-китеп. 17-б.

Атадан не үчүн туубапмын,
Аманат жаным чыкканча,
Намыс жолун кубамын!
Энеден не үчүн туубапмын,
Эрлердин жолун кубамын.[1]

Ар-намыс моралдык аң-сезим түшүнүгү ал татыктуулук категориясы менен тыгыз байланышта каралган этика категориясы. Ал татыктуулук түшүнүгүнөн айырмаланып, ар-намыстуулукта инсандын моралдык баалуулугу адамдын конкреттүү коомдук абалын, анын кесибинин түрү, анын белгилүү моралдык сиңирген эмгеги менен байланыштырылат.[2] Жогоруда «намыс» түшүнүгү адам болмушунда милдет, парз, түшүнүктөрү менен биримдикте берилет. Манас кыргыздардын беделин коргойт.

Батыш философиясынын алкагында адам аң-сезимдүү жандык катары түшүнүлөт. Элдик эпосто адамды адам кылган башкы сапат ар намыс, мекенчилдик жана элдүүлүк. Жамааттагы ар-намыс түшүнүгү эл-жерди сүйүү, эрдик жасоо, кайраттуулук касиеттер менен тыгыз байланышта берилип, ошол доорлордо өлсөң өл, бирок, сырыңды алдырба, намысыңды бербе деген насаат сөз, өмүрдүн талабы болгон. Адам ички руханий дүйнөсүн кура албаса, анда ал терс мүнөздөгү жоруктардын алдында басылып, жетик адам болуудан калат. Адамдын социалдашуу процессинин жүрүшү коомдук Сынак-чакырыктарга карата адамдын жеке жана жамааттын кызыкчылыктары үчүн жанын аябастан күрөшүүчүнү даярдайт. Адамдын жеке жоопкерчилигиндеги милдеттеринин коомдук маанисин белгилейт.

Манастын жамаат алдындагы милдеттери булар:

1). Элдин башын бириктирүү, ынтымагын бекемдөө.

2). Акылман, билги адамдардын тобун түзүү. Кубаттуулук.

3). Алоокенин эзүүсүнөн эл-жерди бошотуу, ата конушуна кайтып баруу. Демек, эпикалык окуялардын жүрүшүндө

---

[1] Манас.Эпос. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. 2-китеп. 24-б.

[2] Этика боюнча сөздүк. «Кыргызстан» басмасы. Ф.: 1983. 32-33-бб.

Манастын миссиясы, кыргыздардагы адам болмушун уюштуруу, болмушун таап, болмушун толук ачуу болгон.

Маданияттын философиясы жана теориясында адам типтери, моделдери, идеалдары түзүлөт. Моделдөө методу изилдөөчүгө адамдын социалдык маданий турмушунун ар түрдүү жактарын, бир бүтүн тутум катары өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк ыйгарат. Эпостогу адам типтерин талдоодо адам болмушуна таандык адамдын (каармандын) «өз», «биз» жана «алардын»[1] өз ара байланыштарында, өздүк жана жамааттык парз, ар-намыс, кадыр-барк, берилгендик, эмгекчилдик, турмуштук позиция, эрдик, милдет ж.б. аткарылышында субъектиде орун алган негизги касиет сапаттары аныктайт.

Алар: 1). «Акылман адам»
2). «Айкөл адам».
3). «Эр жүрөктүү адам».
4). «Баскынчыл адам» тибинен турат.

«Акылман адам» адам болумунун көйгөйлүү маселелерин акылдын жана ойдун күчүнө салып чечишет. Элди эркиндикке жана азаттыкка баштап, элди биримдик ынтымакка чакырган Акбалта, Бакай, Кошой, Канықей акылмандардын үркөрдөй тобун түзүшөт.

Акбалта улуу эпосто жолуккан алгачкы акылман. Алтайга сүрүлгөн кыргыздар анын акылы менен оокат кылып жан багып, кийин күтүрөгөн мал дагы, байлык да күтүшөт. Манастын өсүшүнө өзүнүн акыл-эсин, тарбиясын аябайт. Жоо жакадан алып турганда чет жердик душмандарга кор кылбастан, Акбалта жаш балдарды белге таңып, медер кылып, Манасты эрдик идеяларга тарбиялаган, келечекти көрө билген даанышман.

Бакай эл башындагы баатырларды туура жолго салган кеңешчи, алты айлык болоор жакшылык менен жамандыкты алдын ала көрө билген көсөм. Ал кыраакылыгы менен ак-караны так ажырата алгандыгы, кыргыз урууларынын өз ара ынтымагы үчүн жан аябай күрөшкөн мыкты сапаттары менен башкалардан жогору турат. Бакай «караңгыда көз тапкан,

---

[1] Акмолдоева Ш.Б. «Манас» ааламы. Б.: «Илим». 2003. -99-100-бб.

капилеттен сөз тапкан» эл урматтаган карыя. Бакай гана өмүр бою Манаска кандай ак кызмат өтөсө, анан баласы Семетейге, небереси Сейтекке дагы ак-ниетинен берилип кызмат өтөйт. Акадёмик В.М.Жирмунский Бакай туурасында: «Илиадагы ак чач Нестор, орто кылымдагы француз эпосундагы герцог Нэм Бабарлык, «Жангардагы» Алтын Цежи «Сэсундук Давиддеги» Армян баатырлардын жашы уулу тууганы Кери Торос аба сыяктуу карт баатырлардын жана эпикалык өкүмдарларын эске түшүрөт»[1] -дейт. Манасты Манас кылган Бакай ал үзүлгөнүн улап, чачылганын жыйнап, сайып жүрүп бак кылган, салып жүрүп там кылган акылман. Кыргыз элинин менталитетинде кутман кары көсөм Бакай акылман адам тибинде жашайт.

Кошой негизги оң каармандардын бири, элдин башын кошуп туура жолго баштаган акылман карыя. Манас баштаган кыргыз баатырлары кадырлап зор урмат менен «Абам Кошой карыя» деп ызатташат. Кыргыздар Алтайдан Ала-Тоого көчүп келээрдин алдында Манас атайы Ат-Башыга келип, кан Кошойго жолугуп анын кеп-кеңешин угат. Анда аярлык, көрөгөчтүк касиеттер топтолгон. Кошойдун батасынан Семетей төрөлөт, аты да алдын ала коюлат. Кошойдун образы байыркы түрк элинин акылманы Коркуд атанын, Карель-финдердин «Калевеласындагы» даанышман Вейнемейнендер менен тектеш.

Эпикалык адам тиричилигинде аял менен эркек, кары менен жаш, кан менен калың калктын да өз ара мамилелери сүрөттөлөт. Манастын жары Каныкей акыл айткан кеңешчиси, кыйынчылык башка түшкөндө айлакер, амалкөй жардамчы. Эпосто адамдык түрдүү сапаттарды аркалашкан, өз милдеттерин аткара албаган аялдардын образдары кездешет. Аялдарга балага эне жана мыкты тарбиячы болуу менен катар эле, баатырдын жакын жардамчысы болуу милдети тагылган.

«Маната» чыныгы жар, аялзаты жөнүндө элдик идеал, элдик түшүнүктөр бир кыйла кеңири чагылдырылат.[2]

---

[1] Жирмунский В.М. Тюркский героический эпос. Л.: 1974. С. -62.

[2] "Манас" дүйнөлүк маданиятын улуу мурасы. «Шам» басмасы. Б.: 2003. 152-б.

/Каныкейдин кызматын/, /Катындын бирөө кылган жок/[1] делип, анын акылдуулугуна, жөндөмдүүлүгүнө,иш билгилигине зор таазим жана урмат көрсөтүлөт. Манас мурунку аялдарын душмандарын жеңгенде тартууга алат.

Карабөрк менен Акылай
Катыным деп ойлойсуз.
Карап турсам өзүңүз
Кадимкидей бойдоксуз. [2]

Алмамбет Манастын аялдарын бир көрүү менен алардын кулк-мүнөзүнө сын айтып, жарадар болгон жолборстой үндөбөй үйүнө кетип калат. Чынында Манастын ак никелеп алган жары жок эле. Үй-бүлө курууда нике эркек менен аялдын жоопкерчиликтерин, өз ара милдеттерин бекемдейт. Карабөрк менен Акылай Манастын адамдык болмушунун түмөн түйшүгүн, жашоонун оор-жеңилин, азап-кайгысын колдон-буттан алып кете алышпайт.

Адамдын бийликке, жамааттык атак-даңкка жетүүсү аялзатынын акыл-эстүүлүгүнө, камкордугуна жана ишмердүүлүгүнө тыгыз байланыштуу. Акыл-эс тааным парасаты адамдын ички руханий дүйнөсүн нурлантып, адамдын болмуштагы ордун тереңден таанып билүүгө, жамааттык мамилелерди туура уюштурууга катышат.

Каныкейди боло турган жакшылык, жамандыкты биле турган көзү ачыктык касиет коштойт. Анын акылмандыгы Көкөтөйдүн тоюнда, Чоң Казатка чоролордун аттануусунда көрүлгөн камылга иштеринде, Манастын сөөгүн коюуда жана ага күмбөз салдырганда көрүнөт. Каныкей сарамжалдуу ууз жана сүйүктүү, мээримдүү жар. Манас менен Каныкей бири-бирин толуктап, жалпы кыргыз журттунун камын чогуу көрүшөт. Каныкей акылман тарбиячы, саяпкер, кыргыз элинин тагдыры үчүн ой толгоп, чымындай жанын аябаган кайратман эне.

Ошентип «акылман адам» тибинде жамааттын идеологиясында акылмандуулуктун топтолушу, жакшылык

---

[1] Манас. Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант. 2-китеп. 203 -б.
[2] Манас. Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант. 1-китеп. 241 -б.

менен жамандыкты таанып билүү, акыл эстин коомдук турмуштагы ордуна артыкчылык берүүгө байланышкан идея чагылдырылат. Манастын башчылыгы астында акылман, билги, көсөм адамдардын чакан тобу түзүлөт. Акылмандар жамаатта кадыр-барктуу, батасы журтту байыткан адамдар. Алар калың журтту артынан ээрчитип, болмуштун Сынак-чакырыктарына Жооп таап, элдин жана мамлекеттин өнүгүшүнө салым кошушат.

Үчилтиктин кийинки бөлүмдөрүндө «акылман адам» тибине оң-тетири, тескери мамиле жасалат. Абыке, Көбөш алты арам, атуулдук жактан жетилбеген ач көз, эки жүздүү терс сапаттагы кишилердин тобу, Манас өлгөндөн кийин арамдык, чыккынчылык иштерди жасашат. Эпостун контекстинде жалпы элдин милдети катары «акылман адам» тиби көздүн карегиндей корголууга, каралууга тийиш деген орошон ой айтылат. «Акылман адамдын» өкүлдөрү кордолсо, кыргыз ордосу алсырайт, таланат. Демек «акылман адам» тиби жамаатты бийлик, күч менен башкарбаштан билгичтиги, акылы жана батасы, турмуштук өрнөгү аркылуу калың журтту уютуп, Манаска кол кабыш кылышат.

«Айкөл адам» тиби. Адам болмушунун символу болгон бир гана Манаска таандык. Айкөл Манастын туруктуу эпитети.

Алмамбетке көп айтып,
Айкөл Манас бек айтып.[1]...
Асман менен Жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй.[2]

Асман-Жер-Адам. Манас байыркы кыргыздардын алгачкы башкы адамы. Асман менен Жердин ортосунда адам дүйнөсү жайгашкан. Манаста Көктүн жана Жердин касиеттери биригет. «Айкөл адам» өзүнө чейинки жана өзүнөн кийинки адам болмушун бириктирет. Адам Көк менен жана Жердин оң сапаттарын алып жүрсө, ал түрдүү жамандыктарды жеңе алат. Эгер адамдын жердик өзүмчүлдүк, көрө албастык, ашкере керектөөчүлүк терс сапаттары үстөмдүк кылса

---

[1] Манас. Эпос. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. 3-китеп. 149-б.
[2] Ошондо. 2-китеп. 148-б.

жакшылыктарды жасай албайт. Кыргыздардын Көктө Теңири, Жерде Мекени, Жүрөктө Айкөл Манасы болгон. «Айкөл адам» Теңирлик күчтү өзүнө бириктирип, табият менен тыгыз байланышта жашоо өткөргөн адамдын идеалын чагылтат.

«Эр жүрөктүү адам» тиби. Эпостун бай материалдарында «эр», «эрен», «шер» түшүнүктөрү жолугат. Кыргыздын кандары, акылмандары жана жоокерлери «Эр» атына татыктуу болуп, атак-даңктын ээси болушкан. Көчмөндүк болмуш тиричилиги ата уулдарынан «эр» болууну талап кылган кырдаалдар кездешет.

Найзакерден артык эр,
А дагы ааламга чыр салган.[1]

«Эр» касиети Манастын бабасы Караканга да тааандык болгон. «Эр» түшүнүгү өсүп келе жаткан жаш муундун аркалап кете турган милдети катары сүрөттөлөт.

Эркек бала эр болсун
Эр болбосо ал бала,
Туулбай кара жер болсун.[2]

Теңир дүйнөнү жаратканда ар бир заттын, жандын касиетин кошо жаратат. «Эр» түшүнүгү Манастын чоролоруна карата колдонулат. Эр Чубак, Эр Сыргак, Эр Шууту, Эр Төштүк ж.б. Жалпысынан алганда «эрдик» касиет Манастын ажырагыс сапаты катары бүткүл чыгарманын жүрүшүндө чагылдырылат. Эпосто «эрдин» буюм-тайымдар дүйнөсүнө өзгөчө көңүл бурулат. Алар: а). акыл-эстүү аялы; б). досу, чоролору; в). күлүк аты, тулпары; г). курал жабдыктары; д). эрдик иштери; е). коштогон жан-жаныбарларынын (кушу, ити, төөсү) болуусу зарыл. Эр жүрөктүү адамга өзгөчө урмат-сый көрсөтүлүп «башым тартуу, атым тартуу» деп сүрөттөлөт. Алмамбет келгенде Манас Аккуланы баш кылып бир нече тулпарды, жоо куралдарына чейин аябастан тартуу кылат.

«Баскынчыл адам» тиби. «Манаста» эпикалык оң типтеги каармандар менен катар эле, терс мүнөздөгү каармандар сандап кездешет. Баатырлык салтка ылайык эки тараптын

---

[1] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. 1-китеп. 27-б.
[2] Ошондо. 27-б.

жоокерлеринин артыкчылык кылган сапаттары да арбын. Коңурбайда күч-кубат, айлакерлик, баатырдыгы да бар. Ал кытайлардын каны жана аскер башчысы. Алооке, Коңурбай Манастын эле душманы эмес, Сынак-чакырык ташталган кыйын кезеңдерде баскынчылык менен кол салган, өзүнүн үстөмдүгүн орноткусу келген элдин душмандары. «Баскынчыл адам» тибине Алооке, Эсенкан, Коңурбай, Жолой жана башкалар алдамчылык, амалдуулук, ач көздүк, кекчилдик, карасанатайлык, эки жүздүүлүк менен кол салышкан тышкы душмандар кирет.

Манас жана анын кырк чоросунун өз ара мамилелери. Тарыхчы, профессор КР УИА-нын мүчө-корреспонденти Д.Жунушалиев: «... уруучулуктун иденттүүлүгүнүн социалдык-психологиялык негизин коллективдүү каада салттар, салташкан жамаат, топтук баалуулуктардын өз ара жардам берүүлөрдүн түрдүү формаларында көрүнөт: тууганчылык, журтчулук, коңшулук, ынтымак, жардам, кошумча, ашар, саан күчүн берүү, мингичти убактылуу берүү ж.б.» деп кыргыздардын иденттүүлүгүн баса белгилеп өтөт.[1] Кыргыз коомунун биринчи уюмун өз алдынча түтүн булатып, бөлүнүп чыккан түтүн (үй-бүлө) түзгөн. Түтүн дегенибиз тамак-ашты өз алдынча жасап, тиричилик өткөрүшкөн белгилүү бирдиктеги уюм.

Тарыхта болгон аскердик-демократиялык түзүлүштө ири аскер башчыларынын 40 же андан көп черүүдөн түзүлгөн тандамал кошуундары түзүлгөн. Манастын 40 чоросу да кыргыз урууларынын чыккан адам сырттандары, баатырлар анын негизги таяныч күчү. Алардын ичинен Бакай менен Сыргак гана атасы Жакыптын бир туугандарынын балдары.

Атсыз келди кээ бирөө,
Атсыз келген чорого
Аркар аяк, жез билек,
Ат күлүгүн мингизди.
Тонсуз келген чорого,
Тон мыктысын кийгизди.
Катынсыз келген чорого,
Оймок ооз, бото көз
Келеңгер чачпак, кең соору
Зайыптуу кылды эр Манас.

---

[1] Джунушалиев Д. Традиционный общественный строй и культура быта кыргызов. // Цивилизация скотоводов и земледельцев Центральной Азии. Б.: 2005. С. – 267.

Кош бадана торгой көз
Келеме бото кең күрмө,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Үйсүз келген чорого,
Кадимкидей кыйчайбай
Ордо берди зор Манас.[1]

Кан Манастын кырк чоронун алдында милдети: чоролорду аял, үй, минерине ат, жоокердик курал жарактар менен камсыз кылуу. Манас алардын болмушун курат. Чоролордун Манаска карата болгон милдеттери: баары жан дилинен Манасты жана анын эли-журттунун бүтүндүгүн коргоо идеясы баш коштуруп, алар атуулдук ант берүү менен бекемделет.

Биз эпостогу адам тибин талдоо аркылуу, киши болмушунун көп кырдуу жактарынын табышмактуу сырларын билүүгө умтулабыз. Кан Көкөтөйдүн ашында Мааникерге байланышкан ири окуя орун алган. Манжуу каны Нескара Көкөтөйдүн ашында чатак салып, алакандай кыргызды чаап алсам деген бузуку ой менен келет. Анткени Манас Алтайды жердеп турганда миң төөнүн пулун тарттырып, миң балбанын кырдырып Эсенкандын алдына качып кетүүгө аргасыз болуп, акыры түбү Манаска өчтүү душманга айланат.

Нескара ажайыптан окуган билгич, адамдан артык сынчы. Чоң аштын жүрүшүндө буруттун баатыр, эрендерин сынай чубатууга салып, баарын байкайт. Алп Кошойду сынап жашы 85 жетиптир, кайратты боюнан кетиптир, бул өңдөнгөн чалдардын сексенине тойбоймун дейт. Эр Төштүктү сынап, эрдин сырттаны экен, алты жылга оңолбос эти калган көк жашык, каны калган бир кашык, алышып көрсөм жеңем дейт. Эр Көкчөнү көрүп, кыз кайраттуу бадирек деп, эр Агышты сынап бүткөн бою тарамыш, кармаганын кууратат деп, аны бир аз жактырат.

Көкбөрүнү сынап, ары балбан ары шер, кырк күнчүлүк сайышка чыдап берчүү эр экен, кантсе да темир торду ыргытып, теги азапка салаармын дейт. Андан ары Кокон ханы Козубекти көргөндө кодоңдогон деп, Маргалаңдын Малабегин желедеги кулундай чодоңдогон деп, Анжыяндын Сынчыбегин эркек кара каргадай модоңдогон деп катуу сындап, Манастын

[1] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. 2-китеп. 74-б.

ашта жоктугун билет. Айтор Нескаранын сыноосунда адамдын балбандыгы, күч-кайраты, эрдиги, кайраттуулугу, өжөрдүк сын-сапаттары менен эле жаш куралтары, ошол өткөн чактагы эрдин жоокердик дараметинин алсыздыгы, атына затынын дал келбестиги сыяктуу сан-сапаттык турпаттары сүрөттөлөт.

Манжуу каны Нескара Мааникер тулпарды зордугу менен сураганда, аш өткөрүп дардаңдаган Бокмурундун жүрөгү түшүп, кан Кошойго келип кеңеш кылат. Манастын абройун, эрдигин-шердигин жогору баалаган карыя Кошой элди калмак, манжуудан бир сактаса Манас гана кырк чоросу менен сактап калат деген ойду айтат. Анан түн ката шашылыш чабарманды жөнөтүп, Манас кырк чоросу менен келет. Кыргыздардын башына кыйынчылык түшкөн кырдаалдарда Манас эске келет, аны эстейт, колдоо жана жардам күтүшөт.

Жыргалдуу Манас кабылан,
Эр эсине бир түштү.[1]

Аштын жүрүшүндө кооптуу кырдаал түзүлөт. Кийин «Көкөтөйдүн ашы, көп чырдын башы» деп тарыхта калат. Душман тараптын Мааникерди суроосу кыргыздарга ташталган Сынак-чакырык. Жамаатка ташталган Сынак-чакырык Жоопсуз калса, анда ал коркунучуна тартат, ал уламдан күчөп коомго терс кырдаалдарды таңуулап, калмак менен манжуулардын кордугу күчөп, өз билгендерин жасашмак. Ташталган Сынак-чакырык тез жана туура чечүүнү талап кылат. «Эр жүрөктүү адамдын» жан дүйнөсү жооп издейт, руху намыстанат. Сынак-чакырык этностор аралык карым катнаштын эки жолдун бирөөсүн тандоону шарттайт. Биринчи жол Бокмурун баш болгондор сырткы душмандын баскынчыл жана зордукчул түрүн көрүп чочушкандыктан, чырды ырбатпай Мааникерди тартууга берип тынч тарайлы деген чечимди карманышат. Экинчи жол Манаска бир ооз айталы, аны чакыралы өзү билер, чечээр деген ойдо болушат. Мындай кооптуу кырдаалда эр адамдын руху өзүн колго алып, адам рухунун тарыхтагы буйрукчул чечими аракетке келет.

---

[1] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. 2-китеп. 28-б.

Мааникерди берүү жөн маселе эмес ат, тулпарлар кыргызды кыргыз кылган намысы болгон. Тулпар эрди эр кылган дөөлөт. Мааникер жамааттык ар-намыстын курч маселесине айланып, эрлерди сынайт. Манас үчүн Мааникердин баасы-баркы эмнеде? Душмандар эмнени каалайт? Манас эмнени каалайт? Балким эртең Аккула, бүрсүгүнү Чалкуйрук, анан Карткүрөң жана башка тулпарлардан ажыроо, ар-намысын тепсетүү, акыры баш ийүү менен аякталмак. Дегеле аштагы ат маселесин калпыс чечүү, жаңы Сынак-чакырыктардын чукулунан чыгышын күчөтмөк.

Мааникер эр жүрөктүү адамдын дөөлөтү, намысы, энчиси ал эрдин колунда болууга тийиш, жыйынтыгында тулпар элдин намысы, бак-дөөлөтү. Кыргыздар Мааникерди берүү менен Нескара, Коңурбай тарапты «эр жүрөктүү адам» сапатында кабыл алууга аргасыз болушмак. Түзүлгөн кырдаалга «Айкөл адамдын» берген Жообу тулпарды эч кандай берүүгө болбойт! Манастын инсандык жактан толук жетилип, өскөндүгү көрүнөт. Манас жоодон тартынбаган көк жал баатыр. Жаалданган Манас баштаган кырк чоро калмактардын зомбулугун токтотуп, мизин кайтарат. Эң соңунда элди, кыргыз баатырларын теңине албаган Нескара, Коңурбайлар өз аттарын тартуулап, Манастын ачуусун басып, алдынан өтүшөт. Ошентип ат алам деп, ат берип калмак, кытай кандарынын абирийи, ар-намысы кетет. Жамааттык Сынак-чакырык Манастын эрдик сапаттарынын ачты. Мааникер үчүн өлүмгө башын байлоо, анын каалоосунун аткарылышына алып келди. Манастын эркинде ат берүү, намысын кошо берүү дегенди билдирет. Манас Мааникерди кайтаруу аркылуу, элдин ар-намысын ойготуп, кыргыздарды болмушун жаңы баскычка чыгарат.

Көчмөндүк жашоодо ат маселеси, эң эле өксүк, орду оңой менен болбогон-толбогон маселе. Ат бүтүндөй кыргыздардын болмуш ресурстарын көрсөтүүнү талап кылат. Аштын жүрүшүндө баатырлардын, адам типтеринин ишмердүүлүгү алдыгы озуп, алар ашта коюлган бардык оюндардын байгелерин утуп, кыргыз болмушу толук бойдон ачылып, элдин эңсегени орундалды. Жанын курман кылып чабышуу

менен Манас элдик баатырдын атак-даңкына бөлөнүп, Манастын ысымы жалпы түрк этностору менен жакын жана алыстагы элдерге чейин белгилүү болот.

Адам тиричилигинде ар кимге буюрган «ырыскы», «насип» адамды адам кылып, кээде жамаатты кырсыктан, кээде өлүмдөн дагы сактап калат. «Ырыскы» түшүнүгү адамдыкты, тирүүлүктү болтурган улуу түшүнүк болуп саналат.

Ушул турган калың журт,
Бир ырысы бар экен.[1]

Байыркы кыргыздардын түшүмүндө ыйман, адамгерчилик, топуктуулук башкы адамдык касиеттер.

Жолойдун түрүн көргөн соң
Жакындап адам жолойбу.
Ырыска кемчил жакыр кул,
Ыйманы жок каапыр кул.[2]

Ыймансыз киши дене каалоосунун жана напсинин кулуна айланат. Жолойдун ыймансыздыгы анын атасы бар, батасы жок, энеси бар, никеси жок төрөлгөндүгүндө жатат. Адамга ыйман Теңирден жана бир никеде турган ата-энеден берилет. Коомдо жаш үй-бүлөнүн качан никеси кыйылганда гана мыйзамдуу түрдө бир бүтүндүк катары таанылат. Көкөтөйдүн ашында Жолой кан башы менен ачкөздүккө алдырып, балбан күрөштүн байгесин алууга кызыгып кармашка түшөт. Жолой өз ырыскысына топук кылбайт, ал соргоктугунан бир күндө тогуз бука, тогуз кочкор, тогуз буура, тогуз доңуз этин жечү имиш. Эпосто балбан күрөш кырк беш күнгө созулат. Кошой карыя Жолойго даам сыздырбай анын «ырыскысын» кемитип, алын кетирип жүрүп жыгат. Адамга өз ырыскысына тоо кылуу, ага Теңирлик күч кайрат берип, намысына келтирет. Балбан күрөштө алп Кошой жеңип, алган байгесинин бир бөлүгүн карыптарга, бечараларга бөлүп берет.

Көчмөн коомдо кымбат баалуу белектердин ичинен аргымак, тулпарды алуу жогору бааланган, биринчиден ат адамдын канаты, ат менен адам болмуштун бардык

---

[1] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. 1-китеп. 37-б.
[2] Манас. Эпос. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. 3-китеп. 186-б.

кырдаалдарын т.а., тайгак кечүү, ашууларын, агын сууларын бир басат, аты менен эрдик атак-даңкы чыгат, экинчиден күлүк тулпар, сулуу кыз, ак шумкар эр адамдын буюмдар дүйнөсүнүн ажырагыс бөлүгүн түзөт. Жамааттык доордо эли-жерине кызмат өтөп, ар-намысты туу тутуп, жоокердик милдетин эл алдында так аркалаган атуулга «Эр» даражасы ыйгарылган. Манас жана анын акылман адамдары калың журтка башчылык кылып, аларды тарых майданында жаңы жүрүштөргө, жаңы турмуш курууга ээрчитет, үндөйт.

Көп кылымдар бою кыргыз коомундагы негизги деп саналган адам аскер башчысы баатыр болгон. Бул фигуранын социалдык мааниси өзгөрбөстөн кала бергени менен анын түрү өзгөргөн. «Манаста» аскер башчысы мурунку абалынан, кийинки коомдун төбөлдүк күчү басымдуулук кылган этапты өзүнө камтыган. Тарыхчы, профессор С.М.Абрамзон «бул өткөөл этап аскердик демократия деп аталган коомдук абалга бир кыйла жакын болгон деп ойлойбуз» деген пикирин айтат[1]. Эпосто чагылдырылган социалдык келишпестиктер алгачкы жамааттык түзүлүштүн акыркы этабына таандык коллективдүү башталыштын феодалдык укладдын калыптанышынын дооруна мүнөздүү эски коомдук мамилелер менен күрөшүү өзүнчө бир аскердик демократиялык түзүлүштүн негизинде жайылтылат.

Көкөтөйдүн ашынан чыккан чыр-чатактардан, андан соң жети кандын чатагынан улам кыргыз коомунда бузулуу, ичтен кыйроо стадиялары жүрө баштайт.

Төбөсүнөн Манаска,
Баспайт деген эмне?
Төрт түлүгүн кедейдин,
Чачпайт деген эмне?

Мында «төбө» бийик, жогорку, маанилүү дегенди билдирет. Адам денесинин талуу, көрүнгөн жери. Көчмөн коомдо чарба иштеринде төрт түлүк малдар жылкы, ири

---

[1] Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалган эмгектер. Б.: «Сорос-Кыргызстан». 1999. 117-б.

мүйүздүү уй, кой жана эчки күтүрөтүп багылат. Контекстин маанисиМанастын ордосун басып, кыйратып жок кылуу.

Жети кан, кан Кошойдун тилин албастан Манасты чаап алабыз деп аттанышат. Кол кайрыган аскери жок, кырк чоронун кайрат каарынан жазганып, жети кан Манастын алдына айдалып барат. Алар Манастын каардуу жана адилеттүү суроосуна жооп бере алышпайт. Ошондо эштектердин Жамгырчы эбин таап сөз баштайт.

Арстан Манас баарында
Атактуу Бээжин жер менен,
Атышалы деп келдик...
Алыска кийсе баатырга
Тон бололу деп келдик,
Алыска сапар жол жүрсө,
Кол бололу деп келдик.[1]

Мында жамааттык ички Сынак-чакырыктар ташталат. Жооп катары көп аскер топтогон кандардын колун Бээжинге аттантууга даярдык иштери көрүлө баштайт.

Улуу эпосто Каракан, Жакып, Манастан тартып жамааттык турмуштун бардык маанилүү окуяларына, өзгөчө согуштук жортуулдардын алдында акылман карыяларды, уруу башчыларын, кээде бүтүндөй элди кеңешке чакыруу өз маанисин жоготпой сактап калган. Бээжинге чоң казатка бараардын алдында Манас башкы кол башчыны шайлоо сунушу менен кыргыз урууларынын башчыларына кайрылат, алар Бакайды шайлашат. Кеңешүү жамааттын баш мыйзамы. Кеңеш жаңы чечим кабыл алуунун жамааттык биримдиктин күчтүүлүгүн чагылдырган. Демек жалпы элдин кеңешүүсү күчтүү бийликке көз каранды болбогондуктун далили. Адам болмушунда келип чыккан курч абалдан улам башчыны шайлоо тартиби киргизилип турган. Айрым учурларда начар чыгып калган эл башчысынын жетиксиздигинен анын элижери душмандар тарабынан таланат. Ошондуктан көчмөн турмушта кол башчыларды эл алмаштырып шайлап турууга аргасыз болушкан.

---

[1] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. 2-китеп. 76-б.

Алмамбет чалгын чалрбы?
Кеңеште жок, кепте жок,
Келберсиген эр Чубак,
Кошко жатып калабы? [1]

Эр Чубак чалгындан эле эмес, кеп -кеңештен калганы үчүн чыр салат. Көчмөндөрдүн дүйнөсүндө кеңештен калуу дегендик эр адамды катардан чыгаруу болуп эсептелген. Ачууга алдырган Чубак колду бөлүп кетүүсү мүмкүн эле, казатка аттанган кол бөлүнүп, ич ара жаңжалдар башталмак.

Сынак-чакырыктарда тышкы баскынчы душмандардын калкты камчыга ченеп бөлгөнү аянычтуу болгон, кыйын кезеңдерде катуудан казан, жумшактан күл гана калган. Адам болмушу талкалангандан кийин, баш калкалаар жайы, каш кайтарар алы жок алсыраган элди душмандар каалаган жагына сүрүшкөн. Көчмөн коомдо жоокердин камчысы ченемдин үлгүсү, ченемдин кызматын аткарат.

Каптап душман келиптир,
Канталоосу эң азап,
Караламан кыргызды,
Камчыга ченеп бөлүптүр. [2]

Көчмөндөр дүйнөсүндө камчыны катуулап чапкан нөкөр, жоокерлер алкоого татыйт. Камчы эрдиктин үлгүсүн көрсөткөн.[3] Жоодон түшкөн олжонун орчундуу бөлүгүн да, дал ошондой жоокерлер алып турушкан.

Ошол келген конокту,
Камчыга ченеп бөлүшүп.[4]

Ыр тексттинде камчы коноктору топко, белгилүү тарапка багыттаган адамдын жеке аракетин түшүндүрөт. Камчы карандай күчкө ээ куралдын катарын толуктайт. Жолой менен Кошойдун балбан күрөшүндө Кошой көшүлүп уктап кетет. Манас камчы менен тартып жиберип, намысына тийет. Ар-намыстын жеңилбес күчү катары чабылган камчы, Кошойдун

---

[1] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. 2-китеп. 72-б.
[2] Манас. Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант. 1-китеп. 7 -б.
[3] Карасаев Х. Накыл сөздөр. Ф.: «Кыргызстан» 1982.. 151-б.
[4] Манас. Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант. 2-китеп. 308 -б.

Жолойду жыгып кыргыздарга ар-намысты алып берет. Манас душмандарына камчы салса артынан Бакай, Алмамбет, Чубак баштаган чоролору кошо камчы чаап, кара кытайларды уйгу-туйгу түшүрүп, зордугун тыйышат. Демек «камчы салуу» жол баштоону жана бир чечимди туюнтуп, эр адамды жеңиш коштогон көрүнүктүү учурлар.

Канаттууга кактырбайм,
Камчылууга чаптырбайм.[1]

Бул ыр сабында камчылуу киши колунда бийлиги, өкүмү күчтүү баатыр. Ошентип, байыркынын дастанында камчы чөнем бирдиги, бийликтин, эрдиктин белгиси.

Эпостогу эң оор трагедия баатырлардын өлүмү. Дүйнө адам алакасындагы тең салмактуулук бузулуп, табияттын түрдүү көрүнүштөрү адам жамааты менен кошо жапа чегип, аза-кайгы күтөт, кандайдыр бир белгилүү социо-табигый циклдин алмашуусун чагылдырат.

Жалпысынан алганда түрк, монгол элдеринин кишини узатуудагы өлүктү коюу, көмүү салттарынын маниси окумуштуулар тарабынан кеңири изилденип келе жатат.[2] Изилдөөчүлөрдүн көз карашынан алганда өлгөн киши менен кошо минген аты, өзү колдонгон курал жарактары, кулдары жана кызматчылары кошо көмүлүп, тиги дүйнөдө алар кызматтын өтөшөт деген ишенимдин салт катары жашагандыгын далилдешкен.

Байыркы кыргыздардын жан дүйнөсүндө адамдын жаны денеден бөлүнүп «арбакка» айланат делген ишенимдери сакталып калган. Теңирчилик идеологиясында кишинин жаны өлбөйт, түбөлүк жашайт деген байыркы дүйнө таанымда эки дүйнөнүн алакасындагы Теңир жана адам, жан жана дене, адам болмушунун маңызынын катмарлары, сырлары чечилгенсийт. Байыркы адамдын ишеними болмуштун маңызын өз алдынча таанып билүүгө умтулат.

Улуу эпосто адам болмушундагы өмүр менен өлүмдүн алган орду, баатыр жана эр адамды жайына узатуу, анын бирге

---

[1] Семетей. Манас эпосунун экинчи бөлүгү. 3-китеп. Ф.: 1959. 64 -б.
[2] Обряд и обрядовый фольклор. М.: 1982. С. - 215-222.

өскөн эли, туугандары менен коштошуу аземине даярдык көрүү, сөөгүн жерге берүүнүн ырым-жөрөлгө иштери аткарылат. Манас баатыр Канықейге айткан керээзинде: « Кокусунан мен өлсөм, Белгилүү жерге сен көмсөң, Колум тийген кандар бар, Менден кордук көргөн жандар бар, Өлүктөн өчүн алчуудай. Көрүмдү ачып салбасын, Жол үстүнө сүйрөтүп, Даңгыттарга жарбасын, Кеңеш салып Бакайга, Билинбес жерге коё көр» деп өзүн катуу табыштайт. Кан Кошойго, Төштүккө, кыз Сайкалга, Көкбөрүгө кабар бердир, алар келгенден кийин көмөрсүң деген өкүмүн билдирет.

Канықей «акылман адамдар» менен кеңешкен соң, Эчкиликтин зоосунан жай камдатып, үңкүрдүн ичин көөлөтүп, үстү түшүп кетет деп, алтындан түркүк орнотуп, ичи жарык жатсын деп, жакут таштан койдурат. Ичи чирип кетет деп, үстүнөн аккан кара суу үңкүрдүн ичи менен жүргүзүп, алтындан жаткыч салдырып, айкөлдүн сөөгүн жаткырып, асты чирип кетет деп, арчанын күлүн төктүрөт. Байыркынын мурасында баатырдын сөөгүн койгондо аялдардан Канықей менен Кыз Сайкал гана катышат. Айрым дүйнөлүк диндерде кишинин сөөгүн жашырууда аялзатына катышууга тыюу салынат.

Эпостук сюжетте түн ичинде жашыруун көмүлгөн баатырдын денесинин ордуна акылман Бакай терек кыйдырып тул жасап, булгаары менен каптатып, кадимки Манаска окшотуп табытка салып жаткырат. Эртесинде Абыке, Көбөш баш болгон туугандары жыгач тулду Манас деп, колжойтуп көмүп салышат. Бир элдин болмушундагы баатырдын сөөгүн койгондогу бир тараптын өзгөчө дүйнөкөрүүмү, узатуу аземине камылга күтүү жөрөлгөсү жашыруун сакталса, экинчи тарап үчүн жалпы кадыресе көрүнүш катары кабылданган көмүү салтты манастаануучулар үчүн изилдей турган маселе. Менимче байыркынын дүйнөрүүмүн кандайдыр бир рамкага салгандан четтеп, андагы баалуулуктарды үйрөнө алсак алдыга карай жылыштар болоор эле.

Манастын мифтигин изилдеген окумуштуу М.Ч.Мамыров анын Кара зоого коюлушунун маанисине карай мындай ойду

өнүктүрөт: « чынында Манас кудай болсо, элдин ишениими менен салты боюнча, ал өлүүгө тийиш эмес болуучу. Анын өлүшү менен кайра тирилишин бул Манас кадимки адам келбетине келтирилип жалпыланган көркөм кейипкер болгон кездерде гана жаралган ар кыл мезгилдердин турмушка жакындатылган өзгөрүүлөрү менен кошулуулардан түзүлгөн катмарлар деп эсептөөгө тийишпиз». [1]

Байыркы түрк элдеринде баатыр менен кошо анын буюмтайымдары, айрым учурларда аялдары кошо көмүлсө, кыргыз эпосунда баатырдын жоо жаракгары, аялы, аты, дегеле ага таандык жан-жаныбарлары кошо көмүлбөйт. Аталган буюмдар толугу менен ата мурасы, керээзи, тумары катары уулдары Семетейге, Сейтекке калат. Албетте, улуу үчилтиктин контекстинде улуу кыргыз каганатын куруу камылгасы, адам болмушун уюштуруу жана ачуу, керек болсо кылымдар бою азаттыкка жетүүнү максат кылган байыркынын жолун улантуу вазийпасы кийинки муундарга өткөрүлүп берилгендиги тарыхый эс тутумда эч унутулбаган.

«Маната» дүйнө жана адам, жашоо маңызынын маселери чагылдырылат. Адам деген ким? Адам эмне үчүн жашайт? Болмуштагы адамдын дайындалышы эмнеде делген философиялык суроолор байыртадан ойчулдарды, акылмандарды ойлондуруп келген. Ар бир адам жашоого келет, төрөлүп эр жетет, күлгүн курагын өткөрүп, өзүн социумда кандайдыр бир даражада таанытат, тойлоп сайрандайт, өмүрү акырындап күбүлөт, карылыгы баш багат, адам сапары карыйт, бул дүйнөнү калтырууга аргасыз болот.

Адамдын болмушун ким жакшы билет? Анын болмушундагы үй-бүлөсү, аялы. Анан туугандары, жакын санаалаштары, достору, чоролору. Алар адамдын бүткүл болмушундагы кайгы-кубанычын, эрдигин-эси жоктугун, жакшылык-жамандыктарын, дос-душманын, эли-жерин, ата-эне балалык милдети, арман-намысын, өмүр-өлүмүн, керээзкошогу жана башка окуяларынын түздөн түз катышуучулары, алардын жандуу күбөлөрү болуп саналышат.

---

[1] Мамыров М.Ч. «Манас» эпосунун калыптаныш тарыхы. Б.: 2005. 249-250-бб.

Азыркы учурда кыргыз коомундагы адамдын орду аныктоо актуалдуу маселе бойдон калууда. Аны изилдөө үчүн элдин өткөндөгү болумун жана учурдагы болумун талдоо, салыштыруу зарыл. Өткөн доордогу тарыхый болумун толук билбегендик, учурдун адамын адашууларга түртөт. Адамдар жакынкы жана учурдагы болмушун билгиси келет. Мында маселе адам болмушунун уюштурулушу элдин рухунда кандай орунду ээлеп, бааланган дыгын жана алардын тарыхый баскан жолун, болмушун түшүнүү зарылдыгы келип чыгат.

Мурунку муундардын болмушу жана өрнөгү, азыр улантылып жатабы же алардан толук ажырап, жасалма бөлүнүп өз күнүн өткөрүп жатабы? Кыргыз элинин тарыхында, маданиятында адамдык болмуш толук ачылган бактылуу учурлар болгонбу? Дегинкисинде түпкү тарыхынан, руханий баалуулуктарынан ажыраган эл, өгөй болмушту ээрчип, башкаларды туурап жашайт жана жашай берет. Бирок, мындай абалда адамдын калгысы келбейт, анткени тарыхый жактан караганда учурдун болмушунун келечеги көрүнбөйт. Адам бардык аракетин болмушун табууга, аны толук ачууга багыттайт. Ал үчүн тарыхына назар салып, байыркы даңктуу бабаларынын өрнөгүн жана болмушун үйрөнүп, алардын жардамы аркылуу болмушун түшүнүп, анан өнүктүрө алат.

Адамдын жанындагыларга Теңир алдында эки дүйнөнүн өкүлүнүн милдети тагылган. Каныкейдин Манасты жоктогон, арман кошогу:

Арбагың кеткен жылдызга,
Ата болгон жан элең,
Баатырым, ак калпактуу кыргызга!...
Өтүп кеттиң дүйнөдөн,
Сенин өрнөгүң ээси ким болоор?
Кейиген кейип тим болоор,
Кеттиң өтүп дүйнөдөн
Кеңешип тапкан ким болоор?[1]

Аталган кошокто Манастын элине, ата-журтка ак кызмат кылганы, өрнөгү менен мурасынын ээси ким болоору тууралуу

[1] Манас. Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант. 2-китеп. 307 -б.

маанилүү суроо ташталат. Манас атадан артык уул, кыйын кезеңдин кырдаалдарындагы Сынак-чакырыктар аны курчутуп, өстүрүп, жетик адам катары такшалат.

Кыргыз элинин байыркы жана орто кылымдардагы маданиятында кишини өлүм дүйнөсүнө узатуу аземинде жоктоо менен кошо кошоктор айтылып, аза күтүшкөн. Чындыгынан алганда элдик кошоктор философиялык мүнөздөгү өзгөчө жанр. Маселен, Энесай жазма эстеликтериндеги таш бетиндеги «чекме кошоктор» байыркылардын маданияты Теңирчилик дүйнөкөрүүмүндө кишини бир дүйнөдөн, экинчи башка дүйнөгө кошуу процесси катары аңдалып, маани-мазмуну философиялык жактан чечмеленген.[1]

Дүйнөнүн жалпы тулкусу байыркы түрк элдеринин дүйнө таанымынан алганда үч катмарлуу дүйнөдөн курулат: жогорку дүйнө-Теңирдин дүйнөсү, астыда кара жер, эки ортодо киши дүйнөсү жаратылган. Адам болмушунда өлгөн баатырдын жакын адамы, өлгөн кишиге өзгөчө мамилесин кошок аркылуу билдирип, өлгөн кишинин жамаатын алдындагы аткарган милдетин т.а., анын болмушу жөнүндө толук маалыматтарды жогорку Теңир дүйнөсүнө маалымдайт. Дүйнө жана адам мамилесиндеги үч катмарлуу дүйнөнүн алакасы каралат.

Жогорку дүйнө саналган Теңир дүйнөсү бардык эле жанды кабыл ала бербейт, бардык эле жанга ачылбайт. Киши өлгөндө жаны жогорку рух дүйнөсүнө кайтат. Теңир дүйнөсү кабыл алган жандар гана «арбакка» айланат. «Арбак» ата-бабалардын кадыресе жаны эмес, ал Теңирге татыктуу жан. Ошондуктан кылымдар бою көчмөндөр жана алардын урпактары сыйынган рухий феномендер «Теңир», «Арбак» түшүнүмдөрү болгон, тирүүлөр ар убак алардан колдоо, жардам күтүп келишкен.

Кыргыздардагы ата-бабалардын культу исламга чейинки түшүнүмдөрүндө башкы орундардын бирин ээлейт. Адам болмушунда ал культ бардык кыргыз урууларынын арасында жайылтылып, толук туруктуу формага ээ. Ал төмөнкү эки

---

[1] Асанбеков Н.К. Орхон-Энесай эстеликтеринин философиясы. Жалал - Абад. 2002.

себеп менен патриархалдык белгилер мүнөздүү болгон кыргыз коомунун мүнөзү жана ата-бабалар культу ислам дини менен болгон айрым байланыштары аркылуу түшүндүрүлөт.

Кыргыздар менен казактарда өлгөндөрдүн жана ата-бабалардын культунун бар экендигин биринчи жолу ачык түрдө Ч.Валиханов «Кыргыздардагы шамандыктардын калдыктары» деген макаласында аталган этностордун байыркы диний түшүнүктөрүн карап чыгып, арбактарды ата-бабалардын жандары деп түшүнөт. Адам өлгөндөн кийин арбакка б.а., рухка айланып каларын белгилеп минтип жазат: «...анын тиги дүйнөдөгү бейкуттугу туугандарынын аш багыштоо ырым-жырымдарынын кандай аткарылгандыгына байланыштуу болгон. Эгер аш жакшы өтсө анда бейкуттук болгон, бардык туугандарын колдогон андай болбосо, ал кыянатчылык, душмандык кылган».[1] Байыркы адамдын дүйнөсүндө «жан» статусу жашагандыктан аны тирүүлөрдүн азыктандырып туруулары керек. Ошондуктан ата-бабалардын урматына курмандыктарды чалып, алардын арбагын эскерип турушат.

Ал эми «арбак» деген араб сөзү болсо да, «арбак» деп белгилейт, ал туурасында тарыхчы С.М.Абрамзон ата-бабалардын рухтары жөнүндөгү түшүнүк кыргыздарга ислам менен келди деп эсептөөгө эч кандай негиз жок. Эпосто көзү өткөн адамдын арбагы кийинкилердин аракеттин колдойт деген ишенимдер сакталып калган.

Коргонсуз калган балама
Арбагың тирүү бар болсу,
Ар убак төрөм кайрылгың!
Кыймылсыз калдың түбөлүк
Кең колдун аска чебинде,
Арбагың колдоп жүрсө экен.[2]

Теңирчиликте кишинин жаны өлбөйт, адамдын субстанциясын анын денеси эмес, анын жаны түзөт. Салттык ишенимде арбактар ата-салтын, ата жолун улагандарды

---

[1] Валиханов Ч. Собр. Соч. Т. -1. С.-472.

[2] Манас. Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант. 2-китеп. 307 -б.

колдойт деген ишеним калыптанган. Эпостун материалдарында киши өлгөндөн кийин жан менен денинин өз алдыларынча жашай тургандыгы, ал гана эмес киши денеси менне кайып болуп кеткен эпизоддор жолугат.

Көчмөн коомдогу мамилелер аталык маңыздын алган ордуна карата өзгөрүлгөн. Манас катуу оорудан кийин аталык парзын өтөбөйт.

Муну кимге тапшырдың,
Аркаңда алты айлык эркек баланды?[1]

Жамааттык үй-бүлөдөгү атанын жоктугу, адамдын өмүргө канааттанбагандыгы кеңири сүрөттөлөт. Манас Семетейдин дүйнөсүн курууга катышпайт, «Айкөл адамдын» баласынын өмүрү адам болмушунда дайынсыздыкта калып жатат. Жамааттык болмуш балага эмнени даярдап жатат? Кандай Сынак-чакырыктар күтүлөт? Коомдо баланын адам болушу же кедей болушу айрыкча ата-эненин ээлеген ордуна, тарбия-билгичтигине байланыштуу. Үй-бүлөөнүн түйшүгү жеке Каныкейдин жоопкерчилигине жүктөлөт. Манастын өлөөр алдындагы керээзи:

Эри өлгөндө катынга
Төркүнү жакын болуучу,
Сен Темиркан көздөй качып кет,
Темирканга барганда,
Колуңдагы Семетей,
Кыркып бергин чыбыгын.[2]

Мында өмүрсүздүк ар кимдин тынчын алат. Баатыр жакындарына карата өз өмүрүнө канааттанбаган ой-пикирин калтырат. Манас даанышмандык менен алдын ала Каныкейге Абыке, Көбөш баламды уруп уйчу, койчу кылып, коркунчаак кылып салбасын деп эскертет. Эпикалык адам болмушунда үй-бүлөдөгү эркек менен аялдын өмүрдү өтөө жолу тукумду эле улантуу болбостон, элдик маданияттагы «Айкөл адамдын» эрдик рухун жаш Семетейге өткөрүү милдети эң башкы алдыңкы орунга чыгат. Каныкей бүт күчүн сарптап ал

---

[1] Манас. Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант. 2-китеп. 307-б.
[2] Ошондо. 232-б.

милдетин өтөйт, Семетей Сары таздан атасы Манас экени бир ооз сөздөн угуп, «Айкөл адамдын» рухунун терең урматы үчүн, аны кан кылып шайлайт.

Арбагым азыр бар болсо,
Жолунан тосуп аламын.[1]

Кыргыз элинин социомаданиятында «Теңир», «Арбак» рух феномендери кийинкилерди колдоочу күчкө айланат. Маселен үчилтиктин «Семетей» бөлүмүндө «Арбагы күчтүү», «Арбагы бийик»,[2] «Арбагы тирүү», «Манас колдо», «Арбак урсун» делген жалынуу, сыйынуу учурлары кездешет.[3] Дегинкисинде Теңирчилик дүйнөкөрүүмүндө адамдын жаны өлбөйт.

Окумуштуу М.О.Ауэзов байыркы «көрүстөндөр поэзиясы» аталган Орхон-Енисей эстеликтериндеги жазуулардын мейли мазмуну жагынан болсун, мейли көркөмдүгү жагынан болсун «Манас» эпосунун маңызы менен кандайдыр бир жалпылык, окшоштуктун бардыгын биринчи жолу аларды салыштырып талдаган.

«Манаста» адам болмушунун уюштурууда ташталган Сынак-чакырыктарга бүт өмүрүн эли-жерине, үй-бүлөсүнө кызмат кылууга багыттап, аларга карата атуулдук милдетин толук аткаруу, Көк Теңири тарабынан аныкталган болмушун толук ачкан катары аңдалган. Болмушун толук ачкан эр адам Теңирге тең деп эсептелет. Жогорку Теңир дүйнөсү кабыл алган жан «Арбакка» айланат. Манастын жанын Теңир дүйнөсү кабылдайт. Анын жакын адамдарын, чоролорун да Теңир дүйнөсү кабыл алат. Демек, болмушту ачуу - кишинин Теңирлик сын-сыпатка татып, үй-бүлөсү, эл-журту үчүн кашыктай канын, чымындай жанын эч аянбастан кызмат кылуу өрнөгүн аркалоо болуп саналат. Болмуштун мындай тиби, мүнөзү байыркы кыргыздардын жашоо маңызынын өзөгүн түзгөн. Элдик турмуштун бай тажрыйбасынан түзүлгөн руханий дөөлөт «Манаста» болмуш ыгы өздөштүрүлүп, адам болмушу уюштурулган. Коомдогу адам типтеринин зарыл

---

[1] Манас. Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант. 2-китеп. 232-б.
[2] Семетей. Манас эпосунун экинчи бөлүгү. 3-китеп. Ф.: 1959. 9-б.
[3] Ошондо. 75-б.

байланыштагы «ишмердүүлүгү» жашоо маңызына дал келгенде адамдык болмуш ачылат. Акыйкатта «Манас» элдүүлүктүн, мамлекеттүүлүктүн жок болуп кетпей, өлгөн сайын тирилген, өчкөн сайын түтөгөн адам болмушунун сырын ачкан кыргыз элинин кеменгерлигинин философиясы.

Эпикалык турмушта эр адамга келген өлүм, башка кары адамга салыштырмалуу тезинен болсо, өлүм зор кайгы катары башкаларды санаага, терең кайгы-капага салат. Кошойдун Манасты жоктоосу:

Токсондо Кошой кары өлбөй,
Тоодоюм Манас эр өлүп...
Өзөнгө бойлой кондумбу,
Манасым өрт өчкөндөй болдумбу?..
Падыша сенден айрылып,
Кошоюңдун көмүлбөй калды сөөгү.[1]

Теңирдин жазганына адам көнбөөгө аргасыз. Жогорудагы текстте «акылман адамдын» бул дүйнөдөгү өз денесине өзгөчө кам көргөнү сүрөттөлөт. Адам дүйнөсүндө кишини акыркы сапарга узатуу «сөөк көмүү» ырасмысы турмуштук мааниге ээ. Болмушта адам денесин белгисиздикке калтыруудан коркот. Тенирчилик таанымында дене менен жанды башка дүйнөгө кошууга өзгөчө маани-маңыз берилип, аларды ишенген адамына табыштап камкордук жасайт.

Жалпы адамзат тарыхынын өнүгүшүндө пайда болгон уламыштар, мифтер, диний жана маданий окууларда түз же кыйыр мааниде адамдын жашоо маңызын чагылдырышат. Алдыңкы планга дүйнө жана адам мамилеси чыгат. Башка дин окууларындай эле, Теңирчиликте адамдын жашоо маңызын түшүнүүнүн терең катмары камтылган. Академик А.А.Алтымышбаев Теңирди жактагандардын көз карашын талдап: «..адам бул дене менен жандын ажырагыз биримдиги болуп саналарын» таасын белгилейт.[2] Өтмүштө байыркы кыргыздардын баамдоо аркылуу дене менен жан тууралуу

---

[1] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. 2-китеп. 246-б.

[2] Алтымышбаев А.А. Очерк истории развития общественно-политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии. Ф.: «Илим». 1985. С. -44.

иштелип чыккан элдик маданий көз караштардын калыптангандыгы баяндалат.

Чоң казатта Манас Сыргак, Чубак, Алмамбет баштаган чоролорун жана көп аскерин жоготот. Баатырлар салтанат менен жерге берилет. Жоготуу бул сезимдердин эле бири эмес, ал конструктивдүү антропологиялык феномен; бир дагы жаныбар өзүнүн кандаштарын көмбөйт. Көмүү демек, адам болуу дегендик, көмүү жөн эле таштап салуу эмес, кишини катуу жана сактоо болуп саналат.[1] Кишилердин жоктоосу конструктивдүү мүнөздө, ал денени такыр эле жок кылуу эмес, тарыхый эсти жаратуу болуп саналат.

Жеке баатырдын кайгысы, жалпы кыргыз элинин кайгысы катары сүрөттөлөт.

Азискандын гана жалгыз аяш,
Алмамбет шейит кечирдим аяш!
Кара кылып отурган
Кан Чубактан айрылдым аяш!
Мен Бээжинди чаптым, көп алдым аяш,
Бээлесе жанга табылбас,
Мен Сыргагымды жеп алдым аяш![2]

Ырдын тексттиндеги «шейит» араб элинин сөзү, мааниси ак иш үчүн, эли үчүн душман колунан өлгөн адам. «Каза» да арабдын сөзү, кыргызча «өлүү» деген маанини билдирет.[3] Манасчылардын көпчүлүгүндө Чоң казат, Сагымбай Орозбаковдо гана Чоң чабуул деп берилет. С. Орозбаковдун вариантында бир өзгөчөлүк Манас Чоң чабуулдан өлбөй, кийин ыйык Мекеге барат. Чоң казат согуш, чабуул дегенден да башка маанини нускайт. Чоң казат-Чоң өлүм дегендикти, дегеле эпостун бүткүл мазмуну согушка каршы багытталат. Жалпысынан алып караганда согуш-сандырактык, казат-өлүм деген жалпы адамзаттык гуманисттик терең ой камтылган. Байыркынын мурасында өмүр менен өлүмдүн мамилелери

---

[1] Адамдагы адамдык жөнүндө. // Василюк Ф.Е. Жоготууда жашоо.М.; 1991. С.-230-233.

[2] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. 2-китеп. 223-б.

[3] Карасаев Х. Накыл сөздөр. Ф.: «Кыргызстан». 1982. 354-б.

аркылуу адам болмушунун сырларын түшүнүүгө аракеттер жасалган.

Манастаануучу М.Борбугуловдун изилдөөсүнөн алып караганда Манастын өзү бир мезгилде Күн сыяктуу эле кудай болгондугу, кийин анын образы адамдаштырылганы айтылат. Эпостун тексттинде Манас жакын чоролорун «жеп алдым» деп кайгырат. Текст али күңүрт маанини билдирип, Манаста кудайдын рудументи сакталып калганы сүрөттөлөт. Мындагы «жеп алдым» түшүнүмүнүн келип чыгышы, кишинин жанын алып, ажал жиберген бир Жогорку кудайга таандык. Аскерлер катышкан казаттарда жоокерлер урушуп чабышып, бир тараптагыларды экинчи тараптагылары басып алышат.

Эпостогу баатырлардын өлүмү, жалпы журттун башына түшкөн каран түн. Манас менен бирге кайың ыйлайт, тал ыйлайт, калайык журттун баары ыйлайт. Чоң казаттын аягы өлүм, жоготуулар менен бүтөт. Манастын өзүн жоктоп, желмаян чөгүп, көзүнүн жашын төксө, кумайык адамдан артык улуйт, Акшумкар кайып болуп, Нарбуудан байлап салса оттобой аза күтүшөт. Адамдын ички дүйнөсү жоготуудан кийин өтмүшүн, учурун боолголойт. Чоң Казат кайгы-азаптын, жоготуулардын себеби катары сүрөттөлөт.

«Манас» эпосунун келип чыгышын белсенип изилдеген казак академиги жана жазуучусу М.О.Ауэзов Чоң казат эпостун алгачкы ядросу болушу мүмкүн деп белгилеген. Чоң казаттагы баатырлардын өлүмү, кыргыз болмушундагы кошокторду жараткан. М.О.Ауэзов «Манастын» алгачкы негизин керээз, кошок өңдүү жанрлардан башталган деген пикирди да өнүктүргөн. Болмушта көп нерселер унутулат, бирок эр адамдын өлүмү, аны жоготуу трагедиясы, жакын адамдарынын жан дүйнөсүнөн чыккан арман, жоктоо, кошоктор элдик аң-сезимде унутулбай муундан-муунга айтылып келе жатат.

Кара тоонун башына
Таш көтөрөт экен го!
Баатыр Кошой абам деп,
Ааламдын баарына,
Кан көтөрөт экен го![1]

[1] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. 2-китеп. 112 -б.

Ыр түрмөгүндөгү «тоо» кадимки жашоо тиричиликти, ага «таш көтөрүү» болмуштун түгөнбөгөн толкундуу түйшүгүн сүрөттөйт. Жер үстүндөгү бардык адамдардын жашоосу болмуш аркылуу жүрөт, болмуш жүгүн артат. Манас элдик баатыр болгондуктан, ага адам болмушунун бардык түйшүгүн көтөрүү, милдети тагылат. Улуу эпопеяда «бүгүн көргөн эртең жок, ушундай экен дүйнө шок» делип, турмуштук кысталыш кырдаалдар айтылат. Кыргыз ойлому табият менен коомдун байланыш, кырдаалдарын электен өткөрүп, болмушта баары агып, баары кубулуп турарын туюнган.

Манастаануучулар «Манас» ысымына, этимологиясына кызыгышып, аны иликтеп жатышат. «Манас» сөзү түрдүү маанини билдирет, жер шарында Манаска байланыштуу тоолор, бийик чокулар, жер-суулар, шаарлар ж.б. аталган. Биздин манастаануучу окумуштууларда «Манас» адам бирлиги!,[1] «Манас» адам рух активдүүлүгүнүн көрүнүшү,[2] «Манас» байыркы кыргыз рухунун туу чокусу,[3] «Манас» бул кыргыз элинин Зевси.[4] «Манас» эпос болуп жаралган мезгилден баштап, кыргыздардын идеологиясы катары милдет аткарып, коркунучтарга туш болгондо «Манасты» айттырып угушкан, андан чыгуунун амалын издешкен, жамаатта оруу-сыркоо менен мал ылаңдары каптаган учурларда «Манасты» угушкан, «Манас» сыйкырдуу күч катары каралып, адамдар жүрөгү менен ишенишкен. Биздин пикирибизде «Манас» болмуштун архиви, архетиби. Маданият таануучу «Манас» аркылуу болмуштун оомал-төкмөлүн, ачуу-таттуусун, бар-жогун, жамандык-жакшылыктарын талдап билет.

Байыркы жана орто кылымдагы кыргыздар кылымдар бою болмушун «Манас» аркылуу ачып келишкен. Дегеле түпкү тарыхынан, руханий баалуулуктарынан ажыраган эл, өгөй

---

[1] Солтоноев Б.Кызыл кыргыз тарыхынан. // Ала ТОО. № 11. 1988. 133-б.

[2] Сарыпбеков Р. «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы. Ф.: «Илим». 1987. 112-114 -бб.

[3] Айтматов Ч. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу. // Манас. Эпос. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. 1-китеп. 7-13-бб.

[4] Мамыров М.Ч. «Манас» эпосунун калыптаныш тарыхы. Б.: 2005. 212-269-бб.

болмушту ээрчип, башкаларды туурап жашайт. Буга элдин өткөн тарыхы күбө. Андай адашууларда адамдын болмушу толук ачылбай, кийинки муун адамдык болмушун толук кура албайт.

Элдин өткөндөгү кыйын кезеңдериндеги адам болмушунун жана рухунун бүлүнүүсү, жараланууусу адам сапаттарынын жаңы парадигмасы адам феномени түзүлөт. Эл арасында манасчылардын өнөрү аркасында «Манас» феномени аркылуу кийинки муундар коомдук болмуштун кырдаалдарын жеңүүгө умтулушкан. «Манас» кыргыз рухунун туу чокусуна айланган. «Манас» эпопеясындагы «акылман адам», «айкөл адам», «эр жүрөктүү адам», «баскынчыл адам» адам типтери эпикалык жандуу сүрөттөлүп, болмуш маселесинин чечилишине салым кошот. Демек, мындай жамааттык карама-каршы топтор, жашоонун жүрүшүндө биримдикке келип, адам болмушунун ыкчам өзгөрүшүн жана өнүгүшүн шарттайт.

Адамдын болмуш проблемасынын «Манас» эпопеясынын бай мазмунунда философиялык чечмелениши социомаданий мейкиндиктеги адам болмушунун ары татаал, карама-каршылыктуу уюштурулушунда, жамааттык жетик «Манас» феноменин жаңы парадигмасын жаратуу жана өндүрүү, аны атуулдардын жан дүйнөсүнүн ажырагыс бөлүгүнө кошуу, колдонуу аркылуу болмуштун Сынак-чакырыктарына Жооп кайтарылып, адам болмушунун маани-мазмуну аныкталды.

2.2. Адамдын жан дүйнөсү

Философиянын тарыхынын өнүгүшүндө идея, концепциялардын орду абдан маанилүү. Платон (б.э.ч. 427-347) байыркы грециянын эң көрүнүктүү философу болгон. Ал философиянын тарыхында биринчи жолу духтун материяга болгон мамилеси жөнүндөгү маселени ачык түрдө коюп, аны түрдүү позициядан изилдейт. Платон адамдагы жан проблемасын «Федон», «Пир», «Мамлекет» диалогдорунда карайт. Жан үч башталмадан: акыл-эстүүлүктөн, кызуулуктан (эргүү), ышкылыктан (вожделения) турат. Жандын үч курамына үч топ: сакчылар, аскерлер, кол өнөрчүлөр ылайык

келип, ар бир топко өзүнчө такыбаачылык сапаттар акылдуулук, эрдик, токтоолук мүнөздүү. Туура тарбия гана мамлекеттеги адилеттүүлүктү жана жандагы ушул үч башталманын шайкеш келишин камсыз кыла алат жана камсыз кылууга тийиш. Эгер жогоруда аталып кеткен үч башталманын ортосунда шайкештик болбосо адилетсиздик, жеткилең эмес мамлекеттик түзүлүш жана тиги дүйнөдөгү жаза келип чыгат. Платондун гносеологиялык жана онтологиялык көз караштары жан түшүнүгү менен тыгыз байланышкан. Платондо жан материалдуу эмес, ошондуктан ал өлбөйт, түбөлүк жашайт. Платон болмуш категориясын калыптануу түшүнүгү катары карайт, болмуш материалдык дүйнөнүн, нерселердин калыптануусу.

Улуу «Манас» эпосунда эң кызыктуу жери Платондун ысмы дагы кездешет, ага Апылатун Илакар деген ат берилет.[1] Манасчы Сагымбай Орозбаковдун вариантында аярлык өнөрдү эпостун каармандары Апылатундан үйрөнүшөт. Платондун «Манаска» киргизилиши өзүнчө табышмактуу изилдөөгө муктаж маселелерден. Платондун тааным теориясында эскерүү концепциясы маанилүү роль ойноп, жан дене менен кошула электен мурда эле өзү билген идеяларды эстей алары айтылат.[2] Биз «Манас» эпосунда жогоруда аталган концепцияга үндөш абалды жолуктурабыз. Жакып байбичесинин эч баласы жок туруп, кырк бээ соёлу дегенине ачуусу келип, кетип баратканда кулагына куп бир добуш угулат:

Атаке неге кайгырдың,
Акылыңдан айрылдың.
Алты суу толгон мал калдың
Алганыңды дал кылдың.[3]

Берилген текстте болочок баатырдын жаны киши дүйнөсүнө келүүгө умтулууда. Мында жан активдүү. Болочок

---

[1] Манас энциклопедиясы. 1 том. Б., 1995. 95-96- бб.

[2] Блинников Л.В. Философтордун кыскача сөздүгү. «Кыргызстан Сорос» Фонду. Б.: 1997. (которгон С.Мамбеталиев.) 236-б.

[3] Манас. Эпос. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. 1-китеп. 30-б.

Манастын «жаны» атасы Жакыпка өзүнүн адам болмушуна келишине ишенбегендигине нааразычылыгын билдирет. Жан дене менен бирикпесе да атасынын, айланадагылардын өзүнө карата жасалып жаткан мамилени сезе алат. Теңирчиликтин көз карашынан алып караганда да, жан активдүү, адамдын жаны өлбөйт. Мында Теңирчиликтеги жан жөнүндөгү окуу, Платондун окуусунда камтылган идеяларга айкалышып, жалпы адамзаттык маанидеги таанымдын бирдейлиги чагылдырылат.

Адамдын ички жан дүйнөсүн ой-санаа, эс-акыл, фантазия, кыял, эс тутум, ой жоруу, түш көрүү, сүйүнүч, кубаныч, ар-намыс, эрдик, бийик адамгерчилик, аруулук, сүйүү жана жек көрүү, максат, тилек, каалоо, мүдөсү жана ички тарлык, арамзалык, ач көздүк ж.б.у.с. түрдүү сапаттар түзүшөт. Болмушта адам жактырган же жактырбаган, жакшы же жаман көргөн, баалаган же баалабаган көрүнүштөр кездешип, аларга карата адамдын ички мамилеси иштелип чыккан. Маселен, төмөнкү ыр сабында каармандын ички жан дүйнөсүнүн мамилеси терең ачылат:

Оюмда жүргөн кызды алам,
Керемети кеңди алам.
Акыл-эси ошонун
Мени менен теңди алам.
Алты жылдык зыянды
Биле турган кызды алам. [1]

Ыр саптарындагы «ой», «акыл-эс» түшүнүктөрү адамдын ички таанымына таандык. Элдик маданиятта жогоруда берилген түшүнүктөр аркылуу адам эмнени максат кылган жана эмнени аңдай алган? Киши үй-бүлө курууусунда ой толгоп, өз алдынча ой жоруйт, акыл-эстүүлүк адамдын дүйнөтаанымынын жандуу өзөгү, болмушка болгон жөндөмдүүлүктүн башаты. Болмуштун зыянын (кырдаалдарын) алдын ала туйган, эли-жеринин түйшүгүн аркалаган журт башчысынын келечектеги ак ниеттүү жарынын сезимталдыгы, билгичтиги башкы орунга чыгат.

[1] Манас. Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант боюнча. 1-китеп. 153-б.

Эркек менен аялзатынын адамдык болмушту уюштурууда жана алып баруудагы жоопкерчиликтери каралат.

Адамдын жан дүйнөсүндөгү өзгөчө көрүнүш катары түш көрүү жалпы адамзаттын тарыхында узак убакыттар бою мифологияда, динде, фольклордо, философияда, психологияда, илимдерде ар түрдүүчө түшүндүрүлүп келе жатат. Түш көрүү ырым-жырым, ишенимдердин жаралышына себеп болуп, кээде акылга сыйбаган нерселер менен да түшүндүрүлгөн. XX кылымдан бери түш көрүү ар кандай психологиялык, физиологиялык, илимий окууларда өзүнчө теория катары изилденип келет. Окумуштуу К.Г.Юнгдун пикири боюнча аң-сезимдин башкы кызматы бейаңды басуу жана стихиялуу чыгууларын чектөө жана кармай билүү болуп саналат. Бирок аны менен аң-сезим конфликтешүүгө өтүп, натыйжасында инсандын бүтүндүгү бузулат, ал ойгонот, ошондо аң-сезим менен бейаңды теңдөө зарылдыгы туулат. Бул дисбаланс түш көрүүдө компенсацияланып архетиптик образдар түрүндө аң-сезимге «билдирилет» б.а., инсанда баардыгы жайында эмес. Ал үчүн кечиктирилгис чараларды көрүү керек. Түштөрдүн жалпы функциясы психикалык балансты түш көрүү материалынын каражаты менен өндүрүү жана калыптандыруу болуп саналат.[1] Австриялык психоаналитик З.Фрейддин окуусунда түш көрүү каалоо тилекти ишке ашыруунун өзгөчө жолу. Ар бир түш көрүү психоаналитикалык жактан чечмелөөгө мүмкүн болгон жана адам психикасындагы аң сезимсиз процесстерди таанып билүүгө жардам берүүчү каражат. Э.Фромдун пикири боюнча түш көрүү, түш мезгилиндеги акыл ишмердиги болуп саналат.[2] Демек, түш - автономдуу психологиялык комплекс.

Ар кайсы дооорлордо адамдар түрдүү түш көрүшүп аны алар өздөрүнүн маданий жана тарыхый тааным деңгээлине жараша жоруп келишкен. Төлгө да, көзү ачыктык да ушундай каражаттардын бири болуп саналат.[3] Өткөндүн башка

---

[1] Юнг К.Г. Архетип и символ. М.: Ренессанс.1991. С. -46.

[2] Философия. Энциклопедиялык окуу куралы. Б.: 2004. -374-б.

[3] Гуревич А.Я. Харитонович Д.Е. Орто кылымдардын тарыхы. Б.: 1996. -187-б.

маданияттары сыяктуу эле, түштөр да келечекке көз жүгүртүүнүн каражаттарынын бири болуп эсептелет.

Улуу эпосто болмуш менен болмуш эместин (бытие и небытие) ортосундагы мамилелер кеңири сүрөттөлөт. Адам болмушунда себепсиз эч нерсе жаралбайт. Болмуш себептүүлүк менен шартталган. Бул дүйнөгө бул же тигил кубулуштун келип кетүүсү, турмушта болуучу өзгөрүүлөр түш көрүүлөр аркылуу берилет.

«Жараткан өзү жар болуп,
Көңүлгө келген жумушту».[1]

Байыркы адамдын дүйнө таанымында Теңир бардыгын аныктайт, бардыгын билүүчү жана чечүүчү Жогорку Абсолют. Кыргыздардын ишениминде жараткан Теңир адамдын келечекте болуучу турмуштук абалдарын түш көрүүм аркылуу алдын ала маалымдайт. Теңирчилик боюнча кудайды адам келбетинде көрсөтүүгө, сүрөттөөгө жол берилбейт. Ошондуктан эпикалык каармандар кудай менен өңүндө эмес түшүндө, кудай менен түздөн-түз эмес, анын ыйгарым өкүлдөрү Кызыр, Кыдыр, Айкожо, дубана, жылаңач бала аркылуу жолугуп, адам болуму жөнгө салынат. Түш Теңирден келет, адам аны туюп, көрүп, кабыл алат. «Манас» эпосунда адамдын болумга карата карым-катнаш мамилелери Теңирчилик идеологиясы менен чечмеленет.

Теңирчиликте рух (идея) менен дене (материя) өз ара тыгыз байланышта каралат. Адам руху активдүү, дене пассивдүү. Киши көргөн түшүн эстеп, ой-пикирин ирээттеп, түштүн себептерин жана жандын мүдөөсүн иликтейт, натыйжада өзүнүн жаны денесине эмнени айткысы келгенин жана эмнени айтканын түшүнгүсү келет. Акыр аягында адам жакын туугандарына, билгилерге, көргөн түшүн жорутуу аркылуу түштүн сырын билүүгө кызыгат.

Дүйнөнүн көпчүлүк элдеринде, анын ичинде кыргыз элинде да түш жоруунун калыптанган жол-жоболору, мазмуну кездешет. «Манас» баатырдык эпосунда адамдын көңүлүн бурган маселелердин бири эпопеядагы өзөктүү окуялар,

---

[1] Манас. Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант боюнча. 1-китеп. 19-б.

турмуштук кырдаалдар түш көрүү менен башталып, түштөр менен аяктайт. Маселен, эпостун баш каармандары Кошой, Бакай, Эр Шууту, Алмамбет жана башка баатырлар өздөрү Манас менен түштөрүндө көрүшкөндөн кийин гана Айкөл Манаска жолукканга болумдук жолу ачылып, анан аман-эсен көрүшөт.[1]

Түштөрдүн башкы өзгөчөлөгү, алар дээрлик «Манас» үчилтигинин бардык сюжеттеринде кездешип, болмуш маселелериндеги жашоо, өмүр, өлүм, тагдыр жана адамдын болумундагы болоор кубанычты, келэээр зыян-коркунуч мүмкүндүктөрүн алдын ала чагылдырат. Каармандардын түш көрүүсү, түш айтуу жана түш жоруунун чиеленишкен абалы кадимки жай турмуштагыдай болуп өтөт. Адамдын психологиялык турпатын (комплекс, архетип) изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча миф - психологиялык кубулуш, андан кийин гана линвистикалык, маданий жана социалдыкты түзүшөт.[2] Түш көрүү адамдын инстинкткине таандык кубулуш жана андан келип чыккан комплекс.

Кыргыз элинде түш айтуу менен түш жоруунун өзүнчө жол жоболору кездешип, байыркы кыргыздардын баёо түшүнүмүндө, түштүн моюну эң эле ичке болот дешкен. Аны жакшылыкка жооруса, түштүн моюну оңго бурулуп, иш ар дайым ийгилигине чалат. Эгер түштү жамандыкка жооруса, түш тескери бурулуп, иш оңуна тартпайт.[3] Түш табышмактуу, сырдуу кубулуш, аны көрүнгөн эле кишиге айтпастан, жакын санаган туугандарга жана кызыл тилдүү чечендерге айтышкан. Кыргыздардын баштапкы түшүнүктөрү боюнча түштөрдү «ак түш» бул жакшы түш, «кара түш» - бул жаман түш деп эки түргө бөлүп келишкен.

Улуу эпосто чагылдырылган түш көрүү кубулушу ээлеген ордуна жана мазмунуна жараша төмөндөгүдөй түрлөргө бөлүнөт:

1). Аян берүүчү кереметтүү түштөр.

---

[1] Манас.Эпос.Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. 1-китеп.111-114. 188-194 бб.

[2] Косарев А. Философия мифа. М.: 2000. С-132.

[3] Кыргыздар. Санжыра. Тарых. Мурас. Өнөр. Б.: 1996. 519-б.

2). Ак түш.

3). Кара түш.

4). Медитациялык түштөр.

5). Адамдын активдүүлүгүнө түрткү болгон түштөр:

а). каармандардын турмуштук, согуштук жүрүштөрүнө түрткү болгон түштөр.

б). "Манас", "Семетей" айтуучулук өнөрдүн түрткүсү болгон түштөр.

"Манас" энциклопедиясында түш көрүү процессинин жүрүшү беш туташ бөлүктөн турат: 1). Түш көрүү. 2).Түштү эстөө. 3). Түштүн сырын издөө. 4). Түштү айтуу. 5). Түштү жорууту. Мында түш жорулганда, ал рух кубулушу саналгандыктан, жан (рух) мейкининен адам болумунун дене мейкиндигине көчүрүлүп, көпчүлүктүн катышуусунда касиеттүү түш жоруучунун акылында талдалат.

Баатырдык эпосто болум менен болум эместин мамилелерине да кеңири орун ыйгарылат. Болум - бар болууну жана барлыкты билдирсе, түш болум эмести түшүнүүгө жол ачат. Түш реалдуу эмес, бирок ал идеалдуу рух болуму, теги болум эмести түзөт. Адам болумунда ошол болум эмес (небытие) белгилүү орунду, абалды, мезгилди мээлеген рух кубулушу.

Аян берүүчү кереметтүү түштөр. М: бай Жакыптын көргөн түшү:[1]

Түндө жатып түш көрсөм
Ала-Тоо башын жайладым,
Мен бир бала барчын
бүркүт кармадым.
Салбуурун чыксам салууга,
Канаттын күүсү угулду,
Муну качырган жандар жыгылды...
Жана да жатып түш көрдүм...
Арстандай чамынып
А кудайга жалынып,
Айды кармап имерип,
Күн ордуна салыпмын.
Оң кол менен бир чапчып,
Күндү кармап алыпмын.
Сол кол менен бир чапчып,
Айды кармап алыпмын.
Оң колумда күн турат,
Сол колумда ай турат.
Күндү кармап имерип,
Ай ордуна салыпмын.

Акбалтанын түштү жоруганы:[2]

---

[1] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. 1-китеп. 44-46- бб.

[2] Ошондо. 44- 46 - бб.

Артык кырсык чечүүчү
Ушу бай Жакыптын түшү экен.
Жаратканга бу кыргыз
Жалбара турган иш экен...
Кара калмак манжуудан
Ажыратып алуучу
Бизге бир арстан бала табылат!
Үзүлгөнүн уланат,
Чачылганың жыйылат,
Өчкөн отуң тамылат,
Өлгөн жаның тирилет!..
Ай менен күндү кармасаң,
Балаң баатыр атыгып,
Баатырым Жакып угуп ал,
Он сегиз миң ааламдын
Сен туткасың кармаар экенсиң.

Кырк үйлүү кыргыздар Жакыптын көргөн түшүн жорутууга чакыртылат. Жогорудагы текстте Манастын төрөлүшү, ким боло тургандыгы алдын ала божомолдонот. Кишилер үчүн түштү жорутуу кадимки салттык жөрөлгөгө айланган. Мында тексттеги «өлгөн жаның тирилет» деген ыр сабы абдан маанилүү. Байыркы адамдын ишениминде жан өлбөйт, жан болгону кыйноолорду тартат. Теңирчилик дүйнө көрүүмүндө кишинин жаны өлбөйт, ал дайыма тирүү деп элестелет, жан активдүү башталма. Кыргыздарга азаттык, эркиндик болоор күн болочок баатырдын "жаны" аркылуу маалымдалат. Байыртадан бери кыргыз элинин менталитетинде «түш оңолбой, иш оңолбойт» деген терең ишеним калыптанып, жашап келет. Ааламдын туткасына адам баласы гана ээлик кылат. Манас элдин туткасы, тиреги болору боолгонот.

Көргөн түштү жооруган,
Акбалта асыл жан экен.
Акбалтаны коштогон,
Анда бир жылаңач бала бар экен.
Чын олуя, көзү ачык,
Тилге балбан Акбалта.[1]

Эпостогу салттык түш жорууда, түштү асыл жандуу ары олуя, сөз баккан адамдар жорушат. Алсак Акбалтаны, Бакайды, Каныкейди дайыма «жылаңач бала» коштоп, кыйын кырдаалдарда жардам келет. «Жылаңач бала» периште сындуу рухий жан. «Жылаңач бала» рухтун феномени б.а., түш рух кубулушу болгондуктан, көрүлгөн түш, сөздү чече алган асыл рухтуу акылман тараптын катышуусу менен түш жоруу актысы

[1] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. 1-китеп. 45 - бб.

аяктайт. Түштү туура жоруу ар кимдин эле колунан келе бербейт. Эпикалык түштөр "жылаңач баланын" катышуусу менен жорулуп, туура жорулса адамдын өңүндө ишке ашат. Айрым учурларда жогоруда аталган феномен адамдагы харизмалык касиетти коштоп, адамдардын тагдыр жолунун данакери, айтып берүүчүнү көз алдыга тартат.

Адамдын жаны дене менен биримдикте б.а. жансыз дене, денесиз жан жашай албаган сыяктуу, жан денеге кайдыгер мамиле жасабайт, келээр коркунучту же болоор кубанычты алдын ала эскертүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ошол эскертүүнүн таасири (түш көрүү) денени уйкудан ойготот. Түш көрүүнүн аткарган функциясы ак көңүл адамдын кызматындай, адегенде өзүнүн милдетин аткарып, адамга түш көрүүдө тоскоол болгон ар түрдүү ызы-чууларды басса, кийин айлана тегеректе ызы-чуу күчөй баштаганда алсызданып, адам ойгонуп кетет.[1]

Сүйүнүп жүрөк лакылдап,
Ошол кезде таманы жерге такылдап,
Башынан буу буркурап,
Ыйлап турду бай Жакып.[2]

Адам тыш тараптан ички жан дүйнөсүнө кирген рух күчтөрүнө таасирленет, ойгонгондон соң өзүнүн эркинен тышкары жана түшүнүксүз нерсеге (болум эмеске) өзүн ынанып тургандай сезет. Адам түшүнө күмөн санап же ага ынануу ишеними коштолсо, анда жакын арада көргөн түшүн жорутууга шашылат. Дегеле, кишилердин түш көрүүсү ар түрдүү жана ар кандай мазмунда болот.

Биз адамзаттын басып өткөн тарыхынан жана маданиятынан байыркы замандардан тартып эле атактуу чыгаан тарыхый инсандардын, аскер башчыларынын кол алдында жылдыз таануучуларды, түш жоруучуларды, төлгөчүлөрдү, дарыгерлерди ж.б.у.с. күтүшкөнүн жана аларга терең урмат-сый, ызаат көрсөтүшкөндүктөрүнөн кабардарбыз.

---

[1] Фрейд З. Психология безсознательного. Сборник. М.: 1989. С. – 342.
[2] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. 1-китеп. 52 - бб.

Орто кылымда жашаган атактуу даанышман жана акын Жусуп Баласагын 1069-1070 жылдары «Куттуу билим» дастанын жараткан. Жусуп илим-билим кенен арым таштап, маданиятты гүлдөп өнүгүп турган Күн Чыгыш ренессасынын өкүлү. Ойчул «Куттуу билимде» коомдогу даанышман, илим адамдарына, дарыгерлерге, түш жоруучуларга, жылдыз саноочуларга, дыйкандарга, соодагерлерге ж.б. кандай мамиле жасоо керектигин нускайт. Жусуп баба түш жоруучулар туурасында буларды айтат.

Дагы бир билгирлер бар түш жоруучу,
Көргөн түштү так жоруп айтат ушу...
Түштүн дагы жолу бар кудай тапкан,
Кур койбой кулдарына кылат аян.[1]
Илимде көп нерсени билүүң керек,
Ошондо түш жорууну даана билет.[2]

Даанышман Жусуп түштү туура жоруу адамдын өз алдынча акылынын ишмердүүлүгү экендигин, илимдүү адис гана аны туура чечмелерин белгилейт.

Кесир кылба бул түш деп, ашык сүйлөп,
Түштүн дагы түшүнөр жолдору көп.[3]
Кээде бир түш бирөөгө бийлик берет,
А башкага ал түштөн кырсык келет.[4]

Ыр сабында түш баалуулуктар дүйнөсүнө таандык экендиги баса көрсөтүлөт. Түш адамдын ички жан дүйнөсүнүн баалуу кымбатзаты. «Кесир» кылуу, этиятсыздык кылуунун аягы залал, кырсык менен аяктаары эскертилет. Мында эң башкысы түштү туура кабыл алуу, түшүнүү талаптары коюлат. Түш көрүү кудайдын адамга түшкөн жолу. Көрүлгөн түш ишке ашса адамга бакыт конот. Кудай жана адам мамилеси купуя сырдуу, кудай түш аркылуу көкүрөккө "түшүп", түш аркылуу адам жанынын болочок жолун көрсөтөт же ар нерсени эскертет.

---

[1] Жусуп Баласагын. Куттуу билим. М.: 1993. 335-б.
[2] Ошондо. 443.
[3] Ошондо. 443.
[4] Ошондо. 445.

Түштү жоруу түш жоруучунун терең акылын жана ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн талап кылуучу жогорку деңгээлдеги ойлом маданияты. Адамдын түшүнө ойлонулуучу нерселер «түшөт». Түштү жоруу демек, түштөгү «түшүнүмдөрдүн» маанисин адам болумунда аңтарып ачып берүү мүмкүндүгүнүн башталышы.

Медитациялык түштөр. Манастын көргөн түшү:[1]

Ай талаада келатып,
Ач албарс таап алыптыр,
Кара ташты чааптыр,
Балтыркан чапкан эмедей,
Кара таш кетти бүлүнүп,
Калдыраган боюнча
Коктуну кирди жемирип,
Берен Манас кылычты
Белине бекем чалыптыр,
Бир оокумда караса
Кылыч арстан болуп калыптыр.
Күн Чыгыш көздөй камынды,
Күркүрөп арстан чамынды.
Жолборстор тутту буйругун.
Арстанды көрсөң акыры,
Ажыдаар болуп кубулду.
Жакындап келген адамдын,
Жүрөгү оозго тыгылды,
Ажыдаар жүрдү аркырап,
Оп тартканда демине
Таш учуруп туш-туштан,
Кара шамал заркырап.
Ажыдаар кубулуп,
Асманга буудайык болуп учуптур.
Абалап бийик сызыптыр.
Асмандан келип буудайык,
Колуна кайта конуптур,
Манастын көөнү толуптур.

Манастын түш көрүүмүндө ач албарс кылыч - арстан - ажыдаар - буудайык болуп кубулат. Анын түшүн угуп олтургандар, баарысы бири-бирине карап жалдырап, жалгыз ооз сөз, оозго кирбей жоруй алышпай бири-бирин тиктешет. Бир оокумда козголгон алтымыш тил билген Ажыбай гана кеп баштап, баатырдын түшүн жоруйт.

Оңдоптур кудай ишиңди,
Колуңа берген турбайбы,
Күтүп жүргөн кишиңди,
Арстаным сенин өзүңө
Эми Алмамбет келип кошулат.[2]

Аталган текстте Манастын көргөн түшү медитациялык түшкө кирет. Байыркы Чыгыштын даанышмандары менен йогдор атайын көнүгүүлөрүндө, айрым адамга жомок

---

[1] Манас. Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант боюнча. 1-китеп. 227- б.
[2] Ошондо. 228-б.

көрүнгөнсүгөн Манастын түшүндөгүдөй образдарды баштарынан өткөрүшкөн. Көнүгүүдө буюм же жаныбарлардын образы башка бир жан-жаныбарга же табият кубулуштарына трансформацияланган. Мындай типтеги көнүгүүлөр «Дао образдары» же «Образдардагы ой жүгүртүүлөр» деп аталган.[1] Жогорудай түш көрүү чыгыш акылмандарынын өзгөчө көнүгүүсүн элестеткендиктен медитациялык деп атасак туура болчудай.

«Манас» эпосундагы эл достугунун берилишин манастаануучулар түрдүү мааниде түшүндүрүп келишет. Мисалы, Манас менен Алмамбеттин достугун алалы. Алмамбеттин Чыйырды эненин эмчегин эмиши өмүрлүк достукту бекемдөөчү кызматты гана аткарат. Чындыгында эле, күчтүү душмандар тарабынан келген жоокерди күмөн санабай эле достошуп, аны өмүрлүк дос деп атоого мүмкүнбү? Биздин пикирибизде, Алмамбетке болгон Манастын достугу, анын кереметтүү түш көрүүсүндө аян аркылуу алдын ала маалымдалат. Ошондон кийин гана башкы каарман өзүнүн ички туюмуна, жан дүйнөсүнө ишеними артып, Алмамбеттин келишине карата алдын ала даярдыктар көрүлө баштайт. Чыныгы достук адамдын жан-дене байланышынын анык далили, Алмамбеттин жаны медитациялык түш көрүү аркылуу Манаста, денеси Чыйырды эненин жөрөлгөсү аркылуу бир туугандаштырып, эки улуу элдин баатырлары эки дүйнөдө тең кыйышпас дос болушат.

Түштөн көргөн жолборсум,
Бул Алмамбет болот го.
Түпкүлүктүү жолдошум,
Алмамбет эмей ким деди.
Арстан эрди байкасаң,
Айтпай дебей билгени.[2]

Түш көрүү адамдагы кандайдыр бир күмөн саноону, шектенүүлөрдү жокко чыгаруучу адам инстинкттинин

---

[1] Лесняк Л. Медитация. Екатеринбург. 1992. С. -77-79.

[2] Манас. Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант боюнча. 1-китеп. 231 - б.

психологиялык абалы. Түш адамдын идеалдуу болмушун чагылдырса да, ал кийин адамдын өңүндө ишке ашкан мүмкүнчүлүктүн көрүнүшү. Мында «түш» - «өң» түшүнүктөрү адамдын жан дүйнөсүн түзүп, ал карама-каршы тараптар, бири-бирин өз ара толуктап турат. Мында «түш» жабык жандуулук (идеалдуу), «өң» ачык, адамдык реалдуулук. Бул карама каршылыктар өөрчүп өнүгүп, адамдагы адамдыкты түзөт. "Түш" жандын, "өң" дененин касиеттери, алар биримдикте адамдын жан дүйнөсүн түзүп, анын көңүлүн багыттап, адам болумун өзгөртүүгө түрткү болушат. Болмушта «түш» «өң» диалектикасы адамды максаттуу кыймыл аракеттерге алып келген күчтөр. Адам түшүндө көргөнүн, өңүндө ишке ашырууга белсенип, болумун курат. Демек «түш» «өң» түшүнүктөрү адамдын комплекстүү психологиялык инстинкттик табиятын чагылдырат.

Адамдын активдүүлүгүнө түрткү болгон түштөр. Орто кылымдагы тарыхый булактардын ичинен «Мажму ат-таварих», («Тарыхтар жыйнагы») аттуу эмгекте Манас баатыр жөнүндө биринчи жолу маалымат жазылган. Ферганалык Сайф ад-Дин Аксыкенти жана анын уулу Нооруз-Мухаммеддин «Тарыхтар жыйнагында» көптөгөн фантазиялуу, диний уламыштар менен катар эле IX-XV кылымдарда болуп өткөн тарыхый окуялар, фактылар чагылдырылат. Кол жазмада Манас эпостун каарманы эмес, тарыхта чыныгы болгон адам катары мүнөздөлөт. «Тарыхтар жыйнагында» Манастын түш көрүүсү да берилет.[1] Манастын жарааты күчөп, начарлай баштаганда бир түш көрөт. Түшүнө кажыр кирет жана да асманды жапкан көп кара каргалар учуп жүрөт. Алар айланып тегеренип турганда түштүктөн бир ылаачын келет да, кажырды бир тээп майкандап таштайт. Кузгундардын бирден башын алып ыргытып, жердин бетин толтуруп ийет. Андан кийин ылаачын Манастын башына конуп, адам кебетесине келип, Манастын жарасын сылайт да, мындай дейт: «.. ээ Манас

---

[1] Сайф ад-Дин дамулло Шах Аббас Аксикенти жана анын уулу Нурмухаммеддин «Тарыхтар жыйнагы». (Мажму атут-таворих). Б.: 1996. -61-б.

мен Айкожомун, ушул урушта сени менен бирге болгон элем. Жеңиш сен тарапта болгон. Сенин ушундай абалда калганыңды билип, жетип келдим. Эми жеңиш сенин атың менен болду. Муну айтып Айкожо ылаачын болуп учуп кетет». Каракожо Манастын түшүн жоруйт, анда Айкожонун арбагы келип, Манаска жардам бергенин айтып, биз жеңебиз дейт. Анан Айкожонун арбагына арналып куран окулат. Кийинки салгылашта Манас Жолойду найза менен сайып өлтүрөт. «Тарыхый жыйнакта» түш көрүүнүн сыры адамга болоор окуянын маалыматтын гана бербестен, башкы каармандын жараатын айыгышына таасир этет. Мында түш көрүү маалыматты жана күч кубат алуунун булагы катары кызмат аткарат. Текстте түштүн таасири ачык айтылат, түш болбосо айыккан баатыр да, жеңиш да болушу мүмкүн эмес экендиги баамдалат.

Семетейдин көргөн түшү:[1]

Түндө жатып түш көрүп, Көзүнөн жалын чачылып.
Бир көргөнүн үч көрүп, Көңүлү көпкө бөлүндү,
Семетей чочуп ойгонуп, Көңүлүндө жүргөн иш
Ок жылаандай толгонуп... Көз алдына көрүндү...

Семетейдин түшүнө Сыргактын, Көкчөнүн, Үрбүнүн, Алмамбеттин жана кырк чоронун казат майданында кыйналган «арбактары» көрүнөт. «Арбактар» козголуп, Семетейдин тынчын алып түшүнө кирет. Семетей түш көрүү аркылуу ар-намысы ойгонуп, тынчы кетет, кеткен кегин эстейт. Эң башкысы Семетейдин Коңурбайга каршы аттануусуна көргөн түшү түздөн-түз себеп, түрткү болот.

Манастаануучу М.Борбугуловдун пикири боюнча адам турмушунун сырдуу, түшүнүксүз нерселеринин бири, адам жаралгандан ушул күнгө чейин түш көрүү болуп эсептелет. Ал автор «.. айрым учурда реалдуу турмуш менен түштү бирдей нерсе катары карашат. Мисалы инди мифологиясында Варуна аттуу кудай сен эмне үчүн менин түшүмө киресиң деп,

[1] Манас. Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант боюнча. 3-китеп. 233-234 - бб.

күнөөсүз баланы жазалайт» деп белгилейт[1]. Маселен, «Семетей» эпосунда да ушуга окшош мотив кайталанат. Коңурбайдын жылкычысы Карагулга кызмат өтөгөн баланын көргөн түшү:[2]

Көргөн түшүн такылдап,
Карагулга өткөрөт:
«Кызыл буурул ат минип,
Кызыл чийки жаш жигит,
Кыраан салып жүрүптүр,
Коңурбайдын сур жылкы
Айдап алып жүрүптүр,
Кезиккенди күч менен,
Жайлап алып жүрүптүр»
Деп, ошентип айтканда,
Кыраан салып Карагул,
Боконосу болк этип,
Эт жүрөгү солк этип.
«Мындан киийн бул түштү,
Айтпагын деп кишиге.

Адамзаттын маданий кенчине айланган көркөм адабий чыгармаларда баланын образы аруулуктун жана тазалыктын символун берери белгилүү. Душмандар тараптагы баланын түшүндө Семетейдин кол баштап келе жатканы тууралуу маалымат берилет. Мында түш көрүүнүн кызматы, экинчи тараптын жоокерлерин сактанууга, коопсуздугун ойлоого түрткү болот. Кызматчы баланын түшү эмне үчүн коркунучтуу эле? Ал түш болоор чындык тууралуу маалыматка ээ. Карагулдун ачуусу келип, сен эмнеге кооптуу түштү айтасың деп, баланы сабай берип, акыры аны өлтүрөт. Жогоруда белгиленгендей бул түш түрү боюнча «кара түш» болуп эсептелет, анткени маалымат алган баланын башына түшкөн кырсык, балээ катары, анын башын алып тынат.

Айчүрөктүн көргөн түшү: [3]

Түндө жатып түш көрдүм
Түшүмдө шумдук иш көрдүм.
Канжыгадан баш көрдүм,
Кан сыяктуу жаш көрдүм
Кол көөкөрдө жаш көрдүм.
Сары өзөн көздөй сел жүрдү,
Аягы өйдө өрт куйду.
Ак жалбырак чалдыкты
Эр чалгыны эки кол,
Шалдайыңкы көрүндү.
Бул эмине болуучу?
Алчыланган Тайбуруул,
Жетеленип калыптыр.
Үстүндөгү ак олпок,
Бөктөрүлүп калыптыр
Ал эмине болуучу?

---

[1] Борбугулов М. «Манас» эпосу: башаттары, эволюциясы. Б.: 2004. -25 -б.
[2] Семетей. Манас эпосунун экинчи бөлүгү. 3-китеп. Ф.: 1959. 253 254 - бб.
[3] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. Ф.: 1984. 1-китеп. 10-б.

Айчүрөктүн түшү мүнөзүнө жараша «кара түш» алдыда болуучу жамандыкты, кырсыкты кабарлайт. Семетей жолго аттанып чыкканда, Айчүрөктүн жолун кесип чыкканына катуу жинденип, анын айткан түшүнө кенебестик кылат. Семетей Айчүрөктүн түшүнө маани бербестен өзүм билемдик мамилесин көрсөтөт. Түшкө маани бербөө Теңирин эстен чыгарууга тете көрүнүш, өңүндө болуучу коркунучтарды эске албоонун акыр аягы жамандыктар менен аяктайт. Окуянын андан ары жүрүшүндө түш көрүүгө туура эмес мамиле жасагандыктан Семетей Коңурбайдан жараланат, элдик салттык жөрөлгө боюнча Айчүрөк шашылыш чакыртылып, ал Семетейди аттап, баатыр аман калат.

Манасчылыкты аркалаган өнөр ээлеринин «Манас» айтып калуусу бүгүнкү күндө да коомчулуктун зор кызуугусун жаратып келет. Түш көрүүнүн сыры жана себептери, манасчылык өнөрдүн сыры окумуштууларды көптөн бери кызыктырып келе жатканы өзүнчө илимий түшүндүрмөгө ээ маселелерден. Алар «Манас» айтуучулуктун алгачкы кадамын түш көрүүгө байланыштырат, адатта түш көрүү, аян алуудан башталат. «Манас» изилдөөчү Самар Мусаев манасчылар туурасында: «... адатта чоң манасчылардан тартып чала манасчыларга чейин эпостун ар бир айтуучусу өз өнөрүн түш көрүү менен байланыштырышат, бирөөдөн үйрөнгөн эмес, түш көргөн үчүн гана Манасты айтып калдык»[1] деп аларга мүнөздүү болгон маданий кодду таасын белгилейт. Түш көрүү аркылуу өз чыгармачылыгын түшүндүрүү процесси жеке эле кыргыздардын манасчыларынын гана эмес, түрдүү элдердин эпос айтуучуларында кеңири жолуккан көрүнүш.

Албетте манасчылар өздөрүнө чейинки салттуу көрүнүштөрдү улантуу менен гана чыгармачылык табылгаларын кошору алдыда турган иш. Манасчылардын эскерүүлөрүндө түштөрүнө кирген Манас жана анын чоролору, акылмандары жана башкалар болочок манасчынын «жаны» менен кездешип, аларга буйрук катарында бизди элге айтып

---

[1] Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. Ф.: 1984. 1-китеп. 10-б.

жүрөсүң дешип, өздөрүн таанытат. [1] Болочоктогу манасчынын түшүнө кирген түштөрдүн өзгөчөлүктөрү «Манасты» айтып калуу менен эле чектелбестен, мурун жашап өтүшкөн манасчылардын социалдык турмушунун оңолушуна, оокат байлык күтүшүнө да таасирин тийгизген. Манастаануучулардын пикири боюнча манасчылар «Манасты» айтуу абалдарында транска чыгат.

Салттык жөрөлгөдө Манастын руху, болочоктогу манасчынын «жаны» менен түш көрүүмдө жолуккандан кийин гана алардын айтуучулук өнөрү башталат. Манастын руху айрым адамдардын руху менен түш көрүүдө жолукпагандыктан, алар эпосту арбытып айта алышпайт. Мында «түш» жана «өң» комплексинин күч аракети манасчыларды «Манас» айтууга түрткү болгон негизги күч. Манасчы түшүндө көргөнүн өңүндө аткарып, чыгармачыл таланты ачылып, манасчылык өнөрдү аркалайт.

Түш көрүү активдүү булак катары эпикалык каармандардын болумун эле эмес, кыргыз тарыхында реалдуу жашаган манас айтуучулук өнөрдүн жана манасчылардын "Манас"айтып калуусуна түрткү болгон жана боло берет. Коом эч качан манасчыларды даярдай алган эмес, Манастын улуу руху даярдап келгени талашсыз. Манасчынын ички жан дүйнөсү "Манас" феноменине аралашып, айрым учурларда алар менен аралашып жүргөнүн да сезбей калат. Өнөрүн рух дүйнөсү жеңет, ага баш ийип таасирленет. Ошондуктан "Манастын" чети оюлбайт, айлап жылдап, жарымы төгүн, жарымы чын жанында болгон киши жок, теңи төгүн теңи чын, теңтуштардын көөнү үчүн делип ооздон оозго, муундан - муунга ак булуттай көчүп айтылат. Айрым изилдөөчүлөр түш көрүү кубулушунун сырын, өзгөчөлүктөрүн көрө алышпагандыктан «жан» менен «дененин» карым катышына ишенишпейт, сенек же атеистче мамиле жасашкандыктан, "Манастын" жана манасчылык өнөрдүн көрөңгөсүнүн толук сыры ачылбай келе жатат.

---

[1] Алиев С. Кулматова Т. Манасчылар жана изилдөөчүлөр. Б.: 1995. 5 -156 бб.

Совет коомунда залкар манасчылардан кийин манасчылар чыкпайт, "Манас" кагазга толук түшүрүлүп бүттү деген Жобо айтылган. Буга баарыбыз толук ынанганбыз. Бирок Кыргызстандын эли азаттык, эркиндик алган жылдардан баштап эл арасында кут даарып "Манас" айткан жаштар көбөйдү. Биздин пикирибизде, манасчылар дагы чыгат, себеби Манас жердеген айтылуу Каркыра жайлоосу, Үзөңгү кууш азаттык алган элдин кайгысы катары, башка мамлекеттердин аймагына өтүп кетти. Кыргыздын жери үчүн, намысы үчүн Манастын жана эр жүрөктүү адамдардын каны төгүлгөн. Айкөл Манас урпактарын эми руху аркылуу коргоп жатат, жаш манасчылар улутка келе жаткан түрдүү коркунучтарды болоорун эскерткен байыркынын добулбасынын, коңгуроосунун кагылышы. Манасчылардын алдында башыңды ийип өт Манастын урпактары.

Адамдын ички жан дүйнөсүндөгү түш көрүү, адамдын өз аң-сезимине баш ийбеген иррационалдык бейаң кубулуш. Эпостогу адамдын жан дүйнөсүндө түш көрүүнүн жүрүшүндө жан менен дене, түш менен өң, бейаң менен аң-сезимдин байланышы жана карым катнашынын психологиялык табияты бүтүндүктү камтыйт. Адам болмушунда «түш» «өң» комплекси анын жашоосун коштоп, кишини кыймыл аракетке келтирген руханий улуу күч.

Эпикалык адамдын жан дүйнөсүнүн эпистемологиялык мааниси, өзгөчө түш көрүүсү психологиялык, эстетикалык табиятка ээ болуп, түш адамдын ички жан дүйнөсүнүн башкы баалуулуктарын түзөт. Түш көрүүнүн адам болмушундагы орду, анын кызматы жандын мүдөөсүн аныктап, адамды сактыкка чакырып, адамдык дүйнөкөрүүмдүн кызматын аткарат. Түш көрүүнүн башкы кызматы адам рухун уюштуруп, анын түз багытын аныктап, адам өмүрүнүн коопсуздугун компенсациялайт. Рухий болмуш коомдук турмуштун өсүп-өнүгүшүн жандуу коштоп, адамдагы адамдыкты түзөт.

"Манас" эпосу кыргыздардын тарыхый-маданий эстелиги катары калктын башынан өткөргөн мүшкүлдүү кыйын кезеңдерин чагылдырат, мында коомдук Сынак-чакырыктар мезгилдин өзгөрүүсүнө байланыштуу, тышкы же ички кырдаалдын түзүлүүсү, анын белгилүү багыт, кыймыл боюнча өнүгүшүн билдирет. Жооп - этностун, кишинин социомаданий кырдаалга кайтарган руханий күч кубатынын кыймылы. Коомдук Сынак-чакырыктын жана Жооптун обьективдүү процесси тарыхтын жүрүшүн жана адамдын типтерин да аныктайт.

Кылым карыткан кыргыз болмушунда эпикалык каарман, тарыхый инсан Манас элди болмуштун түмөн түйшүгүнөн куткарган баатыр, адам феномени. "Манас" адам болмушунун архиви, архетиви жана символу.

Эпостогу болмуш кырдаалдарында каармандардын калк алдында парз, милдеттерин аткарышына жараша адам типтери «акылман адам», «айкөл адам», «эр жүрөктүү адам», «баскынчыл адам» делип эпикалык формада сүрөттөлөт. Калайык калкты ким баштайт? деген мыйзамдуу суроонун коюлушу коомдо жетик адамды жаратууну, өстүрүүнү туюнтуп, мындай жетик адамдар гана болмушун толук ачып, мамлекеттүүлүктү кура ала тургандыгы баяндалат.

Жетик адам Сынак-чакырыктарда болмушун ачкан эр жүрөктүү адамды билдирсе, жетесиз адамдар - турмуштук кыйын кырдаалдарда инсандык жактан жетилбеген, өмүрүн сандыractыкта, дайынсыздыкта өткөргөн атуулдардын тобу. Коомдогу мындай карама - каршы топтор, Сынак-чакырыктарга болгон Жооптун жүрүшүндө жетик Манастын айланасына биригип, болмуштун өзгөрүшүнө кыймыл, түрткү берип, адам болмушу уюштурулат. Ошентип адамдын рухий керектөөсүнүн бөксөрбөс азыгына айланган "Манас" эпосундагы адам болмушунун сырынын чечмелениши, анын жаш муундардын рухий дүйнөсүндө байуусу, жаңылануусу жана алардын рухий дүйнөсүнүн ажырагыс касиетине

айландыруу, коомдун өсүп - өнүгүшүндө жаңы руханий күч кубатты жаратат.

"Маната" эр адамдын милдети бардык аракетин үй-бүлөсүнө, эли-журтуна кашыктай канын, чымындай жанын эч аябастан аткаруу болмушун толук ачкан катары аңдалып, болмушу ачылган кишинин жаны Теңирге тең татыктуу делип, алардан жашоонун маңызын көрүшкөн.

Байыркы жана орто кылымдардагы жашаган кыргыздар кылымдар бою болмушун "Манас" аркылуу ачып келишкен. Дегеле түпкү тарыхынан, руханий баалуулуктарынан ажыраган эл, өгөй болмушту ээрчип, башкаларды туурап жашайт. Андай адашууларда адамдын болмушу толук ачылбай, кийинки муун турмуш өтөлгөсүнө жете албайт. Муундар арасындагы руханий баалуулуктарды кайталап «өндүрүү», аны жандандыруу, биздин атуулдук милдети аныктап Айкөл Манастын тарыхый болмушуна карап калыптанып, түздөнүп коомдогу адамдык болмушту толук ачуу зарыл жана маанилүү иш.

Азыркы кыргыздар Көктө Теңири, Жерде Мекени Кыргызстан, Жүрөктө Айкөл Манасы бар адам болмушунун ээлери. Замандын талабына ылайык муундардын ортосундагы адам болмушунун үзүлгөнүн улап, чачылганын жыйноону түшүн, улант жана аткаруу. Даңктуу бабалардын өрнөгүн улап, тарыхый болмушуңду таап, «Манастай» өз болмушуңду толук ачуу зарыл! Бул кыргыз философиясынын чакырыгы жана тарыхый мезгилдин талабы. Адам болмушу адам аркылуу гана ачылат.

МАЗМУНУ

Алгы сөз **3**

I бөлүм. Адам болмушун философиялык изилдөөнүн методологиялык маселелери **5**

1.1. «Манас» эпосундагы адам болмушун философиялык чечмелөө 5

1.2. Эпостогу «дүйнө элеси» жана адам болмушу 33

II бөлүм. Адам болмушу **54**

2.1. Адамдын дайындалышы 54

2.2. Адамдын жан дүйнөсү 89

Корутунду **108**

Мазмуну **110**

Иманалиев Сыдык Садырбаевич

«Манас» эпосундагы адам болмушу

Форматы: 60×84 $^{1}/_{16}$. Офсет кагазы.
Көлөмү: 7 б.т. Нускасы: 300

«Maxprint» басмасында басылды.

ИЗДАТЕЛЬСТВО MAXPRINT БАСМАСЫ

Адрес: Бишкек шаары, Курманжан Датка көчөсү 207
Тел.: (+996 312) 48-31-85
e-mail: maxprint@mail.ru



Иманалиев Сыдык Садырбаевич

«Манас» изилдөөчү, отуздан ашык илимий макалалардын автору. Кыргыз улуттук университетинин тарых факультетин бүтүргөн. С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин «Тарых, философия жана мамлекеттик башкаруу» кафедрасынын башчысы, философия илимдеринин кандидаты, доцент.

Кыргыз элинин тарыхый жана маданий мурастары, философия, мамлекеттүүлүк, улуттук идея жана манастаануу багытында эмгектенген окумуштуу.